88.840 (кыр)
Ж1-79

Жолдошева А.О.

Кожомбердиева К.М.

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ПСИХОЛОГИЯНЫН ПРАКТИКУМУ

(окуу – методикалык колдонмо)

Ош – 2004

88.840(кыр)
Н-79

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ФИЛОСОФИЯ ЖАНА БАШКАРУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ФАКУЛЬТЕТИ

# *Педагогикалык психологиянын практикуму*

(окуу – методикалык колдонмо)

2796 8374
БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 880939

Ош - 2004

ББК 88.4я73
П -69

Окумуштуулар кеңешинин чечими менен чыгарууга сунуш этилди.

Рецензенттер: Психология илимдеринин кандидаты, доцент
А.З. Закиров,
Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Миңбаев К.М.

**А.О. Жолдошева, К.М. Кожомбердиева**
П -69 **Педагогикалык психология курсу боюнча методикалык материалдар:** Жогорку окуу жайлардын мугалимдери жана студенттери үчүн окуу методикалык колдонмо. – Ош: «Билим», 2004. – 116 б.

ISBN 9967-03-199-9

Бул методикалык окуу колдонмодогу интерактивдүү методдор студенттердин педагогикалык билгичтиктерин, ык машыгууларын калыптандырууга багытталган.

Окуу методикалык колдонмонун өзгөчөлүгү сабактардын комплекстүү мүнөздө түзүлгөндүгү, анда психологиялык кырдаалдар, тренингдер, миниатюралар, диспуттар, окутуунун жаңы формасы жана сынчыл ойломду өстүрүүнүн негизинде түзүлдү.

Бул окуу методикалык колдонмо ЖОЖдун окутуучулары, студенттери, мектеп мугалимдери жана тарбиячылар үчүн сунуш кылынат.

П 4108110000-03 ББК 88.4я73

ISBN 9967-03-199-9
© А.О. .Жолдошева,
К.М. Кожомбердиева, 2004

# КИРИШ СӨЗ

Коомдун өсүп өнүгүшүнө карата багытталган жалпы билим берүүнүн реформаларын негизги иш жүзүнө ашырууда айрыкча кесиптик окуу жайларда кадрларды даярдоодо психологиялык билимдердин ролу өсүп жаткандыгын айгинелейт. Бул окуу методикалык куралда педагогикалык психологиянын практикалык тапшырмалары жана негизги проблемалары ачылган. Аны жайылтууда психолого-педагогикалык каражаттар, интерактивдүү методдор жана түрдүү формада окутуунун тарбиялоонун жолдору көрсөтүлгөн.

«Педагогикалык психологиянын практикуму» педагогикалык психологиянын программасынын структурасына ылайык түзүлдү (тарбиялоонун психологиясы, окутуунун психологиясы, педагогикалык ишмердүүлүктүн структурасы). Ар бир темага кеңири методикалык көрсөтмө берилген, анда студенттерди активдештирүү, өз алдынчалыгын уюштуруу максатында семинардык жана практикалык сабактардын планы, адабияттары кеңири иштелип чыкты.

Практикалык сабактардын планында студенттердин билимин текшерүү, бышыктоо боюнча методологиялык жана теориялык суроолор түзүлгөн. Бул теориялык-методологиялык суроолордун негизинде докладдардын, рефераттардын, курстук иштердин планы, адабияттары сунуш этилди.

Мындай окутуунун формалары студенттердин өз алдынча иш алып барууларын тереңдетет жана анын негизинде педагогикалык психологиянын принциптери иш жүзүнө ашырылат.

Ошондой эле колдонмодо психологиялык тапшырмалар, психологиялык кырдаалдар, тренинг, минатюралар, диспуттардын түрдүү формада берилиши студенттердин чыгармачылык өз алдынчалыгын активтештирип психологиялык билимдерин, ык машыгууларын, билгичтиктерин калыптандырат. Анан да студенттер окуучулардын психологиялык өнүгүүсүнүн диагностикалык билим деңгээлдерин калыптандырууга багытталат да, балдардын жекече психологиялык сапаттарын билүүгө, окуу тарбиялоо процессинде кездешкен кыйынчылыктарды жоюуга жардам берет. Ошондуктан бул практикумда окуучуларды психологиялык жактан үйрөнүүнүн методоруна көңүлдүн бурулуусу эске алынат.

Бул окуу методикалык курал күндүзгү жана сырткы бөлүмдүн студенттери үчүн жана мектеп мугалимдери, тарбиячы, методисттер үчүн о.э. педагогикалык психологиянын практикалык областын кеңейтүүгө кызыккан атуулдарга сунуш кылынат.

**1 – сабак.**
**1- семинардык сабак.**

**Тема.** Педагогикалык психологиянын предмети, милдеттери жана методдору. (2 саат)

**Максаты.**

1. Педагогикалык психологиянын илим катары өзгөчөлүгүн аныктоо, анын предметин жана милдеттерин так белгилөө.
2. Педагогикалык психологиянын жалпы жана атайын методдорун көрсөтүү.
3. Педагогикалык ишмердүүлүктө психолого-педагогикалык билимдердин баалуулуктарын далилдөө.

**Сабактын жүрүшү.**

**I. Текшерүү үчүн суроолор.**

1. Педагогикалык психологиянын предмети.
2. Педагогикалык психологиянын милдеттери.
3. Окуу предмети катары педагогикалык психологиянын структурасы.
4. Педагогикалык психологиянын методдору.
   а) жалпы методдор.
   б) атайын методдор.
5. Педагогикалык психологиядагы үйрөнүүнүн негизги теориялары.

**II. Студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар.**
**Адабияттарды талдап чыгуу жана конспектилөө.**

1. Психология основы формирования личности в педагогическом процессе. - М. Педагогика, 1981.
2. Крутецкий В. А. Основы педагогической психологии. - М.,1984.
3. Вопросы педагогической психологии в трудах зарубежных и российских психологов. Журнал "Вопросы психологии", 1991.

**III. Реферат жана докладдардын темалары.**

1. Психолого-педагогикалык эксперимент жүргүзүүнүн методикасы.
2. Психолого-педагогикалык тесттерди жүргүзүү.
3. Билим берүү - педагогикалык психологиянын глобалдуу обьектиси.

## IV. Студенттердин өзүн-өзү текшерүүсү үчүн суроолор.

1. Педагогикалык психологиянын предмети курак психологиясы предметинен эмнеси менен айырмаланат?
2. Педагогикалык практикада кандай изилдөө методдорун колдонуу сунуш кылынат?
3. Педагогикалык психологиядагы тесттердин мүнөздүү салты эмнеге негизделген?
4. Азыркы коомдун өнүгүү этабындагы билим берүүнүн милдеттери менен педагогикалык психологиянын милдеттери шайкеш келеби?
5. Психологиянын дифференциялануусунун негизинде кандай негизги структурадан педагогикалык психология тармак катары бөлүнүп чыккан жана эмне үчүн?
6. Педагогикалык психологиянын үч структурасы (түзүлүшү) эмнеге негизделген?

### Адабияттар


1. Айсмонтос Б. Б. Педагогическая психология. Владос, 2002.
2. Басова Н. В. Педагогика и практическая психология. Ростов-на-Дону, 2000.
3. Под ред. А. В. Петровского: Возрастная и педагогическая психология. - М., 1983.
4. Гинецианский В. И. Основы теоретической педагогики. - Санкт-Петербург, 1992.
5. Крутецкий В. А. Основы педагогической психологии. - М., 1972.
6. Курс общей, возрастной и педагогической психологии. Вып. 3. Под ред. В. М. Гамезо, 1982.
7. Петровский А. В., Ярошевский М. Г. История и теория психологии. - М., 1996, Т. 1.
8. Смирнов С. Д. Педагогика и психология высшего образования: от деятельности к личности. -М., 1995.
9. Талызина Н. Ф. Педагогическая психология. - М., 1998.
10. Якунин В. А. Педагогическая история. -Санкт-Петербург, 1998.
11. Миңбаев К. М. Курак жана педагогикалык психология. -Ош, 2000.
12. Столяренко А. М. Психология и педагогика. - М.,2001.

**2 - сабак.**

**1 - практикалык сабак.**

**Тема.** Окутуу психологиясынын негизги түшүнүктөрү. (2 саат)

**Максаты:**

1. Студенттерге педагогикалык психологиянын структуралык биримдиги болгон "Окутуу психологиясынын" маанисин жана өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү.
2. Студенттердин психологиялык билимдери үчүн "Окутуу психологиясынын" түшүнүктөрүн киргизүү: окуу, окуу иш-аракети, окутуу, үйрөнүү.
3. Үйрөнүүнүн түрлөрүн жана механизмдерин аныктоо.

**Сабактын жүрүшү.**

**I. Текшерүү үчүн суроолор.**

1. **Окуу, окутуу, окуу иш аракети, үйрөнүү сыяктуу теориялык түшүнүктөрдү салыштыруу. Бул түшүнүктөрдүн жалпы жана айырмаланган белгилерин аныктоо.**
2. **Үйрөнүүнүн түрлөрү.**
3. **Үйрөнүүнүн механизмдери.**
4. **Үйрөнүүнүн натыйжалуулугун аныктоочу факторлор.**
5. **Үйрөнүү менен өнүгүүнүн байланышы.**
6. **Үйрөнүүнүн азыркы мезгилдеги концепциялары.**

   **а) Билим, ык, акыл иш-аракеттеринин тепкичтүү өнүгүү теориялары. ( Л. В. Гальперин).**

   **б) Окуучулардагы илимий түшүнүктөрдү калыптандыруу теориялары (В. В. Давыдов).**

   **в) Проблемалуу окутуу теориясы (Л. В. Занков)**

**II. Студенттердин өз алдынча изилдөө иштери үчүн темалар.**

1. **Мугалимдин окуу иш-аракетин оптималдуу уюштуруусунун психологиялык шарты.**
2. **Окуучунун окуу иш аракетин оптималдаштыруунун психологиялык шарты.**
3. **Окуучулардагы үйрөнүүнүн жана психикалык өнүгүүнүн ортосундагы байланыш.**
4. **Үйрөнүү ата-мекендик жана чет элдик авторлордун жалпы жана ар түрдүү теорияларындагы камтылышы.**

**III. Адабияттарды талдоо жана конспектилөө.**

1. Давыдов В. В. Основные проблемы развития мышления в процессе обучения. /Хрестоматия по возрастной и педагогической психологии. -М., 1981.
2. Занков Л. В. Обучение и развитие. /Хрестоматия по возрастной и педагогической психологии. -М., 1981.
3. Матюшкин А. М. Теоретические вопросы проблемного обучения. -М., 1981.
4. Гамезо М. В., Герасимова В. С., Горелова П. П., Орлова Л. М. Возрастная психология. -М., 2002.
5. Столяренко А. М. Психология и педагогика. -М., 2001.

**IV. Психологиялык тапшырмаларды чечмелөө.**

**1 - тапшырма.**

Мугалим адабий окуу сабагында окуучулар менен биргеликте алиппе китебин окуп жатат. Алиппенин эң акыркы бетиндеги көлөмү анча чоң эмес аңгемени окуп бүткөндөн кийин, мугалим төмөндөгүдөй сунуш киргизди: -- Эми кийинки беттеги аңгемени окуйбуз!

Окуучулар: -- Китептин башка бети калган жок да?

-- Кандайча калган жок?

-- Биз китепти окуп бүттүк!

-- Биз китепти окуп бүттүк! - окуучулар жардана үн салышты.

-- Анда китепти жабабыз... Келгилечи эми сүйлөшөлү, бул китеп силерге эмнелерди үйрөттү?

-- Бул китеп бизге окуганды жана жазганды үйрөттү.

--Эне тилибизде так сүйлөөгө үйрөттү! Достошууга үйрөттү!

-- Ата-энебизди сыйлоого, сылык болууга үйрөттү!

--Алиппени окуу биз үчүн көңүлдүү жана кызыктуу болду!

Эми башыңарды китебиңерге койгула! Көзүңөрдү жумгула! - деп, мугалим үнүн басаңдатты.

-- Силер өзүңөрдүн алгачкы китебиңерди аябай жакшы көрүп калганыңарды байкадым, чындыгында эле ушундайбы?

-- Ооба, - дешет балдар.

--Эми силер ага эң жакшы сөздөрүңөрдү, каалоолоруңарды айткыңар келип жаткандыр?

-- Ооба, - деп шыбырашат балдар.

--Анда ойлонуп көргүлөчү, ага кантип ыраазычылыгыңарды билдиресиңер?

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Бул кырдаалда мугалим кандай педагогикалык маселени чечти?
2. Жогорудагы көрүнүштөн үйрөнүүнүн кайсы концепциясы демонстрацияланды?
3. Бул көрүнүшкө окуу иш аракетине байланышкан кайсы термин дал келет?
4. Сабакта педагогикалык өз ара карым-катнашты уюштурууда мугалим тарабынан кандай мыйзам ченемдүүлүк сакталды?
5. Сабакта мугалим тарабынан окуучуларга үйрөнүүнүн кандай механизмдери колдонулду?

**2 - тапшырма.**

Сабак жүрүп жатат. Берилген маселени чечүү үчүн класстагы 8 окуучу өздөрүнчө бир ыкманы тандашты, ал эми 15 окуучу башка ыңгайлуу жолду тандап алышты. Мугалим баарынан да ар бир окуучунун ой жүгүртүүсүн байкаштырып, маселенин чечилүүсү үчүн жолдорду гана талдап бербестен, айрым окуучулардын кетирген каталарынын үстүнөн иштөөнү көзөмөлдөп, өз алдынча жаңы жолдорду тапкандарды улам колдоп турат. Окуучуларынан шаңдуу айтылган: "Мен түшүндүм! Маселени башкача жол менен да чечсек болот экен!"-деген кубанычтуу үндөрдү угуу мугалим үчүн эң эле чоң кубаныч жана сыймык болуп калды.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Сабактын ийгиликтүү болушуна эмнелер кызмат кылды?
2. Сабакта кандай педагогикалык тапшырмалар коюлду жана чечилди?
3. Мугалимди баарынан да эмне тынчсыздандырды? Эмне кубантты?
4. Окуучулардагы психикалык өнүгүүнү камсыздоо үчүн мугалим эмне кылуусу зарыл?
5. Бул фрагментте үйрөнүүнүн кайсы концепциясы демонстрацияланды?

**3 - тапшырма.**

Үйрөнүүнүн үч концепциясынын ичинен бирөөсүнүн негизги шартын чагылдырган педагогикалык кырдаалды түзгүлө.
(Давыдов В. В., Гальперин П. Я., Занков Л. В.)

## Адабияттар


1. Айсмонтос Б. Б. Педагогическая психология. -М., Владос 2002.
2. Басова Н. В. Педагогика и практическая психология.

-Ростов-на-Дону 2000.
3. Зимняя И. А. Педагогическая психология. -М., 1998.
4. Брунер Д. С. Психология познания: за пределами непосредственной информации. -М., 1977.
5. Давыдов В. В. Учебная деятельность: состояние и проблемы исследования. /Вопросы психологии. - 1991.
6. Калмыкова З. И. Продуктивное мышление как основа обучаемости. -М., 1981.
7. Клаус Г. Введение в дифференциальную психологию учения. -М., 1987.
8. Стоунс Е. Психопедагогика. Психологическая теория и практика обучения. - М., 1984.
9. Талызина Н. Ф. Педагогическая психология. -М., 1998.
10. Эльконин Д. Б. Психология обучения младшего школьника. -М. 1974.
11. Якунин В.А. Педагогическая психология. – Санкт-Петербург, 1998 г.
12. Якунин В. А. Психология учебной деятельности студентов. -М., 1994.

**3 - сабак.**

**2 - практикалык сабак.**

**Тема.** Окуу иш-аракети. (2 саат)

**Максаты.**

1. Окуунун психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн кийинки муундардын тажрыйбасына багыттоодо материалдык жана руханий маданиятына камтылган адамдын өз алдынча таануу иш-аракетинин өзгөчө формасы катарында ачып көрсөтүү.
2. Окуу иш-аракетинин структуралык компоненттерин жана каражаттарын аныктоо.

**I. Текшерүүчү суроолор.**

1. Окуу иш-аракетинин маңызы.
2. Окуу иш-аракетинин каражаттары жана ыкмалары.
3. Окуу иш-аракетинин структурасы.
4. Мотивация - окуу иш-аракетинин биринчи структуралык компоненти.
5. Окуу иш-аракетинин мазмуну жана жыйынтыгы.
6. Окуу ишмердүүлүгүнүн структурасында окуу иш-аракети кандай түрлөргө ажырайт?

7. Текшерүү, мугалимдин баалоосу, өзүн-өзү текшерүү жана окуучунун өзүн-өзү баалоосунун ортосунда кандай байланыштар бар?

**II. Рефераттар жана докладдардын темалары.**

1. Окуу иш-аракетинин структурасында окуу маселесинин өзгөчөлүктөрү.
2. Окутууга коюлган психолого-педагогикалык талаптар.
3. Окуучулардын билимдерди өздөштүрүүдөгү окууга коюлган психолого-педагогикалык талаптар.
4. Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун формалары.

**III. Студенттердин өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар.**
**Адабияттарды талдоо жана конспектилөө.**

1. Кабакова-Меллер Е. Н. Учебная деятельность и развивающее обучение. -М., 1981.
2. Давыдов В. В. Учебная деятельность: состояния и проблемы исследования. Вопросы психологии. -М.,1991.
3. Формирование учебной деятельности школьников. Под ред. В. В. Давыдова. -М.,1982.

**IV. Психологиялык тапшырмаларды чечүү.**

**1 - тапшырма.**

Психология илими окуучунун личностунун ар тараптуу өнүгүүсү үчүн анын өз алдынча үйрөнүүсү, терең билимге жана коомдук пайдалуу эмгекке болгон аракетинде чечүүчү ролду ойнойт деп далилдейт. Окуучунун социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүүсү, айлана-чөйрөнүн чындыгына жана үйрөнүүнүн субьектиси катары өзүнө болгон аң сезимдүү мамилесине, ошондой эле анын личностуна багытталган коомдук табияттын эмгек аркылуу чагылуусуна байланыштуу болот.

Төмөндөгү авторлордун пикирлерин окуп чыгып, суроолорго жоопторду бергиле. Жумушчу Л. Быков Ч. Айтматовдун (1981-жылкы 2-сентябрында №36) "Литературная газетага " жарыялаган "Дефицит... человечности?" деген статьясына жазган сын пикиринде мындай деп жазат: "Мындан бир нече жыл мурун меши жок үйдө жашап калдым. Болгону электр жылыткычы менен жылытчумун. Ошондуктан электр жылыткычын даярдоого туура келди. Качан ган жылыткычка спиралдарды орой баштаганымда, кошунабыздын сегиз жашар баласы жаныма келип карап тура берчү... Ал мага жардамдашып үйрөнүп алгандан кийин, ага бул жумуш өтө жагып калды. Бирок бала бул нерсени менден үйрөнгөндөн кийин, анын айтканы мени аябай таң калтырды: "Лева байке, мен сизге бардык

спиралдарды түрүп берем, а сиз ар бирине 2 сомдон төлөп турасыз..." Баладагы мындай ой кайдан пайда болду? Ал кандай максатта пикирин билдирди?. Бул бала чоңойсо ким болот?".

**Суроолор:**

1. Айткылачы, балада үйрөнүүгө болгон керектөөчүлүк мамиле кандайча пайда болду?
2. Окуучу жакшы билим алуусу үчүн анда кандай сапаттарды тарбиялоо зарыл экендигин далилдегиле?
3. Баладагы үйрөнүүнүн психологиялык закон ченемдүүлүктөрү кантип калыптанат?

**2 - тапшырма.**

Психологддордун изилдөөлөрүнө таянсак окуучунун өз бет алдынча таануу иш-аракети өзүнчө өзгөчөлүккө ээ экендигин далилдешет. Бул өзгөчөлүк баарынан мурда жаңы маалыматтарды кабыл алуудагы түшүнүктөрдүн (билимдердин) алдын-ала өздөштүрүлүшүнө жана ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнө, окуу маселесин аткаруудагы өздөштүргөн билимдерди колдоно билүүсүнө жараша пайда болоорун көрсөтүшкөн.

Төмөндөгү окуучулардын окуу иш-аракетин, окуу маселесин чечүүдөгү кетирген каталарын чагылдырган маселелерди кунт коюу менен карап чыгыңыз жана ага карата пайда болгон суроолорго жооп бериңиз.

**Биринчи маселе**

5-класста география сабагында "Суу бөлүктөрү" деген теманын үстүндө мугалим түшүндүрүп жатат. Мугалимдин түшүндүрүүсү китепте сүрөттөлгөн бийик эмес дөңсөөдөн бири-бирине карама - каршы багытта агып келген эки дарыянын бир көлгө куюшунан пайда болгон анчалык чоң эмес суу бөлүгү тартылган сүрөткө негизделген. "Башкы Памир тоо кыркалары суу бөлүктөрү болуп саналабы?" - деген суроого кээ бир окуучулар: "Суу бөлүктөрү - булар жөн эле дөңсө же бийиктиктиктен агып түшкөн суу куймалары, ал эми Памир тоо кыркалары - булар абдан чоң, бийик тоолор"- деген жоопторду айтышкан.

**Экинчи маселе**

Математика сабагында "коэффициент" түшүнүгү тааныштырылууда. Мугалим: "Бир канча жолу кайталанган туюнтмалардын суммасынын жыйынтыгында пайда болгон сан коэффициент"-деп түшүнүү керектигин айтып, төмөндөгү мисалды келтирет:

$$(a+в)+(a+в)+(a+в)(a+в)= 4(a+в)$$

Андан кийин өтүлгөн материал бир канча атайын көнүгүүлөр менен бышыкталат. Текшерүү үчүн берилген суроолорго окуучулар туура жоопторун беришти.

Бир канча убакыттардан кийин "даража көрсөткүчү" түшүнүгү тааныштырылып калды. Бир канча жолу кайталанган туюнтма түрүндөгү көбөйтүндүнүн жыйынтыгын көрсөткөн сан «даража көрсөткүчү» экендиги айтылды. Мисалдар келтирилип, иллюстрацияланды.

$$A * A * A = A^3$$

Окуучулар мындай мисалдарды аткарып жатышканда кыйынчылыктарга дуушар болушкан жок. Бирок качан гана коэффициенттен кийин даража көрсөткүчтөрүнө келтирилген мисалдарга өтүшкөндөн кийин төмөндөгүдөй типтеги каталар кездеше баштаган:

$$A * A * B * B * = 2 A * 2 B$$

**Үчүнчү маселе**

Физика курсундагы негизги түшүнүктөрдүн бири бул "салмак". Бардык нерсе физикалык мазмуну боюнча күчкө ээ болот, ошондуктан кандай гана тело болбосун жерге карай тартылуу күчүнө ээ. Ушуга байланыштуу берилген окуу материалын үйрөнүү учурунда бардык телонун салмагы болооруна, жерге тартылып туруу күчү менен жерге түшүүсүнүн ортосунда, о.э. "салмак" түшүнүгү менен "күч" түшүнүгүнүн ортосунда байланыш бар экендигине көңүл бурулат.

Бул түшүнүктөр өздөштүрүлүп бүткөндөн кийин окуучулар төмөндөгүдөй аныктамаларды беришкен:

Азимов Г: "Кандайдыр бир нерсени алалы да, анын салмагын тартып көрөлү. Салмактын бирдиктери болуп - грамм, килограмм, тонна эсептелинет. Тело канча грамм, килограмм же тоннага ээ болсо, бул анын салмагы".

Бакиров Э: "Салмак - бул телону жерге тартып турган күч. Эгерде таразага тараза ташын бир жагына, экинчи жагына телону коюп тартып көрө турган болсок же телону колубузга алып көрсөк, колубузду анын салмагы басып турарын жана оордугун сезебиз".

Камчиев Н. "Телонун салмагы - бул аны жерге тартып турган күчү. Биз ар бир телонун белгилүү бир салмагы болоорун билебиз. Муну биз качан гана салмактаганыбызда көрөбүз. Эгерде салмакты билүүгө туура келсе, салыштырма салмагын көлөмүнө көбөйтүп коюу жетиштүү. Менин дагы бир нерсе эсимде бар: Кандай гана тело болбосун анын оордук күчү бар, ошол оордук аны жерге тартып турат."

**Суроолор:**

1. Ар түрдүү кырдаалдарда окуучулардын акыл иш- аракетинин психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жана мугалимдин берген суроолоруна жооп берүүдөгү кездешкен кыйынчылыктарын түшүндүрүп бергиле.
2. Окуучулардын окуу маселесин туура эмес аткаргандыктары эмнеге байланыштуу? Анын себептерин аныктагыла.

**V. Курстук иштердин темалары.**

1. Окутуудагы окуу иш -аракетинин мотиви.
2. Окуу ишмердүүлүгүндөгү личносттук, эрктик жана эмоционалдык абалдардын өз ара байланышы.

**Адабияттар**


1. Андреева Г. М. Социальная психология. -М., 1978.
2. Балл Г. А. Теория учебных задач: психолого - педагогический аспект. -М., 1990.
3. Давыдов В. В., Ломпшер И., Маркова А. К. Формирование учебной деятельности школьников. -М., 1982.
4. Давыдов В. В., Проблемы развивающего обучение. -М., 1986.
5. Ильясов И. И. Структура процесса учения. -М., 1986.
6. Столяренко А. М. Психология и педагогика. -М., 2001.
7. Талызина Н. Ф. Педагогическая психология. -М., 1998.
8. Талызина Н. Ф. Теоретические проблемы програмированного обучения. -М., 1969.
9. Щадриков В. Д. Психология деятельности и способности человека. -М.,1996.
10. Якунин В. А. Педагогическая психология. -М., 1998.
11. Якунин В. А. Психология учебной деятельности студентов. -М., 1994.
12. Психология Педагогика Этика. Под. ред. Ю. В. Ноумкина -М., 2002.


**4 – сабак.**

**3 - практикалык сабак.**

**Тема:** Тарбиялоо психологиясынын негизги түшүнүктөрү. (2 саат)

**Максаты:**

1. Тарбиялоо психологиясынын методологиялык проблемаларын карап чыгуу: предмети, методдору, каражаттары, ыкмалары.
2. Личносттун калыптануусундагы тарбиялоонун маанисин студенттерге ачып көрсөтүү.

3. Личностту социалдык чөйрө менен болгон өз ара карым катнашта, ишмердүүлүктө калыптандыруу.
4. Студенттерди тарбиялоонун навыктарына калыптандыруу.

**Сабактын жүрүшү:**

**I. Текшерүү үчүн суроолор.**

1. Тарбиялоо психологиясынын предметтик мазмуну.
2. Тарбиялоонун максаты.
3. Тарбиялоонун психологиялык методдору жана каражаттары.
4. Тарбиялоо институттары, алардын функциялары жана мүмкүнчүлүктөрү.
5. Карым - катнаш тарбиялоо процессинин негизги фактору.
6. Личносттун өнүгүүсүндөгү жана калыптануусундагы үй-бүлөнүн ролу.

**II. Студенттердин өз алдынча иштери үчүн темалар.**

1. Тарбиялоонун биогенетикалык теориясынын психологиялык аспектилери.
2. Тарбиялоонун социогенетикалык теориясынын психологиялык аспектилери.
3. Тарбиялоодо психологиялык таасир этүүнүн каражаттарына салыштырма анализ.
4. Тарбиялоонун психотерапевтик каражаттары.

**III. Студенттердин өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар.**
**Адабияттарды талдап чыгуу жана конспектилөө:**


1. Аникеева Н. П. Воспитание игрой: Книга для учителя. -М., 1987.
2. Айсмонтос Б. Б. Педагогическая психология. -М., Владос 2002.
3. Выготский Л. С. Педагогическая психология . - М., 1991.
4. Бернс Р. В. Развитие Я - концепции и воспитании. -М., 1986.
5. Божович Л. И. Личность и ее формирование в детском возрасте Вопросы психологии; 1990.
6. Иващенко Ф.И. Психология трудового воспитания. Минск., 1988.
7. Петровский А. В. Дети и тактика семейного воспитания. - М., 1981.
8. К. М. Миңбаев Курак жана педагогикалык психология. Ош, 1994
9. Маленкова Л. И. Теория и методика воспитания. - М.,2002.
10. Смирнова Е. О. Психология ребенка. - М.,1997.
11. Фридман Л. М., Волков К. Н. Психологическая наука - учителю -М., 1985 (Психология воспитания: 71-94).
12. Цукерман Г. А., Елизарева Н. В. О детской самостоятельности Вопросы психологии –1990. стр.37-44.

**IV. Психологиялык диспут: "Окуучуларды тарбиялоодо тарбиялоо институттарынын орду".**

**Максаты:**

1. Студенттердин чыгармачылык изденүүлөрүн калыптандыруу.
2. Дебаттык карым – катнашта болууларын өздөштүрүү.
3. Студенттердин сынчыл ойломун өстүрүү.

**Каражаттар:**

Фличер (плакаттар), маркерлер, таркатылып берилүүчү карточкалар ж.б.у.с.

**Эрежеси:**

Студенттерге бул эки позициянын бирин тандоо сунуш кылынат: тарбиялоодогу үй-бүлөнүн орду же тарбиялоодогу мектептин орду. Андан кийин диспутка киришүүдө психологиялык мыйзам ченемдүүлуктөрдү жана шериктешине психологиялык таасир этүүнүн формасын колдонуу аркылуу өзүнүн позициясынын тууралыгын далилдөө.

Диспуттун схемасы:

**тезис - далил – актоо - жыйынтык**

Диспутту өткөрүүнүн жакындаштырылган схемасы.

Аралаш позицияны белгилөө.

| № | Тарбиялоодо мектептин ролу | Тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу |
|---|---|---|
| 1 | Тезис | Тезис |
| 2 | Далил | Актоо |
| а) | Мектепте гана коллектив пайда болот. | а) Үй-бүлөдө да коллектив түзүлөт. |
| Б) | Социализациянын калыптануусу мектеп аркылуу гана болот. | б)Үй–бүлөдө деле социалдык ролдорду реализациялоо аркылуу жетишсе болот. |
| в) | Тарбиялоо коллектив аркылуу гана пайда болгон кызматташтык, жолдоштук сезим. | в) Бул сезимдерди ата-энелер деле калыптандыра алышат. |
| г) | Мамилелеше билүү | г) Коммуникативдик жөндөмдүүлүктөр үй-бүлөдө бекемделет. |
| 3 | Жыйынтык | 3. Далил |
| 4 | Актоо | 4. Жыйынтык. |

## V. Психологиялык маселелерди чечүү.

**1-тапшырма.**

Үй-бүлөдөгү криминалдуу кырдаалдар - криминалдуу, агрессивдүү, жаңжалкеч личносттун пайда болуусуна алып келет деген ой жашайт.

**Тапшырма.**

Психологиялык таасир этүүнүн формаларын колдонуу аркылуу айтылган ойду далилдегиле же жокко чыгаргыла.

**2-тапшырма.**

"Менин үй-бүлөмдөгү жашоо өтө кыйын болчу. Атам дайыма ичип келип, жаңжал чыгарчу. Кичинекей кезимде апам экөөбүз тез-тез эле үйдөн качып чыгып, коңшуларыбыздыкына түнөп келчүбүз...

Башында менин жашоом мени менен теңдеш балдардыкындай эле болучу. Беш жашыма чейин балдар бакчасына барчумун, тарбия алчумун, бирок бул жөнүндө аз эле эсимде калыптыр. Алты жашымдан баштап менин жашоом артка карай кетти. Кээде себепсиз эле балдар бакчасына барбай койчумун, мектепке чейинки мезгилде көзөмөлсүз калдым. Анткени качан гана уйкумдан ойгонгонумда үйдө эч ким калчу эмес, керээлден кечке өз башыма өзүм ээ болчумун: эмнени кааласам ошону жасачумун. Менин ата-энем коңшуларыбызды үстүмдөн карап туруусун сураныщчу,бирок алар мага көңүл деле бурушчу эмес. Аларга эмне? Бирөөнүн баласын карап. Ушул мезгилдерде акча табуунун жолун билип калдым. Үйүбүздүн жанында айыл-чарба эмеректери менен камсыздоочу комбинаттын короосу болчу. Башка ишканалар сыяктуу эле бул жерде да жумуштан кийин айдоочулар жана механиктер ичип олтурууну жактырышчу. Мен ал жерде керээлден кечке айланып жүрө берчүмүн, бош шишелерди чогулта коюп анча алыс эмес турган дүкөнгө алып барып өткөрө койчумун. Анда кандай гана колибрдеги шишелер болбосун ала беришчү. Төлөнгөн акчага момпосуй, шириндиктерди сатып алчумун...

Качан гана 7- класска окуганы барганымда атам менен апамдын ортосунда аябай чоң жаңжал чыгып, апам ажырашууга арыз берди... Биз башка шаарга көчүп кеттик. Мен ал жерде эл айтмакчы атамдын көзү жок каалаганымдай бош жүрдүм.

... Бир гана атам менен апама койгон күнөөм алар он эки жашыма чейин мени абдан катуу кармашты. Мен үчүн бул караңгы күндөр узактай сезилчү. Мектепте же көчөдө болсун үстүмдөн берилген эскертүүлөргө атам белиндеги куру менен сабачу, кээде

жөндөн жөн эле токмок жечүмүн. Алар мени менен жөн гана сүйлөшүшсө деле болмок.

Он беш жашымдан чоңдордун турмушуна кызыга баштадым. Көчөгө чыккым келчү, киного, бий аянттарына барууну каалачумун, бирок уруксат беришчү эмес. Бир жолу декабрь айынын кечинде мектепте кече болуп жаткандыгын айтып, апамдан уруксат сурадым. Апам барууга таптакыр тыюу салды. Мына ошондо өзүмдү кармай албай калдым да, мектептеги кечеге баары бир барам деп көшөрдүм. Менин кийинип жатканымды көрүп апам жолумду тороду. Алгач жакшы эле айттым, көнбөй туруп алганынан апамды түртүп жиберип, сыртка карай чуркап кеттим. Эмне үчүн ушул окуяны баштан аягына чейин эстеп калдым? Анткени ушул кече менин үй-бүлөм менен болгон мамилемди таптакыр өзгөрттү. Канчалык убакыт өткөн сайын, ошончолук алардын кеңешине кулак салчу эмесмин, эмнени туура деп тапсам, ошону жасайт элем…"[1]

**Суроолор:**

1. Бул сочинениени жазган өспүрүмдө кандай личносттук сапаттар калыптанган?
2. Баланын мамилесинин, кулк-мүнөзүнүн, көз карашынын калыптануусундагы ата-эненин ээлеген ордуна баа бергиле.
3. Өспүрүмдөрдүн окуу, тарбия ишиндеги психологиялык методдордун орду.

**3-тапшырма.**

Москвадагы эски үй, короосу асфальтталаган, бак-дарагы деле сейрек учурайт. Короодо балдар "12 таякча " оюнун (азыр ал унутулуп деле калды) ойноп жатышкан. Экинчи кабаттын терезесинен аялдын үнү чыгып калды:

--- Вовочка кел эми түштөнөлү!

--- Жымжырттык. Кайра эле ошол үн:

--- Шорпо муздап калат, Вовочка. Үйгө кирсең боло!

Балдардын тобунан бетинде сепкили бар, сары бала жогору жакты карап кыйкырды:

--- Ичпейм! Каалабайм! Өз жайыма кой!

---Вовик бүгүн эртең мененки тамакты да жакшы ичкен эмессиң, сени күтүп жатам, үйгө кире кой садагасы, сураныч!

Дагы жымжырттык. Вовочка (анын көчөдөгү ылакап аты Японец болчу) дубалдын цементтелген кырын колу менен чукуп турду да, бир аздан кийин чечимге келди.

[1] Щекочихин Ю.Б. Трудный подросток. М., Знание, 1979



БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ІНВ № 880938

--- Шорпону бери бер! Ушул жерден ичем!
--- Вовочка бул эмне кылганың... Бул деген ыңгайсыз да... Мейли эми, азыр тарелканы алып келейин.

Апасы айласыздан макул болду. Баланын дагы бир жаңы буйругу апасын терезеден тамакты сунууга мажбурлады, баласы жакынырaак келди да:
--- Шорпону мага түшүр! Жип менен түшүр!-деди. Балдар турган ордунда катып калышты. Эми эмне болот?
--- Японец, сен эмне акылыңдан айныдыңбы, азыр сагачы... алардын ичинен бирөө чыдай албады. Артынан өзүнө ишенген Вовочканын үнү чыкты :
---А сен, карап тур, азыр эмне болорун.
Баласы апасынын жумшак мүнөзүн жакшы билчү. Бир аздан кийин терезеден төмөн карай жипке тартылган тарелкадагы сорпо жеңил гана жай түшүп келип, баланын колуна тийди. Ушундай эле жол менен нан, андан кийин кашык оролгон салфетка түшүрүлдү. Бала сорпону тизесине койду да, жолдошторуна мактануу менен бой көтөрө керкейди:
--- Көрдүңбү апамды үйрөтүп койгонмун... Баары эле силердики бекен!...
Ошондо балдардын ичинен Борька катуу үн менен:
“Кандай гана жексурсуң!” - деп буту менен тарелкадагы сорпону тээп жиберди. Вовочка айкырган бойдон үйүнө чуркап кетти... Балдар экинчи кабаттын терезесин таңыркай карап, тарап кетишти”. [1]

**<u>Суроолор:</u>**

1. Баланын мүнөзүндөгү кандай сапаттар анын жүрүм-турумунан көрүндү?
2. Эне баладагы кандай сапаттарды калыптандырууга мүмкүндүк берди? Эмнеси менен? Далилдегиле.

**4-тапшырма.**

Саматтын берилген тапшырманы окуп келбегендиги баарына маалым болду. Ишенбей бир нече сүйлөмдөрдү айтты да, адашып кетип унчукпай калды. Канчалык чекесин тырыштырбасын, тигил жагын, бул жагын карабасын, баары бир эч нерсе эстей албады. Коңшу отурган Айнураны бир нерсе айта коер бекен деп карады. Акырында ызасына буулугуп, сүйлөнүп кирди. Деги эле тарыхтын эмне кереги бар дейм да? Мына химия же физика башка иш, келечектин илими, ага кетирген күчүңдү да, убактыңды да

[1] Петровкий А.В. Дети и тактика семейного воспитания - М., 1981.

аябайсың. Кайдагы архивдин чаңдарын чукугандан эмне пайда? Качандыр өткөн күндөрдү эстеп кимдир бирөө буларды билбей калса кандай коркунучу бар. Кайсыдыр бир кылымдын эрежелерин окутуп, мисалы, Тутанхамон, анын атын айтуунун өзү эле бекерчинин иши же тилиң да келбейт. Мугалимге мындай сөздөрдү угуу мазесиз болду. Ошентсе да мени Самат кайгырткан жок, анын жанындагы жанаша отурган жолдошуна наамазы болдум.

--- Сен эмне келесоо, тилиңди тарта албай калдыңбы? - деди ал Саматты танаписте. Эми сенин ата-энеңе жетип барышат да, мектепке чакырышат.

--- Бирок чындагында эле тарыхты сүйбөйм да, - деп кайгырды Самат.

--- Сүйбөйт имиш... Кекээрлүү жылмайды жолдошу.

--- А сен эмне мени эле абдан сүйөт деп турасыңбы? Илим деген сага балмуздак эмес жакшы көргүдөй. Аны сүйүү керек эмес, үйрөнүү керек, түшүндүңбү? Саматтын башын сөөмөйү менен түрттү.

--- Ал бизге окшогон келесоолор тарабынан жаралган эмес - деп улантты ал.

--- Сен аз болсо да физиканы же химияны сүйөсүңбү, мисалы мага алар убактысынча эле керек. Болгону мектепти аяктасам калганын желкемдин чуңкуру көрсүн. Бирок мен кыйкырып айтып чыкканым жокко. Жөн гана бардыгын сүйгөн болуп көрүнүп жатам.

--- Эми эмне кылышым керек?- Самат тынчсыздана сурады.

--- Бул жагы келесоого да маалым, - ал кекээрлене күлдү.

--- Барып кечирим сура. Ачууга алдырып, келжирек сөздөрдү айтып жиберипмин, кечириңиз - деп айткын.

--- Бирок мен антип бара албайм... Анткени предметке кызыкпагандыгым үчүн күнөлүү эмесмин да.

--- Бул үчүн сени урушпайт, сени келесоолугуң үчүн жазалашат. Кимдер гана эмнелерди сүйбөптүр. Эсиңден чыгарба: жакында бизге мүнөздөмө жазышат. Б.а. бир жолу жүгүнүп алдынан өтүп койсоң сынып калбайсың.

... Бирок Самат кечирим сураганы барган жок[1].

**Суроолор:**

1. Келтирилген эпизоддо окуучулардын мүнөздүк сапаттары каралган. Сиз аларды кандай психологиялык түшүнүктөр менен белгилемексиз?

[1] Зарипбаева В.П. Записки сельского учителя М., знания 1982.

2. Окуучулардын бир эле кырдаалдагы жүрүм-туруму менен ээлеген ордун талкуулагыла жана ар бир окуучунун мүнөздөрүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктагыла.
3. Мугалим окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырууда кандай инновациялык методдорду колдонуусу зарыл?

**5 – тапшырма.**

Эгерде ата-энелер балдарына эмнени убада беришсе, сөзсүз аткаруулары керек деп жазып жүрүшөт. Менин апам болсо, башкача жасайт. Ал мага сумка сатып алууга акча берген. Мен андан дагы: "Байпак да сатып ала берейинби?"- деп сурасам макул болгон, бирок кийинки күнү айтты: "Тамара мага акчаны бере тур. Байпакты сатып алуунун сага азырынча зарылчылыгы жок". Акчаны бердим да, аябай капа болуп бакырып кирдим. Апамдын ачуусу келип айтты: "Сенде кичине болсо да уят, ынсап бар деп ойлопмун! Сенде ал нерсе кыпындай да жок турбайбы!" - деп апам акчаны столдун үстүнө койду да, чыгып кетти, бирок кийин ал берген акчага колумду тийгизген жокмун. Курбум: "Апаң баары бир акчаны алып алат"-деп эскертти. Бирок апамды андай нерсеге барбайт деген ишеничте болдум. Көрсө, апам бардык нерсеге жөндөмдүү турбайбы? Эгерде убадага тура албасаң, анда аткарам дебегин да. Айтыңыздарчы, экөөбүздүн кимибиздики туура?..

**Суроолор:**
1. Тамаранын жана анын апасынын позициясына өз баанызыздарды бериңиздер?
2. Сиз бул каттын авторуна эмне деп жооп бермексиз?

**6 – тапшырма.**

"Бир канча жыл мурда мен иштеген мектепке жаңы мугалим келди. Мен анын мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунда окуган лекцияларына катышып, акылына, билиминин кеңдигине, ажайып эске сактоосуна суктанчумун. Бир гана таң калтырган жайы - акыркы жылдары бул мугалим бир нече мектептерге которулуп иштеп жүрдү. "Бардыгы боло берет - деп, өзүмдү тынчтандырчумун. Балдар үчүн мындай мугалим-табылгыс байлык. Биз мугалимдер деле ушул мугалимдей болуп алалычы".

Айлар өтүп жатты. Ал окуткан 9-а, б, в класстарынын журналдарынын бети "2" деген баага толуп чыкты. Мугалимдер менен ата-энелер кыжаалат болушту. "Эч нерсе эмес мындай талапты да кое билүү керек. Балдар аракеттенишсин" - деп, биз аларды тынчтандырчубуз. Балдарда эмне болду? Алгач алар китепканаларга баш багып, көбүрөөк окушуп, мугалиминин ар бир айткан сөзүн жаза коюшуп, туура эмес айтып саламынбы деп ооз

ачуудан коркуп жүрүштү. Кийинчерээк суроолорго жооп беришип, өздөрүнүн ойлорун бир аз да болсо айтып калышты. Жообуна болсо мугалим:

--- Муну айтааардан мурда колду көтөрүүнүн кереги жок болчу. Бул оюң жөн эле сандырактык.

--- А бул таптакыр келесоолук – деп айтчу.

Мына ошентип мугалимдин айланасында тоскоолдуктар көбөйдү. Бир жолу ал доскага мектептин эң жакшы көргөн алдыңкы окуучусу Маратты чакырды. Тиги мугалимдин табитине туура келбеген кандайдыр бир сөздү айтып алды. Мугалим зээндүүлүк менен чукугандай сөз таап, аеосуз баланы уяткарып салды. Класс дуу жарылып кетти. Мугалим экинчи бир окуучудан сурады, эч нерсе билбейт, үчүнчүсүн тургузат - ушундай эле акыбал. Биринчи чейрек аяктады, жыйынтыгын чыгаруу үчүн педагогикалык кеңеш чакырылды. Жаңы келген мугалимибизге кайрылдык: “Эмне үчүн Марат чейректен эки чыгып калды? Эми аны оңдош үчүн эмне кылуусу керек?” Мектептин тарыхында болбогон төмөндөгүдөй жоопту уктук: “ Эсимде калбаптыр, Марат деген ким өзү? Анын экиси ушунчалык көп экен демек шартын түзөтүүгө мүмкүн эмес”.

Абал өтө оордоду. Балдардын ар бирин эң сонун билген класс жетекчилердин, кесиптештерибиздин айткан ойлорун угуп да койбоду. Анан эмне болду? Ноябрь айында мугалим классты окутуудан баш тартты... Жылдын аягында таптакыр мектептен кетип калды...”

**Суроолор:**

1. Педагогдун ишинин натыйжасыздыгынын себеби эмнеде?
2. Мугалимдердин окуучулар менен болгон карым-катнашынын маңызы кандай?
3. Түзүлгөн жагдайды күчөтүп жибербөө үчүн эмнелерди сунуш кылаар элеңиз?

**7 – тапшырма.**

“Бир жолу Заполярьедеги баатырдык салгылашуу болгон жерге саякаттап барганыбызда мындай көрүнүшкө дуушар болдум. Январдын бурганактуу күндөрү болчу. Биздин жолубуз фашисттик армиянын Мурманскиге жулкунуп согуштук базаларын токтоткон өрөөн аркылуу өтчү жол эле. Эстеликтер коюлган жерге жеттик. Жигиттер автобустан чыккылары келбеди: “Биз булардын баарын көрдүк, сыртта суук, ооруп калышыбыз мүмкүн” - дешти. Мага экскурсоводдун көзүнө тиктөө аябай уят болду. Анткени ал Заполярьеде согушуп, мындан да катуу сууктарды башынан

кечирген адам болчу... Ал өзү дагы бир нече жолу эч кандай абайрайына карабай берилген тапшырманы аткарганы барган. Эки жолу жарадар болгон. Азыркы жигиттер болсо, канча жыл мурда болгон согуш эмес, бүгүнкү кардын суугунан коркушат... Мен ойлоп калдым: а балким биз өзүбүз окуучулардагы эрктүүлүктү, кайраттуулукту, атуулдукту калыптандырууда аскердик-патриоттук тарбиянын формасын башкача тандап алган окшойбуз. "Азыр мындай жүрүштөрдү дем алыш күнкү эс алуу эмес, кадимки эле экскурсия деп аташат. Балдарды бардык жагынан ыңгайлуу автобустарга түшүрүп алып айландырып келебиз. Алар изилдеп табууга эч кандай кыйынчылыксыз эле даяр материал түрүндө алып жатышат. Ошондуктан жеңил табылган нерсе оңой эле унутулат. Жүрөктү козгой турган, эсте каларлык эч бир из калбайт.

Мен өзүмдүн окуучуларыма "Түндүктөгү кыш" деген кандай болорун сездирүүнү чечтим. Жаңы Титовкага чакыруу менен концерт бергени жөнөп калдык. Байланыштын үзүлгөндүгүнө байланыштуу жүрүшүбүздүн акыркы пунктуна келгенде, балдарга айттым: “Машина жок болбойт экен - мындан ары кар бурганактап жатат. Кандай кылууну өзүңөр чечкиле ”. Мурманскиге эч кимдин жөө кайткысы келбеди. Жаңы Титовкага жетүү үчүн 18 километр бар болуучу. Көп бастык кыйынчылыкта эч ким бизди аяп койбоду.

Кеч киргенде кыштакка чарчаганыбыздан араң кирип келдик. Бирок балдардын маанайы үлгүрдүк, жетип алдык дешип көтөрүңкү болчу. Бизди эч ким жашабаган кичинекей үйгө киргизишти. Өзүбүз от жактык. Чай кайнатып ичкенге үлгүрбөдүк, анткени чакыруу менен келгендигибизден концерт эртеңки күнгө кулактандырылган болсо, бүгүн эле клубга эл чогулуп алып, концертти көрөбүз деп отурушат.

Биздин аябай чарчаганыбызга, үндөрүбүз “отуруп ” калганына эч ким деле маани бербеди. Концерттен кийин балдар эң мыкты концерти үчүн берилген грамоталарын колдоруна кармай шаңдуу кичинекей үйдү карай тартышты. Көпкө чейин уктабадык. Заполярье жөнүндө, Мурманскийдеги жылуу үй жөнүндө көпкө сүйлөшүп жаттык. Согуш жөнүндө сөз болду. Бирөөсү менден сурайт:

--- Согушта жыгач, көмүрдү кантип ташып келишкен?
--- Жол аябай жаман болуучу. Кыйынчылык менен тартып келишчү.
--- Биздин аскерлер кыш ичи тоолуу тундрада кантишкен?

Мен жооп бербедим. Өздөрү көз алдыларына келтирсин, экскурсоводдон сурашсын деп жөн койдум. Алар бул баатырды эми эле көрүшкөн болуучу. Эң эле башкысы баалуулукту кайра баалоо учуру келди. Анчалык чоң эмес сыноо балдардын согушка болгон

көз караштарын өзгөрттү, жеңгендердин ордуна өздөрүн коюп элестетти.

Кыйынчылык менен изилденген иш ошол мезгилдин кайталангыстыгын, тактыгын, эстен кеткистигин түшүнүүгө мүмкүндүк берээри шексиз. Согушка катышкан адамдардын саны улам барган сайын азаюуда. Биздин фашизм менен күрөшкөндүгүбүзгө, ынтымактуу жашап, иштеп, достошуп бирдиктүү аракеттенгенибизди кийинки муундарыбыз суктанчу учур келет деген ишеничтемин".[1]

**Суроолор:**

1. Аңгемеде жазылып кеткендей тапшырманы аткаруу менен окуучулардагы кандай эрктик сапаттардын пайда болушуна түрткү берилди? Окуучулардагы эрктик сапаттарды тарбиялоодо мектептин, мугалимдердин, үй-бүлөнүн ролун аныктагыла.
2. Эрктик сапаттардын пайда болушуна личносттун өзгөчө активдүүлүгү, турмуштук шартка көнүгө билиши, аң сезимдүүлүктүн пайда болушу менен байланыштуу экендигин далилдегиле.

**8 – тапшырма.**

Психология тактап көрсөткөндөй, баланын адеп-ахлак тарбиясынын негизинде анын баалуулуктарынын ориентациясы жана чындыкка, адамдарга жана ишмердүүлүктүн субьекти катары эмгекке, өзүнө-өзү жасаган мамилелеринин татаал системасы жатат. Коомдун кызыкчылыгы үчүн эмгектенүүгө болгон ички керектиги жаралбайт.

Мугалим Зарипбаеванын макаласындагы келтирилген турмуштук эпизоддорду кунт коюп окуп чыгыңыз да, суроолорго жооп бериңиз.

**Биринчи эпизод**

"Мектептеги кечеге даярданып жатканбыз. Айтмакчы, мындай учурда сөзсүз бир аз акча керек болуп калат".

--- Канча сомдон чогултат экенбиз? - класстын старостасы сурап калды.

--- Беш сомдон, - ойлонбостон туруп эле Нургазы жооп берди.

--- Көп эмеспи дейм? - ортозаар абалда Нургазыга кайрылдым.

--- Эч нерсе эмес беришет - камырабастан колун шилтеп койду.

--- Ушул да көппү?

[1] Зарипбаева В.П. Записки сельского учителя. –М.,Знание, 1982.

Акча маселесин Нургазы оңой эле чечип койгонуна таң калдым.
--- Айтмакчы, ата-энең канча айлык алат? - кызыгуу менен сурадым.
Аныгын билбейм дегенсип ийинин куушуруп койду да:
--- Билбейм. Сага мунун эмне кереги бар?
--- Өзүң ойлосоң боло. Үй-бүлөңдө төрт бир тууган болсоңор. Ар бириңер беш сомдон сурай берсеңер, кимиңерге жеткириши мүмкүн.

Анан да таң каларлыгы: Нургазынын үй-бүлөлүк шарты оор. Атасы менен апасы кичинекейинен жумушка бышкан адамдар, тыйындын баркын билишет. Уулу кайдан мындай болуп калган, он беш жашка чыкса да, үй-бүлөсүндөгү жетишпестике кайдигер мамиле кылат. Көрүнүп тургандай, бул жерде да ата-энеси: биз убагында нанга жетпей жүрүп чоңойгонбуз, балдарыбыз жакшыраак жашасын деген пикирди тутунушат. Уулун же кызын ар кандай жумуштан коргоп турушат. Канчалык акчадан кыйналып турушса да, алардын оюндагысын аткарышат. Жакында дагы эки окуучунун сөзүнө кулак салып калдым:
--- Кааласам, атам эртең эле мага жаңы мотоцикл сатып берет, - деп бирөөсү мактанды. Бала өмүрүндө бир тыйын да таба элек, бирок атасы макул болуп сатып берээрине шеги жок.

## Экинчи эпизод

“ Эне бир жолу кызы жөнүндө кайгырып, мындай деди: - Эмне кылаарымды билбей калдым. Кызым абдан модалуу кийимдерди кием деп жатат, акчаны кайдан алышымды билбейм. Кызымдан сырткары дагы эки балам бар...

Берметтин апасын угуп отуруп алардын үйүнө барганым эсиме түштү. Кыздардын сабак даярдай турган жерин көрүүнү кааладым. Үйүнүн тазалыгына кандай көңүл бурушат, апасына жардам беришеби деп кызыктым. Анан мен эмнени көрдүм дебейсиздерби? Столдун үстүндө баш аламандык: китептер, дептерлер, башка предметтер да үйүлүп кеткен. Өздүк буюмдары үйдүн ар кайсы жеринде чачылып жатат. Жуулбаган идиш - аяктын үйүлүп кеткенине аябай таң калдым. Берметке эскертсем, эч кандай уялып-кысылбастан эле?
--- Суу жок. Апам иштен келсин... деп койду.

Кыздын берген жообуна көңүлүм сууду. Жашы он алтыга толду, апасы керээлден-кечке уй фермасында иштейт, жумуштан чарчап келет. Берметтин кийимге болгон талабын угуу мен үчүн оор болду. Мындай талапты жоюу эмгектенүү аркылуу гана ишке ашарын билсе да, кыялы менен жашаганына нараазы болдум.

Чыныгы эмгек эмне экендигин, тыйындын кантип пайда болоорун билген адам гана эреже катары ашыкча нерсени талап кылбайт”.

### Үчүнчү эпизод

“ Бир жолу сабакка кирерим менен нан жөнүндө сөз козголду. Биздин эң башкы байлыгыбыз «Нан» экендигин далилдөөгө аракет кылдым. Балдар мыйыгынан жылмайып тим болушту.

Күзүндө алгачкы жолу классым менен колхоз талаасында картошка жыйнадык. Белгилүү болгондой иш аябай оор, көп жумушту талап кылат. Ар бир түпкө ийилип чукуп чыгуу керек. Бул жерде ылай да, кир да, муздактык да бар, себетчелерге толтургандан кийин көтөрүп чыгууну айт.

Бир аз тыныгып олтуруп калгандан кийин, балдар тамактанып алалы дешти. Бир колунда кара нандын кесими, экинчисинде - бадыраң же помидор. Эч кандай деликатес, конфетсиз эле балдар тамшанып жеп киришти. Мына ошондо окуучуларым кандай убакта нандын татуу болоорун аңдашты ”.

**Суроолор:**

1. Эмне үчүн В. Зарипбаеваны “Финансылык маселелерди чечүүдөгү биздин балдардагы жеңил ойлуулук” тынчсыздандырганына психологиялык анализ бергиле.
2. Автордун Берметтеги баш аламан талапчылдыгына, амбициялуулугуна берген жыйынтык пикиринин тууралыгын ачып көрсөткүлө, мүнөздүн дисгармониялык түрүнүн кайсы тибине кирерин аныктагыла.
3. Балдарды эмгекке кызыктыра алуу, чоңдордун коомдук пайдалуу иш аракетине тартуу, адамдын личностундагы жаңы адеп - ахлактык сапаттардын калыптануусунун негизги шарты экендигин далилдегиле.

## V. Курстук изилдөө иштердин темасы.

1. Өзүн-өзү баалоо - өспүрүмдүн өзүн-өзү тарбиялоосунун негизи.
2. Окуучулардын эрктик активдүүлүгү (жекече өзгөчөлүктөрү).
3. Окуучулардын ортосундагы конфликттер жана аны чечүүнүн психологиялык жолдору.
4. Окуучулардагы жөндөмдүүлүктүн өнүгүү деңгээлдери жана жекече өзгөчөлүктөрү.
5. Личносттун эрктик – эмоционалдык сферасы.

## IV. Педагогикалык кырдаалдар

**1 – кырдаал.**

Бала теңтушу менен жаңжалдаша кетти. Коңшусу бул жөнүндө баланын ата-энесине айтып берди. --- Мен өзүнө жараша сөздү айттым деп эсептейм. Ага ушул гана керек болуучу, - деп өспүрүм сөзүнүн тууралыгын ата-энесине далилдеп түшүндүрүүгө аракет кылып жатты.

--- Ким туура эмес болсо, аны менен күрөшүүнүн жолу экен да? - атасы тактап койду.

--- Ооба.

--- Эгерде апаң да туура эмес айтып алса, аны дагы күнөөлөмөк белең? Бул кылганың бизге жаккан жок, бирок биз сени жакшы көрөбүз жана башка жолу кайталабайт деген ишеничтебиз.

<u>**Суроолор жана тапшырмалар:**</u>

1. Атанын айткан жүйөөлүү сөзү менен макулсуздарбы? Жогорудагы кырдаалда баланын энесине болгон мамилесин салыштыруу өзүн-өзү канчалык деңгээлде актай алат. Булардын мамилесинде карым-катнаштын кандай стили колдонулду?
2. Баласына психолого-педагогикалык таасир этүүдөгү каражаттарды аныктагыла.
3. Өспүрүмдөрдүн чоңдор менен болгон өз ара мамилесинин маданиятына үйрөтүүдө үй-бүлөнүн ролун аныктагыла.

**2 –кырдаал.**

Катя 7-класстын окуучусу, бою азыр эле 171 см болгону үчүн жапа чегет. Классташтарынын бардыгынан анын бою узун. Доскага чыгуу ал үчүн кыйын нерсе: бутун бүгөт, бүкүрөйөт. Доскага чыгып кемсингенден көрө “2” алганым дурус деп, кээде жооп бербей коет. Катяга балдардын “Эй узун, сотойгон!”- деп кыйкыргандары, мугалимдин: “Эмне үчүн артыңды эле карайсың?” - деген эскертүүсү кулагына жаңыра берчү.

Апасы андан: "Бүкүрөйбө, далыңды көтөрүп бас, сенин мүчөң келишкен, көрктүү" - деп суранат. Баарынан да ага классташы Пашка жагат, бирок анын да бою Катядан кыскалык кылат. Кечиндеси күзгүдөн өзүн көргөндөн кийин, Катя күйгөнүнөн:

-Эх ушул коркунучтуу колдор, тиземден ылдый түшөт! Кантип эле дени соо адамдын колдору ушундай болсун?... Мойнумдун узундугун айтпа, буга бир нерсе ойлоп тапса болот, тик жакалуу көйнөк кийсем болчудай, а бутумду кайда катам?...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Катянын аракети жана түшүнүгү өспүрүм курактын кандай психологиялык өзгөчөлүктөрүнө негизделген?
2. Катянын маселесин чечүү үчүн кандай психологиялык жардам берүү керек?
3. Өзүн-өзү таануу процесси адамдын тарбиясына кандай таасирин тийгизет?

**3 - кырдаал.**

Окуучу сабак башталаардын алдында партасынын үстүнөн үй тапшырмасын аткарган дептери жоголдугун билди. (Ал кандай абалда калды жана мугалимге эмне деп айтты?). Кийинки танаписте жапа чеккен окуучуга параллель класста окуган кыз жетип келди да:

- Суранам, кечирип койчу, алдыңкы сабакта бул кабинетте бизге сабак болгон эле, сабактан кийин үйүмө телефон чалганы чуркап баратып, шашканымдан сенин дептериңди алып кетиптирмин.

- Боло берет, бирок кийинки сапар сергек болгонго аракет кыл,- деди бала.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Сизге бул кырдаал эмне жөнүндө кабар берди?
2. Сиз кыз менен баланын тарбиясынан кандай маалымат ала алдыңыз?
3. Аларды тарбиялуу балдар деп айтууга болобу? Эмне үчүн?

**4 – кырдаал.**

Мектептин 11-классына Болотбек аттуу окуучу которулуп келди. Аз убакыттын ичинде эле баары белгилүү болду: анын мүнөзү түз, ак көңүл, эң башкысы бул жаш адам менен болгон баарлашуу өтө кызыктуу, эрудициясы бийик. Эмнегедир баары эле ага тартыла башташты.

Кийинки айлар да өттү, бирок Болотбек барган сайын класска жалгыз кирчү болду.

Болоттун мындай абалына мугалимдер көңүл бурушкан жок. Бир жолу физика сабагында Болоттун "Салыштырмалуулук теориясынын философиялык мааниси жөнүндөгү" эң жакшы жообунан кийин мугалим ага бул жөнүндө доклад даярдап келүүсүн суранды. Болот макул болбоду. Анын баш тарткандыгы мугалимди оңтойсуз абалга калтырган жок. Анткени ал жакынкы бүтүрүү экзамендерине катуу даярданып калган болчу. Бирок баш тарткандыгын бир аз жымсалдай сөзүн улантты:

-Мындай докладдын кандай мааниси бар, түшүнбөйм. Сиз гана эжеке менин мүмкүнчүлүктөрүмдү көрүп билүүдөсүз,

буларгачы (башын бүтүндөй класс жакка буруп көрсөттү) баары бир. Ар ким өзү изденсин жана бул нерсеге мүмкүнчүлүктөрү жетет...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Бул кырдаалда Болоттун мүнөзүндөгү баалуулуктар жөнүндө кандай маалыматтарды ала алдыңыз?
2. Болот менен классташтарынын о.э. Болот менен мугалимдин ортосундагы өз ара мамиленин стилин аныктагыла?
3. Болоттун өзүн-өзү баалоосу кандай? Сиздин сын көз карашыңыз.
4. Берилген кырдаалдагы жүрүм-турумдун багытын аныктаса болобу?

## Адабияттар


1. Аникеева Н. П. Воспитание игрой: Книга для учителя. –М.,1987.
2. Басова Н. В. Педагогика и практическая психология. Ростов-на-Дону 2000.
3. Выготский Л. С. Педагогическая психология. –М.,1991.
4. Гамезо М. Ф., Герасимова В. С., Горелова П. П., Орлова Л.М. Возрастная психология. -М.,2002.
5. Бернс Р. В. Развитие Я- концепции и воспитание. –М., 1986.
6. Божович Л. И. Личность и ее формирование в детском возрасте. Вопросы психологии; 1990 -№6.
7. Гаврилова Т. П. О воспитании нравственных чувств. –М.,1984.
8. Гильбре Ю.З., Верещак Е. И. Психология трудового воспитания школьников. –Киев, 1987.
9. Иващенко Ф. И. Психология трудового воспитания. –Минск, 1988.
10. Ковалев С .В. Психология семейных отношений. –М.,1987.
11. Кузнецова Г. И., Харченко В. Д. Психологические особенности подростков. Вопросы психологии. –М., 1981.
12. Маркова А. К. Нравственность, агрессия, справедливость. Вопросы психологии. –М.,1992.
13. Маленкова Л. И. Теория и методика воспитания. -М.,2002.
14. Рувинвкий Л. И. Психолого-педагогические проблемы нравственности воспитания школьников. –М.,1981.
15. Петровский А. В. Дети и тактика семейного воспитания. –М., 1981.
16. Фридман Л. М., Волков К.Н. Психологическая наука – учителю. –М.,1985. (Психология воспитания; 71-94).
17. Цукерман Г. А., Елизарова Н. В. О детской самостоятельности. Вопросы психологии. –1990. -№6 стр.37-44.

**5 - сабак.**

**4 - практикалык сабак.**

**Тема:** Личносттун калыптанышынын психологиялык механизмдери. (2 саат)

**Максаты:**

1. Тарбиянын натыйжалуулугуна таасирин тийгизүүчү тарбиянын критерийлерин, психологиялык шарттарын жана механизмдерин өздөштүрүү.
2. Адамдын личносттук сапаттарнынын калыптанышындагы эмгектин, коллективдин ролу жөнүндө багыт берүү.
3. Студенттер менен окуучулардагы тарбиялуулуктун деңгээлин аныктоодогу жана личносттун тарбиясынын калыптануусун аныктоочу методиканын үстүндө практикалык иш алып баруу.

**Сабактын жүрүшү.**

**I. Текшерүү үчүн суроолор.**

1. Тарбиялуулуктун критерийлери.
2. Личносттун калыптануусунун психологиялык шарты.
3. Тарбиянын натыйжалуулугуна таасирин тийгизүүчү психологиялык механизмдер.
4. Коллективдин психологиялык өзгөчөлүктөрү жана аларга карата тарбия иштерин уюштуруунун эсебин алуу.
5. Тарбиялоого жекече мамиле жасоонун психологиялык негиздери.
6. Окуучулардын арасындагы конфликттер, алардын психологиялык табияты, чечүүнүн жолдору, тарбиялык мааниси.

**II. Студенттердин өз алдынча иштерине тапшырмалар. Адабияттарды талдоо жана конспектилөө.**


1. Ананьев Б. Г. Избранные психологические труды В 2 т. -М., 1985.-т. 2 (Психология педагогической оценки).
2. Маркова А. К. Нравственность, агрессия, справедливость. Вопросы психологии. -1991 №6
3. Маркова А. К. Фрустрация, конфликт, защита. Вопросы психологии. -1991- №1.
4. Маленкова Л. И. Теория и методика воспитания. -М., 2002.
5. Под. ред. Ноумкина Ю. В. Психология Педагогика Этика. -М.,2002.
6. Устименко С. Ф. Межличностные отношение трудовых подростков. Вопросы психологии – 1984, №1.
7. В. А .Якунин Педагогическая психология. -М.,1998.

III. **Рефераттардын жана докладдардын темалары.**

1. Өзүн-өзү тарбиялоонун психологиялык негиздери.
2. Жогорку класстарда формалдуу эмес курактык биригүүлөрү аркылуу адеп-ахлактык тарбияны активдештирүү.
3. Окуу-тарбия иштеринде педагогикалык стимулдун психологиялык проблемалары.

IV. **Психологиялык тапшырмаларды чечүү.**

**1 – тапшырма.**

*Өз алдынчалуулугу жок адамга пайдалуу боло турган юмордук фразалардан түзүлгөн сүйлөмдөрдүн тизмегин тандагыла.*

- Жашашты билбейсиңби бир нерсе менен алек бол.
- Акыл эстүүлүктүн түбү терең, түшсөң жоголуп кетишиң да мүмкүн.
- Табиятта бардыгы бири-бири менен байланышта, ошондуктан байланышсыз жашабай койгонуң деле дурус.
- Жашоодо эрдик жасоого дайыма орун табылат, болгону бул орундан алысыраак болуш керек.
- Сен өзүңө өзүң эң жакын дос болсоң, анда бирөөгө дос болуунун кереги жок.
- Канчалык көп кайгырсаң ошончолук аз жашайсың.
- Өтө эле жаркын келечек - тажрыйбасыздык.
- Өзүң менен өзүң болуш үчүн, кимдир бирөө болушуң керек.
- Акчаны кармаганыңда ойлонуп көр, сага достордун кереги барбы же жокпу?
- Позицияң жокпу, позаны карман.
- Канчалык алыска секиргиң келсе, ошончо төмөн ийилишиң керек.
- Күндүн астындагы орун менен бош орун да жүз көрүшөт.
- Тоого карай тырмышып чыгуу, бийик тургандыкка умтулуу дегендик эмес.
- Максатка карай умтулгандык, өзүнүн багытын кыскандык.
- Эгер сиз өзүңүздү жакшы сезсеңиз, досторуңуз да өзүн жакшы сезишин кааласаңыз, анда өзүмдү жаман сезип турам деп айтыңыз.
- Бардык нерсе ойлонулган болсо, аны жаратуунун не кереги бар.
- Эч жакка алып барбаган жол-коркунучсуз жол.
- Кимге деңиз тизеден болсо, анда ал көлчүккө чөгөт.

**2 – тапшырма.**

Бенджамин Франклин (1706-1790) - америкалык көрүнүктүү агартуучу жана мамлекеттик ишмер, АКШнын көз карандысыздык Декларациясынын авторлорунун бири, өз мезгилинин адеп-

ахлактык баалуулуктарына таянуу менен жаш кезинен өзүнө "Жакшылык жасоонун комплекстерин " түзүп алып, ар жуманын аягында аны бузган окуяларды белгилеп турчу.

Анда ушул комплекстен таанышыңыздар.

- Унчукпоо. Мага же башка адамга пайда алып келчү сөздү гана сүйлөө керек, пайдасыз сүйлөшүүдөн качуу керек.
- Тартип. Ар бир буюмду өз ордуна коюу керек, жасалчу ар бир жумуштун өз орду жана убактысы болуусу зарыл.
- Чечкиндүүлүк. Эмнени жасоо керек болсо, ошону гана аткарууну чечүү керек. Аткарылган нерсени кайталоонун пайдасы жок.
- Эмгекчилдик. Убакытты бош өткөрбөө керек; дайыма пайда алып келчү нерсе менен алектенүү зарыл; керексиз аракеттерден баш тартуу абзел;
- Ак ниеттүүлүк. Алдоонун кереги жок; адам өзүндө түз жана таза ойлорду алып жүрүүсү керек.
- Адилеттүүлүк. Бирөөнүн жапа чегүүсүнө жол койбогун; сенин милдетиңе таандык кайрымдуу иштерден качпоо зарыл.
- Билгичтик. Ыгы жок чектен чыгып кетүүдөн качуу; адилетсиздиктен пайда болгон таарынуу сезимдериңди орундуу билдиришиң керек.
- Тазалык. Артыңдан бүтүндөй жаман иштердин чубалжып жүрүүсүнө шарт түзбө: жашаган үйүңдү жана кийген кийимдериңди, үстү -башыңды таза кармагын.
- Бейпилдик. Болор-болбос нерселер үчүн тынчсыздануунун пайдасы жок.
- Токтоолук. ж.б.у.с.

Франклин өмүрүнүн аягында: "Мен канчалык чындыктан алыстаганым менен ошончолук чындыкты сүйгөн ойлорум аркылуу көп бийиктиктерге жеттим, менин аракеттерим бактылуу болушума жана жакшы адамдардын катарына кошулушума шарт түздү. Бул тажрыйбаларымсыз ким болушумду элестете алмак эмесмин" - деп жыйынтыктаган.[1]

**<u>Суроолор жана тапшырмалар:</u>**

1. Жакшылык жасоонун комплекстеринде көрсөтүлгөн өзүңүз үчүн эң баалуусу, эң башкысы деп табылган пункттарды тартиби менен орундаштырып чыгыңыз.
2. Сиздеги "Мен"образыңызды чагылдырган эрежелердин топтомун түзүңүз.

---

[1] Франклин Б. Избр. Произ. –М.,1956. –с. 482-483.

**3 – тапшырма.**

"Өздүк өркүндөтүү" планыңды түзүү үчүн төмөндөгү суроолорго жооп берүү менен адам жашоосундагы төрт негизги чөйрөгө карата мамилеңди билдирүүң керек.

**Ишмердүүлүк** - ЖОЖдогу окуу жана студенттин өзүн-өзү реализациялоосу.

Мен тандап алган кесибимдин келечегин жакшы элестете аламбы?
ЖОЖдогу билим алганым турмуштук максаттарыма жетүүгө жардам бере алабы?
ЖОЖду аякташым менен кандай жумушка орношкум келет?
Азыркы билим алуума эмнелер түрткү болууда жана жетектөөдө?
Беш жылдан кийинчи? Менин келечектеги жумушум менин керектиктеримди канааттандыра алышына кантип ынана алам?

**Адамдык мамилелер** - үй-бүлөдөгү, окуу жайындагы достор менен болгон карым-катнаштагы мамилелер.
Башка адамдардын ой-пикирине чын дилимден кызыгамынбы?
Башкалардын камкордугу жана проблемалары мени кызыктырабы?
Бирөөлөрдү уга аламынбы?
Мен өзүмдүн ойлорум жана пикирлеримди башкалардын ойлору менен байланыштыра аламынбы?
Баарлашкан адамдарды баалай аламынбы?

**Ден соолук** - психофизиологиялык абал.

Менин абалым (табым) кандай?
Мен күндөлүк режимди , эмгек жана эс алуу режимин сактай аламынбы?
Спорт менен машыгамынбы?
Менин салмагым канча?
Мен жетишерлик уктаймынбы?
Өзүмдүн денеме камкордук көрөмүнбү?
Ден соолугумдун жакшырышына кандай чараларды көрүүдөмүн?

**Жан дүйнөнүн жайлуулугу** - психикалык абал.

Мен өзүмдү-өзүм өнүктүрүү менен алектенип жатамынбы?
Көп нерселерден кабардар болууга аракеттенеминби?
Көргөзмөлөргө, концерттерге, театрларга барамынбы?
Кандайдыр бир хоббим барбы?

Мен өзүмдүн үстүмдөн, өзүмдүн эмоцияларымды жана абалымды башкара аламынбы?
Менин эрким жетишерлик калыптанганбы?
Руханий дүйнөмдүн жагымдуулугу үчүн эмнелерди жасашым керек?

**4 – тапшырма.**

Улуу орус педагогу К. Д. Ушинский өзү үчүн төмөндөгү өзүн-өзү тарбиялоо эрежелерин түзгөн:

- Ар түрдүү кырдаалдарда бейпилдикти сактагын.
- Ар бир кыймыл аракетиңди ойлонуп жасагын.
- Жасаган иштериңе жоопкерчилик менен чечкиндүү мамиле кыла бил.
- Бир нерсеге муктаж болбосоң, ал жөнүндө бир ооз да сөз сүйлөбө.
- Күчүңдү зыяндуу нерселерге эмес, зарыл жана жагымдуу нерселер үчүн сарптагын.
- Түз, ачык-айрымдыгың сөздөрүңдөн жана жүрүм-турумуңдан байкалып турсун .
- Ар күнү кечинде өзүңө-өзүң эмнелерди бүтүргөндүгүңдүн эсеп-кысабын бергин.
- Эмне болгонун, эмне бардыгын, эмне боло тургандыгын бир да жолу мактана көрбөгүн.

**<u>Суроолор жана тапшырмалар:</u>**

1. Сиз өзүңүз үчүн жогорудагы эрежелердин бардыгын ылайыктуу деп эсептейсизби. Эгер “жок” десеңиз, эмне үчүн?
2. Эрежелердин катарын көбөйткүңүз келеби? Эгер макул көрсөңүз, эмнелер менен?
3. Сиз жашооңузду жана жүрүм-турумуңузду кандай психологиялык эрежелер менен башкарасыз?

**5 – тапшырма.**

Коңшулаш шаарда жашаган Кубаттын бир тууган агасы мейманчылыкка келди. Кубат узун бойлуу, өзүнө ишенген жигит болчу. Агасына сыноочу-учкуч болууну каалагандыгын ишеничтүү айтып кирди.

- Сөзүңдү бөлгөндүгүм үчүн кечирип койчу Кубат. Эми ушул максатыңа жетүү үчүн тажрыйба жүзүндө эмне кылмакчысың? - деди агасы.

- А мен эмне кылышым керек экен? - Кубат таң калуу менен,- ал турсун аэроклубдун парашюттук бөлүмүнө да кабыл албай жатышат.

- Спорт менен машыгасыңбы? Дене тарбия көнүгүүлөрүн жасайсыңбы?
- Кээде хоккей ойноп коем, көнүгүү жасаганга үлгүрбөйм.
- Математикадан кандай окуйсуң?
- Түзүк эле, кээде төрт алам, ушул жетишээрлик болсо керек.
- Авиамодельдер ийримине катышасыңбы?
- Биздин мектепте андай ийрим жок, ал эми маданият сарайына барууга жол алыстык кылат.
- Радиотехника менен алектенесиңби?

Кубат унчукпай калды. Агасы кайгыруу менен акыл - насаат айтып кирди: —

- Сен эмне, авиация адамдан эң жогорку дене даярдыгын жана машыккандыкты, көп билим алып, техникалык каражаттардын үстүнөн көп билүүнү талап кылаарын билибейсиңби? Айрыкча математка, физика, черчение сабактарын жакшылап өздөштүрүшүң керек... Алтынга тете убактыңды уткурбай бүгүндөн баштап даярдана жүргүн, антпесең сенден учкуч чыгаарына эч ким ишенбейт.

**<u>Суроолор жана тапшырмалар:</u>**

1. Агасы менен болгон сүйлөшүүдөн кийин Кубаттын билим жана тарбиясынан кетирилген кандай мүчүлүштүктөрдү байкадыңар?
2. Агасынын ар бир суроосунан жана талкуусунан кийин кандай психолого-педагогикалык жөндөмдү байкай алдыңар?
3. Кубат агасы менен болгон сүйлөшүүдөн кийин кандай жыйынтык чыгарышы мүмкүн?

**6 – тапшырма.**

Бир жолу мугалимибиз менен жаңы микрорайонго курулган мектебибиздин көчөлөрүнө акацияны отургузуу үчүн уругун жыйып алууга токойго жөнөп калдык. Мугалимибиз айтты: «Жерде акациянын уругу абдан аз, көпчүлүгү бийик бутактарда, акациянын кургаган баштыкчасында болот». Муну айтып бүтөөрү менен ээнбаш жана чырлуу классташыбыз Тимур даракка карай тырмышып чыгып жөнөдү. Анын мактанып көрүнгүсү келгени баарыбызга түшүнүктүү болду, бирок мугалимибиз таң калымыш болуп Тимурду мактап кирди:

--- Карагылачы балдар, Тимур кандай гана азамат! Азыр ал бизге акациянын урук баштыкчаларын таштайт. Бул мактоо Тимурдун шаштысын кетирди... Ойлонуп отурганга убактысы да болгон жок. Тимур акациянын кургак баштыкчаларын үзүп алып таштай баштады. Балдар ага жабылып калышты:

--- Тимур бул жакка ташта... Мага ташта...

Бала иш менен алек болуп жатты. Арабыздан дарактын бутагындагы катуу тикендерден коркпогон дагы бир азамат Тимурга жардам бергени дарактын башына чыгып кетти. Ошентип ал да Тимур менен жарыша баштады.

<u>**Суроолор жана тапшырмалар:**</u>

1. Мугалимдин Тимурду пайдалуу эмгекке тарта салган мактоосунун психолого-педагогикалык маанисин баалагыла?
2. Мугалимдин сөзүнүн канчалык психологиялык тарбиялык мааниси бар?
3. Конфликттүү адамдар менен болгон карым-катнаш процессинде эмнени эске алуу зарыл?

**V. Тарбиялуулук деңгээлдин диагностикасы.**

**Максаты:** Студенттерге окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө таандык эрктик сапаттар жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу.

Студенттердин өздөрүнүн эрктик сапаттарын өздөштүрүүсү.

Студенттерди личносттук эрктик сапаттарды турмушта пайдаланууга тарбиялоо.

**Тарбиялуулуктун көрсөткүчтөрү**

**1 - 3 – класстарда**

Патриоттуулук, жолдошчулук, улууларды сыйлоо, боорукердик, ак көңүлдүк, чынчылдык, эмгекчилдик, сарамжалдуулук, тырышчаактык, кооз нерселерди сүйүү, күчтүү, жеңил, кайраттуу болууга умтулуучулук.

**4 - 5 – класстарда**

Патриоттуулук, жолдошчулук, улууларды сыйлоо, ак көңүлдүк, чынчылдык, эмгекчилдик, сарамжалдуулук, өз алдынчалуулук, тырышчаактык, кооздукка суктануучулук, күчтүү, жеңил, кайраттуу болууга умтулуучулук.

**6 - 8 - класстарда**

Патриоттуулук, коллективизм, гуммандуулук, чынчылдык, эмгекке чын ниети менен берилгендик, активдүүлүк, тырышчаактык, эстетикалык өнүгүүчүлүк, кайраттуулук, эрктин күчтүүлүгү, өзүн-өзү сындай билүүчүлүк, токтоолук, күчтүү, жеңил, кайраттуу болууга умтулуучулук.

**9 - 10 - класстарда**

Патриоттуулук, коллективизм, интернационалдуулук, гуммандуулук, чынчылдык, активдүүлүк, тырышчаактык, эстетикалык өнүгүүчүлүк, дене сулуулугуна ээ болууга умтулуучулук.

## Окуучулардагы тарбиялуулуктун ар бир критерийиндеги көрсөткүчтөрдүн жогорку чеги

**1 - 3 - класстарда**

— Патриоттуулук; туулган жериндин өтмүшүнө жана азыркысына болгон кызыгуу; жаратылышты сүйүү жана сарамжалдуу мамиле жасоо; мектебине болгон сүйүү.

Жолдоштук: коллективдүү жумуштарга, оюндарга катышуу; досторуңдун кайгы-капасын тең бөлүшүү; досуңа кыйшаюсуз жардам берүү; өзүңдүн классташтарыңды уятка калтырбоо.

Улууларды урматточулук: сылыктык; аларды уга билүү; мугалимдерине, ата-энесине, улууларга талбай жардам берүү.

Боорукердик: кичүүлөргө камкор мамиле жасоо; жолдоштoруң менен китеп, оюнчуктарың ж.б.у.с. менен бөлүшө билүүчүлүк; жаныбарларды сүйүү.

Чынчылдык: ак ниеттүүлүк; уруксатсыз бирөөнүн буюмуна тийбөө; убадасын аткаруу.

Эмгекчилдик: окууга берилгендик; үй-чарбачылыгындагы милдеттерди чын ниети менен аткаруу; коллективдүү тейлөөгө, коомдук жумуштарга активдүү катышуу; эмгектенүүгө болгон кызыгучулук.

Сарамжалдуулук: сырткы көрүнүшүңдүн тыкандыгы; өздүк буюмдарын иреттүү сактоо; мектеп мүлкүнө сарамжалдуу мамиле.

Тартиптүүлүк: милдеттерди иреттүү аткаруу; мектепте, үйдө, көчөдө, коомдук жайларда эрежени сактай билүү; класс коллективине тагылган милдеттерди аткаруу.

Тырышчаактык: сабактарга үзгүлтүксүз катышуу; окууга кунт коючулук жана тырышчаактык менен мамиле кылуу; үй тапшырмаларын чын ниети менен дайыма аткаруу.

Кызыгуучулук: жаңы белгисиз нерселерге кызыгуу; айланадагылардан сурап билүүгө умтулуу; окууга кызыгуу; жакшы жетишкендик.

Коoздукту сүйүү: өздүк көркөм чыгармачылыкка активдүү катышуу; искусствого болгон кызыгуу; сулуулукту сезе билүү; бардык нерсени кооз жасоого умтулуу. Күчтүү, шамдагай, кайраттуу болууга умтулуу; күндөлүк режимди жана өздүк гигиенанын эрежелерин сактоо; ар күнү эртең мененки

көнүгүүлөрдү жасоо; дене тарбия сабагына кызыгуу; спорттук оюндарга активдүү катышуу.

**4-5-класстар**

Патриоттуулук: өзүңдүн өрөөнүңдү билүү; Ата-Мекендин тарыхына кызыгуу; коомдук пайдалуу жумуштарга активдүү катышуу; табиятка сарамжал мамиле жасоо жана аны коргоо.

Жолдоштук: коллективде жолдошторуң менен мамиле түзө билүүгө умтулуу; досторуңа чын ниетиңден жардам көрсөтүү; коллективдин шартына көнүгүү; кыздар жана балдардын ортосундагы жолдоштук мамиле; класс коллективин, уюмун уятка калтырбоо.

Улууларды урматтоо: сылыктык; уга билүү; улууларга жардам берүүдө демилгени колго алуу.

Боорукердик: кичүүлөргө камкор мамиле жасоо; колдо бар нерсени жолдошторуң менен бөлүшүүгө адаттануу; жаныбарларды сүйүү.

Чынчылдык: ак ниеттүүлүк; уруксатсыз бирөөнүн буюмуна кол салбоо; убадасына туруу.

Эмгекчилдик: окууга чын ниети менен берилүү; дайыма пайдалуу эмгек менен алектенүү; үйдө жана мектепте өзүн - өзү тейлөөгө адаттануу; үй чарбачылыгындагы милдеттерди чын ниети менен аткаруу; коомдук пайдалуу эмгекке активдүү катышуу; ар кандай эмгек навыктарына көшөрө аракеттенүү.

Сарамжалдуулук: өздүк буюмдарды ireттүү сактоо; коомдук мүлккө сарамжал мамиле кылуу; коомдук мүлктүн кол тийгистигин камсыздоо.

Тартиптүүлүк: сабактарга дайыма катышуу; окуучулар үчүн күндөлүк эрежелердин сакталышы; улуулардын айтканын так жана толук аткаруу; класс коллективинин, уюмдун милдеттерин аткаруу;

Өз алдынчалуулук: өз алдынча иштерге жана жүрүм-турум навыктарына ээ болуу; бирөөнүн жардамсыз аткарууга көнүгүү; ар кандай суроолорго ой-пикириңдин болуусу; сабакта жана оюнда демилгелүү болуу;

Кызыгуучулук: алдыңкы жетишкендик; жаңы жана белгисиз нерселерге кызыгуу; окууга ынтызарлануу; ийримдерге катышуу;

Кооздукту сүйө билүү: тышкы көрүнүштөгү тыкандык; адабият, музыка, сүрөт сабактарына кызыгуу; адабият жана искусство ишмерлеринин чыгармачылыгына суктануу; өздүк көркөм чыгармачылыкка катышуу; айлана-чөйрөнүн кооздугун жана сулуулугун сезе билүү жөндөмдүүлүгү; бардыгын кооз жасоого аракеттенүү;

Күчтүү, шамдагай, кайраттуу болууга умтулуу; күндөлүк режимди жана өздүк гигиенанын эрежелерин сактай билүү; эртең мененки көнүгүүлөрдү аткаруу; дене тарбия сабагына кызыгуу; спорт оюндарына активдүү катышуу.

**6-8-класстар**

Патриоттуулук: Ата-Мекенинин тарыхын билүү; өлкөдөгү негизги окуялар менен кабардар болуп туруу; Ата-Мекенин, улуу инсандарын ыйык тутуу; табиятты сүйүү жана сарамжал мамиле жасоо; коомдук мүлккө сак мамиле жасоо;

Коллективизм: класстагы бардык жумуштарга жандуу катышуу; коллективдин чечимин аткаруу; жолдошторуна талап кое билүү; өзүмдүк жана коомдук кызыкчылыктар менен эсептешүү; кыздар менен балдардын ортосундагы жолдоштук мамиле;

Гумандуулук: айлана-чөйрөдөгүлөргө ак көңүл мамиле кылуу; улууларды урматтоо; жардамга муктаждарга жардам берүү; боорукердик; бардык жандуу нерселерге камкор мамиле кылуу жана сүйүү;

Чынчылдык: убадасын аткаруу; бирөөнүн буюмуна уруксатсыз кол салбоо; алдамчылыкка, уурулукка жол бербөө;

Эмгекке чын дилинен мамиле кылуу; окууга чын ниети менен берилүү; пайдалуу жумуштар менен алектенүү; ар кандай жумушту аягына чыгаруу; эмгекти жогорку сапаттуулукта бүтүрүү; үй-тиричилигине ырааттуу жардам берүү; келечек кесибиңди тандап алууга умтулуу;

Тартиптүүлүк: окуучулар үчүн күндөлүк режимди сактатуу; улуулардын айтканын так жана тез аткаруу; класс коллективинин талаптарын аткаруу; коллективдеги жогорку тартиптүүлүк үчүн күрөшүү;

Активдүүлүк: сабакта жооп берүүгө, башкалардын жоопторун кошумчалоогоаракеттенип туруу; класстын, мектептин коомдук турмушуна өз эркиң менен катышуу; демилгелүүлүк; улуулардай турмушка максаттуу даярдык көрүү;

Кайраттуулук: коркуу сезимдерин артка таштоо жөндөмдүүлүгү; өзү үчүн тобокелчиликке салып болсо да жардам берүүгө даяр туруу; жолдошторуңдун жетишпеген жактарына ачык сын пикир айта билүү; адилетсиздикке карата өз ой-пикириңде турууга, чечкиндүүлүккө, келише албоочулукка даяр туруу;

Эрктүүлүк: өзүң каалаган эмес зарыл болгон жумушту аткаруу жөндөмдүүлүгү; баштаган ишти аягына чыгарууга адаттануу; өз максатыңдын жолунда күрөшө билүү; кыйынчылыктарды жеңе билүүгө умтулуу; өзүн-өзү тарбиялоодо үлгү болорлук жетишкендиктерди көрсөтүү;

Өзүн-өзү сындай билүүчүлүк: жолдошторуңдун берген сын пикирин уга билүү; кетирген катачылыктарды моюнга ала билүү; эмгегиңдин жыйынтыгына сын көз караш менен мамиле кылуу; жетишпестиктерден арылууга умтулуу.

Токтоолук: айлана-чөйрөдөгүлөрдөн (сырткы көрүнүшүңдөн, жүрүм-турумуңдан) жакшы жактарың менен айырмаланып турууга аракеттенүү; мактанбастыкка адаттануу; жөнөкөйлүк, туруктуулук.

Кызыгуучулук: алдыңкы жетишкендик; мезгилдик басма сөздөрдү, адабияттарды системалуу окууга адаттануу; сөздүктөр, журналдарды ж.б.у.с. колдонуу; факультативдик сабактарга, ийримдерге катышуу;

Эстетикалык өнүгүү: сырткы көрүнүшүңдөгү тыкандык; адабият, музыка, сүрөт сабактарына кызыгуу; театрларга, көргөзмөлөргө, концерттерге ж.б.у.с. дайыма барып туруу; адабият жана искусство чыгармаларынын алдыңкыларына түшүнүүгө жана билүүгө аракеттенүү; өздүк көркөм чыгармачылыкка, конкурстарга ж.б.у.с. катышуу; бардыгын кооз жасоого аракеттенүү;

Күчтүү, шамдагай, кайраттуу болууга умтулуу; денени түз алып жүрүү; эрте мененки көнүгүүлөрдү жасоого адаттануу; спорттук оюндарга, жарыштарга, жүрүштөргө ж.б.у.с. спорттун түрлөрүнө ырааттуу катышууга көнүгүү;

**9-11-класстар**

Патриоттулук: ата-мекенинин тарыхын, өлкөдөгү болуп жаткан окуяларды билүү, анын келечегине кызыгуу; өз ата-мекени, анын улуу инсандары менен сыймыктануу; эмгектин жалпы кызыкчылыгын ойлоо; табиятка, эл байлыгына сарамжал мамиле кылуу жана сүйүү; ата-мекенин коргоого даяр туруу;

Интернационализм: башка элдердин искусствосуна жана маданиятына кызыгуу; интернационалдык мүнөздөгү иш чараларга өз эрки менен катышуу; башка өлкөнүн эмгекчилерине туугандык жардам көрсөтүүгө катышуу.

Коллективизм: өзүнүн классынын бардык иштерине жандуу катышуу; жолдошторуна кыйшаюсуз жардам берүүгө адаттануу; коллективдин чечимдерин аткаруу; жолдошторуна талап кое билүү; өздүк жана коомдук кызыкчылыктар менен эсептешүү; өзүнүн коллективинин намысын коргоо үчүн күрөшүү.

Гуммандуулук: боорукердик; улууларды сыйлоо; айлана-чөйрөгө ак көңүл мамиле жасоо; жардамга муктаждарга чын ниетинен жардам көрсөтүү; бардык жандууга камкор мамиле жасоо жана сүйө билүү; антигумандуу жүрүм-түрүм менен келишпөө;

Чынчылдык: адилеттүүлүк; сөз менен ишиңдин дал келүүсү; түздүк; катачылыктарыңды, жүрүм-турумуңдун терс жактарын моюнга алуу;

Эмгекке ак ниет мамиле кылуу: бардык зарыл жумуштарды убагында аткаруу; эмгектин сапаттуулугун көтөрүү; үй-тиричилигине ырааттуу жардам көрсөтүү; эмгек ишмердүүлүгүнүн белгилүү бир чөйрөсүнө кызыгуу; коллективдеги жогору тартип үчүн күрөшүү; мамлекеттин мыйзамдарын билүү жана ага баш ийүү;

Жоопкерчиликтүүлүк: өзүңдүн милдеттериңди ыктыярдуу аткаруу; баштаган ишти аягына чыгарууга адаттануу; өзүңдүн жана жолдошторуңдун жүрүм-турумуна жооп берүүгө даяр туруу;

Принципиалдуулук: ишеним жана көз караштардын туруктуулугу; өз оюңда турууга жана ачык билдирүүгө адаттануу; өзүн-өзү сындай билүү; жолдошторуңдун жүрүм-турумун обьективдүү баалоого жөндөмдүү болуу; коомго каршы келген жүрүм-турумдар менен келише албоочулук.

Максатка умтулуучулук: чоң конкреттүү максаттарды кое билүү; коюлган максатка карай өжөрдүк менен умтулуу; өзүнүн идеалына берилгендик.

Активдүүлүк: класстын жана мектептин коомдук турмушуна активдүү катышуу: демилгелүүлүк, уюштурууучулук жөндөм; оптимизм; кетирген катачылыктарың, жетишпеген жактарың менен күрөшүү.

Билүүгө умтулуучулук: көптү билүүгө умтулуучулук; ой жүгүртүүнүн кеңдиги; ар түрдүү илим жана техниканын областарында өз билимин системалуу кеңейтип баруу; алдыңкы жетишкендик.

Эстетикалык өнүгүү: сырткы көрүнүшүңдүн тыкандыгы; сүйлөө жана жүрүм-турумдагы жогорку маданияттуулук; ырдоону жана бийге түшүүнү өздөштүрүү; театрларга, көргөзмөлөргө, концерттерге ж.б.у.с. системалуу барып туруу; искусство жана адабият чыгармаларын түшүнүү жана билүү; өздүк көркөм чыгармачылыкка, конкурстарга ж.б.у.с.дан ажайып нерселерди жаратууга аракеттенүү.

Ден-соолуктун чыңдыгы үчүн күрөшүү: тулку–бойду түз алып жүрүү; эртең мененки көнүгүүлөрдү жасоого адат алуу; спорт секцияларында дайыма катышуу.

**Иштин жүрүшү.**

Студенттерге ар бир көрсөткүчтөрдүн критерийлерин колдонуу аркылуу өздөрүндөгү тарбиялуулуктун денгээлин баалоону сунуштоо. 10-11-класстын окуучулары үчүн сунушталган

материалды негиз кылып алышат. Жыйынтыгын таблицага түшүрүүлөрү керек. Тарбиялуулуктун денгээлин аныктоодо үч бааны колдонушат: жогорку (В), орто (С), төмөн (Н) деп белгилешет.

Жогорку деңгээл студенттеги бардык критерийлердин жыйындысын тигил же бул көрсөткүчтөрдүн жогорку чегинин бардыгын божомолдойт, орто жарымын, төмөн деңгээл жарымдан азыраак критерийлерди бардыгын көрсөтөт.

| Патриоттуулук | Гуманндуулук | Чынчылдык | Эмгекчилдик | Тартиптүүлүк | Жоопкерчилик-түүлүк | Принципиал-дуулук | Максатка умтулуучулук | Активдүүлүк | Кызыгуучулук | Эстетикалык өнүгүү | Ден соолуктун чыңдыгы үчүн күрөшүү | Интернацио-налдуулук | Коллективизм |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| Окуучу- / дын саны | | Өнүгүүнүн деңгээли | |
|---|---|---|---|
| | жогору | орто | төмөн |
| Патриоттуулук | | | |
| Коллективдүүлүк | | | |
| Интернационалдуулук | | | |
| Гуманндуулук | | | |
| Чынчылдык | | | |
| Эмгекчилдик | | | |
| Тартиптүүлүк | | | |
| Активдүүлүк | | | |
| Принципиалдуулук | | | |
| Максатка умтулуучулук | | | |
| Кызыгуучулук | | | |
| Эстетикалык өнүгүү | | | |
| Ден соолуктун чыңдыгы үчүн күрөшүү | | | |

Таблицанын негизинде группадагы тарбиялуулуктун деңгээлин жалпы аныктаса болот. Тарбиялуулуктун деңгээлин аныктоочу методика окуучулар жөнүндөгү маалыматтарды түрдүү ыкмалар менен билүүнү болжолдойт. Ошондой эле адилеттүүлүктү, сөз менен иштин бирдиктүүлүгүн б.а. дал келүүсүн, түздүктү ж.б. окуучудагы чынчылдыктын көрсөткүчтөрүн аныктоо үчүн байкоо,

аңгемелешүү, анкета, сочинение, эссе ж.б. усулдарды колдонсо да болот.


## Адабияттар

1. Аникеева М.П. Воспитание игрой: Книга для учителя. – М., 1987.
2. Басова Н. В. Педагогика и практическая психология. Ростов-на-Дону. 2000.
3. Бернс Р. В. Развитие Я-концепции и воспитание. – М., 1986.
4. Выготский Л. С. Педагогическая психология. – М., 1991.
5. Гаврилова Т. П. О воспитании нравственных чувств. – М., 1989.
6. Гильдре Ю.З., Верещак Е.П. Психология трудового воспитания школьников. – Киев, 1987.
7. Иващенко Ф. И. Психология трудового воспитания. – Минск, 1988.
8. Ковалев С. В. Психология семейных отношений. – М., 1987.
9. Кузнецова Г. И., Харченко В. Д. Психологические особенности недисциплинированных подростков. Вопросы психологии. – 1981 - №6.
10. Маркова А. К. Нравственность, агрессия, справедливость. Вопросы психологии.-1992 - №1.
11. Маленкова Л. И. Теория и методика воспитания. М.,2002.
12. Рувинский Л. И. Психолого-педагогические проблемы нравственного воспитания школьников. – М., 1981.
13. Селиванов В. И. Воля и ең воспитание. – М., 1976.
14. Столяренко А. М. Психология и педагогика.- М.,2001.
15. Фридман Л. М., Волков К. Н. Психологическая наука учителю. – М., 1985.
16. Цукерман Г. А., Елизарова Н.В. О детской самостоятельности. Вопросы психологии. – 1990 - №6.
17. Якунин В. А. Педагогическая психология. – М., 1998.


## 6 - сабак.
## 5 -практикалык сабак.

**Тема:** Өнүктүрүүчү окутуунун психологиялык негиздери. (2саат)

**Максаты:**
1. Азыркы окутуудагы өнүктүрүү прблемаларынын психологиялык маңызын ачып көрсөтүү.
2. Өнүктүрүүчү окутуудагы түшүнүктөр:“окутуу, озуп кетүү, өнүгүү” катары окуу-тарбиянын психологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо, аны билимдеринде колдонуу.

3. Л.В.Занковдун (Проблемалык окутуу), В. В. Давыдовдун (Теориялык өнүктүрүүчү окутуу) принциптерине дал келген сапаттын материалына даярдыгын текшерүү үчүн студенттерге мүмкүнчүлүк түзүп берүү.

**Сабактын жүрүшү.**

I. **Текшерүү үчүн суроолор.**

1. Традициялык жана өнүктүрүүчү окутуунун психологиялык мазмунуна салыштырма анализ.
2. Өнүктүрүүчү окутуу -Л.В.Занковдун системасында (принциптери, окутуунун приоритеттүү спецификасы).
3. Өнүктүрүүчү окутуу – В. В. Давыдовдун системасында.
4. Окутуунун психологиялык процесстерин (эс, ойлоо, көңүл буруу ж.б.) активдештирүүдө өнүктүрүүчү окутуунун тийгизген таасири.
5. Окутуунун комьютерлештирүүнүн психологиялык негизи.
6. Окутуунун традициялык эмес формасы (оюн, квн, диспут ж.б.)

II. **Өз алдынча иштер үчүн тапшырмалар.**
**Адабияттарды талдоо жана конспектилөө.**

1. Гальперин П. Я. О методе поэтапнного формирования умственных действий. Вопросы психологии. 1982. №1.
2. Давыдов В. В. Проблемы развивающего обучения. -М., 1986.
3. Занков Л. В. Обучение и развитие. -М., 1975.
4. Ильясов И. И. Структура процесса учения. - М., 1986.
5. Чуприкова Н. И. Умственная развития и обучение. Психологические основы развивающего обучения. -М., 1996.

III. **Реферат жана докладдардын темалары.**

1. Мектеп реформасынын негизги багыттары жана окуучуларды окутуудагы ийгиликтерди камсыз кылуудагы психологиянын милдеттери.
2. Окутуунун интерактивдүү методдорунун группалык формалары.
3. Группалык гипнопедия жана резервдеги мүмкүнчүлүктөрдү активдештирүү методдору.
4. Проблемалык-конфликттик окутуунун жолдору.
5. Окутуудагы инновациялык оюндар.

IV. **Психологиялык маселелер.**

**1-маселе.**

Биз баарыбыз окшошпойбуз бирибизге бирибиз,
Бул турмуштун эрежеси экендигин сезебиз.
Бул табияттын айтып бүткүс ченемдигин билебиз.

Мен бирөөгө таптакыр окшошбоймун,
Ар бир адам жаралган го өзгөчө,
Ага окшош төрөлбөйт бул дүйнөдө.

Рая М. 15 жашта.

**Суроолор:**

1. Бул ырда өнүктүрүүчү окутуунун кайсы принциби чагылдырылган?
2. Бул принципке теориялык жана практикалык негиздеме бергиле. (Ырда окутуу процессине коюлган кандай талаптар чагылдырылган?).

**2-маселе.**

"Компьютердеги оюндар - бул биздин кубанычыбыз жана кайгыбыз",- дейт информатика сабагынын окутуучусу. "Балдардын оюнга болгон кызыкчылыгы ушунчалык жогору дейсиз, андан алаксытуу проблеманы туудуруп келет. Кыйынчылык менен сабакка көңүлүн бурабыз. Аз гана бош убактылары болсо же окутуучу бир аз эле алаксып калса, алар компьютердик оюндарды ойной башташат. Муну байкай жүрүп, төмөндөгүдөй ой пайда болду:

Эмне үчүн бул процессти окутуунун мазмуну менен байланыштырсак болбойт? Эң сонун болмок! Бала ойноп жатып сабакты өздөштүрүүгө өткөндүгү натыйжаны берет.

**Суроолор:**

1. Эмне үчүн копьютердик оюндар окуучулардын көңүлүн өзүнө бурат?
2. Мугалим тарабынан окутуунун кандай формасы табылды? (Традициялыкпы же өнүктүрүүчү окутуубу? Жообуңарды негиздегиле).
3. Сабакта компьютерлерди колдонуу аркылуу окутуу жана үйрөтүү процессиндеги психологиялык проблемаларды чечүүнүн кандай перспективдүү жолдорун табууга болот?

**3-маселе.**

Мугалим окуучуларга Калык Акиевдин ырынан үзүндү келтирет. "Ыр канча өз алдынча сүйлөмдөрдүн үзүндүсүнөн тургандыгын аныктагыла" - деген тапшырманы берет:

Кочкор, Жумгал, Ак-Талаа
Тогуз-Торо, Нарын бар.
Ортосунда Нарындын
Областык шаары бар.

Эмгекчил элим өстүргөн,
Байлык, чарба малым бар.

Окуучулар ырдагы үзүндүдө төрт сүйлөм бар деп жооп беришти. – Эмнеге таянуу менен айттыңар? - деген мугалимдин суроосуна, - төрт сүйлөмдөн тургандыктан, төрт жерге токтолуп окудуңуз деп айтышты.

**Суроолор:**

1. Тапшырманы аткаруунун эффективдүүлүгү окуучулардын жашына же кандайдыр бир факторлорго көз каранды болобу?
2. Берилген фрагмент окутуунун кандай концепциясын же моделин иллюстрациялайт?

**4-маселе.**

Сүрөт сабагы.

--- Ким жазгы шамалдын сүрөтүн тартып жатат?-деп мугалим сурады.

Доскага экөө чыкты. Бирөөсүнүн тарткан сүрөтүндө үй жана үйдүн чатырындагы трубадан чыккан түтүндү шамал айдап жатат, Экинчи сүрөттө талдын бутактарынан жогору турган булуттарды шамал сүрүп бараткaны тартылган…

--- Эң сонун сүрөттөр,- мугалим тайманбас сүрөтчүлөрдү мактап койду.

--- Дагы эмнелерди кошсо болот? Кандай деталды? Карагылачы. Андан кийин мугалим доскага тик сызык жүргүзүп койду. Мындан кандайдыр бир предмет пайда болгудай кылып улантуу керектигин айтты. Бирөөнүкүнөн машина, экинчисинен крокодил, үчүнчүсүнөн адам, төртүнчүсүнөн бут кийим ж.б.у.с. пайда болду.

Класста шаңдуу күлкү жаңырды, ар ким өзү каалаганын кошкусу келет. Мына көрдүңүзбү, бир эле сызыктан көп нерсени чагылдырса болот. Ар бирибиз дүйнөнү көрө билүүбүз ар түрдүү экени байкалат.

**5-маселе.**

Тарбиячы паркка сейилдеп келүүнү уюштурду. Ал эң сонун живописттик жайды тандады да, окуучуларга өзүнүн тарткан сүрөтү үчүн рамка алып алуусун эскертти.

Качан гана бардыгы дөңсөөгө чыкканда, тарбиячы айтты: - Биз бүгүн силердин араңардан эң сонун кышкы пейжазды чагылдырган сүрөтчүнү тандап алабыз. Ким араңардан табияттагы эң коздукту тандап алып, ошол сүрөттүн сулуулугун далилдеп бере алса, анда ал кыргыз живопистери жөнүндөгү китепти белекке алат.

--- Ал сүрөттөр кай жерде? – окуучулардын бирөөсү сурады.
--- Алар силердин тегерегиңерде. Барагыңарды алып тарта баштагыла. Кимде-ким эң коозун тандаса, баарыбызды көрүүгө чакыргыла.

Окуучулар парктын живопистик бурчтарын издей башташты, сүрөттөрүн тартып алышып, көргөзүүгө шашып жатышты. Баарыныкынан Нургазынын сүрөтү эң кооз деп табылды. Ал үңкүргө карай кетчү эки аяк кар баскан жолду тандап алган. Аябай кубанган жана толкунданган балдар живописке болгон кызыгуусун, пейзажды краска менен тартуу каалоорунун жогорулагандыгын жашыра алышпады.

**6-маселе.**

Мугалим экинчи чейректин башталышында башталгыч класстын окуучуларына кайрылды:
--- Мага силер менен иштөө ыңгайлуу болсун үчүн мындайча отургузайын. Кимде ким “3” же андан төмөн баа алса, менин оң жагыма отурсун, “3”төн жогору баа алгандар менин сол жагыма олтурат. Эмне үчүн? Анткени сен “3” эмес, “5” же “4” ала баштасаң, анда мен сени башка катарга отургузам. Кайра эле “4” төн төмөн баа ала баштасаң, кайра ордуңа отургузам. Бул кыймылдуу оюн силердин окуудагы жетишкендиктериңердин күзгүсү болот. Менин оң жагыма отурган балдар менин жана классташтарынын жардамына көбүрөөк муктаж болушат. Алар дыкаттык менен даярданып, өзүнүн мектептеги жана үйдөгү ишине болгон мамилесин өзгөртө билүүсү керек.

**7-маселе.**

Биринчи класстагы окуучу кызга (1998 ж.) стандартсыз тапшырма берилди:
--- Сенин чоң энең кайсы жылы биринчи класска барган? Бул маселе оңой эмес, бирок аны чече алышыңа ишенем, - деди мугалим.
--- Менин чоң энем азыр 50 жашта.
--- Ал биринчи класска барганда канча жашта болчу?
--- Мага канча болсо, ага да ошончо болчу, демек 7 жашында барган.
--- Абдан жакшы, сенин чоң энең мектепке баргандан бери канча жыл өттү?
--- Мектепке 7 жашында барган, демек, - кыз ой жүгүртүп жатат, - азыр элүүдө болсо, анда элүүдөн жетини кемитсек кырк үч калат. 1998 ден 43тү кемитип салсак, 1955 келип чыгат. Ура! Мен билдим, менин чоң энем кайсыл жылы мектепке барганын таптым. Ал 1955-жылы биринчи класста окуган!

--- Азамат! Сен туура таптың, ушундай татаал маселени ийгиликтүү чече алдың.

**Суроолор:**

1. Бул фрагменттерде окутуунун кандай формасы чагылдырылган?
2. Педагогдун окутууну уюштурууда салтка айланган класстык – сабак формасынын чегинен чыгуусунун баалуулугу эмнеде?
3. Мугалимдин окутуудагы тандап алган стратегиялык багыттары кандай психологиялык процесстерди активдештирет?

**8-маселе. Психологиялык миниатюра.**

Сизди кызыктырган өнүктүрүүчү окутуунун концепциясынын моделин чагылдырган психолого-педагогикалык миниатюраны түзүңүз.

Өнүктүрүүчү окутуу Л. С. Выготскийдин алдыга озуп кетүүчү өнүгүү принцибин жемиштүү реализациялайт. Ойлоо процессин активтештирүү жана ойлоонун стандартсыз өнүгүүсүн камсыз кылуу өнүктүрүүчү окутуунун негизги маселеринен болуп эсептелет. Ойлоо процесстеринин кыймылдуулугун жана стандартсыз ойлоонун деңгээлдерин аныктоо үчүн төмөнкү тапшырмалар сунуш кылынат.

**Ойлоонун жекече өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү**

Акыл сапаттарга мүнөздөмө.

**1-маселе.**

Экөө көлгө келишти. Жээкте бир гана адам батчу кайык турган. Алар экөө тең ошол кайык менен көлдөн өтүп кетишти да, жолдорун улантышты. Мунун айласын кантип табышты?

**2-маселе.**

а) Атасы жана баласы автомобиль кырсыгына учурашты. Атасы ооруканага жетпей көз жумду. Баласын реанимацияга алып келишип, операцияга даярдап жатышты. Оорулууга врач-хирург келди да, бул анын баласы экенин айтып, операция кыла албайм деп айтты. Ушундай болушу мүмкүнбү?

б) О.э. мындай кырдаалдар кезигиши мүмкүнбү? Кара кийинген адам үйүнө бараткан жигитти жолуктурду да, ага: «Кечээ кечинде апаң көз жумду» - деди. Кара кийинген адам жигиттин атасы болчу.

в) Мен ага коңшумун, ал мага коңшу эмес.

г) Ал менин чоң атам, мен ага небере эмесмин.

д) Мен сиздин кызыңызмын, бирок сиз мага эне эмессиз.
е) Менин эжем бар, бирок менин эжелеримдин сиңдилери жок.
( Анда алар кимдер ойлонгулачы?)

**3-маселе.** Карым-катнаш процессин мүнөздө.

Катардагы сөздөрдүн ичинен маанилик жагынан дал келбеген ашыкча сөздү сызып салгыла.

1. Ит, уй, кой, тай, мышык.
   Ит, уй, кой, тай, жылкы.

2. Футбол, хоккей, гандбол, баскетбол, ватерпол.
   Футбол, хоккей, гандбол, баскетбол, бадминтон.

3. Енисей, Печора, Индигарка.
   Енисей, Обь, Печора, Лена, Дон.

**4-маселе.** Мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилде.
1. # : # + Марс, Арфа, Озон, Такт, Реле.
2. # 0-: Атом, Араб, Тест, Упай, Тора.
3. X :- 0#0 Препарат, квартира, скалка, динамон, скарпион.
4. 0+? + - # - ? келишим, травиота, мүнөз, моноплан, трантас.

**5-маселе.** Логикалуулукту изилде.
1. Ч. Айтматовдун бардык чыгармаларын бир түндө окуп чыгууга мүмкүн эмес. “Кыямат” романы - Ч. Айтматовдун чыгармасы. “Кыямат” романын бир түндө окуп чыгуу мүмкүн эмес.
2. Алдап тоноочулук менен алектенгендер жаза жоопкерчилигине тартылышат. Т. алдап тоноочулук менен алектенген эмес. Демек Т. жаза жоопкерчилигине тартылбайбы?
3. Бардык араб улутундагылар кара тору келишет. Ахмед кара тору жигит. Демек Ахмед араб улутунанбы?
4. Сиз мен эмессиз, мен - адаммын. Анда сиз кимсиз?

**6-маселе.** Жалпы түшүнүктөрдү ачып көрсөтүү.

Түпкү келип чыгуу белгилерине карай сөздөрдү тандап чыгуу керек. Бөлүнүп көрсөтүлгөн, негизги сөз менен байланыштыгы бар кашаанын ичиндеги эки сөздү бөлүп көрсөткүлө.

- Бак (өсүмдүк, багбан, ит, тосмо, жер)
- Көл (жээк, балык, балыкчы, суу, чункур)
- Куб (кырлар, сызык, жактары, таш, дарак)
- Китеп (сүрөт, согуш, барак, сүйүү, текст)

• Сүйүү (розалар, сезим, адам, шаар, жаратылыш).

**7-маселе.** Түшүнүктөрдү чыгарып таштоо.

Берилген беш сөздүн ичинен төрт сөз бири – бири менен байланыштуулугу бар, бешинчи сөз берилген түшүнүктөр менен дал келбейт. Ашыкча сөздү чыгарып таштагыла.

- Жолу болбоочулук, толкундануу, жеңилүү, иши оңунан чыкпай калуу, таш-талканы чыгып кыйроо.
- Талоончулук, уурдоочулук, жер титирөө, өрттөө, бейпилчилик.
- Жалбырак, тамыр, сабак, түрп, бутакча.
- Секунда, саат, жыл, кеч, жума;
- Караңгы, жарык, көгүш, ачык, күңүрт;

**8-маселе.**

Төмөндөгү түшүнүктөргө аныктама бергиле:

Ушул эле түшүнүктөрдүн белгилерин атагыла.

Ак кайың, дарак, тоо, кайраттуулук, эмгек.

**9-маселе.**

Түшүнүктөрдү салыштыргыла: отургуч – мебель, баатыр-баатырдык, тарых – математика.

Ар бир түгөй түшүнүктөрдүн багытын көрсөткүлө.

**10-маселе.**

Сүйлөмдөрдүн маанисин ачып көрсөткүлө: “Темирди ысыгында бас”, “Бекердин тузу татыбайт”.

**11-маселе.**

Белгисиз сүрөттүн (картинанын) репродукциясын карап көрүп, ага ат койгула. Эмне үчүн мындай ат коюлду? Түшүндүргүлө.

**12-маселе.**

25 санынын квадраттык тамыры 5 экендиги баарыбызга маалым. Анда 43 санынын квадраттык тамыры канчага барабар? Эч кандай таблицаны, чыгарылыштарды пайдаланбай туруп, кандай сандардын ортосунан тамыр келип чыгаарын атагыла.

Эс процесси менен ой жүгүртүү процессинин кай жерден кезиккенин түшүндүргүлө.

**13-маселе.**

7-класстын окуучусу текшерүү ишинде: " Жөргөмүш сымалдар кургак жерде гана жашашат, анткени алардын бакалоору жок", – деп жазган. Мугалим анын пикирин туура эмес деп тапты. Мугалим окуучу тарабынан кетирилген катаны катип оңдосо туура болоор эле?

а) "Алардын бакалоору жок болгондуктан кургактыкта жашашат" – деп жазуу керек.

б) "Организмдин түзүлүшү айлана–чөйрөгө байланыштуу болгондуктан же тескерисинче, айлана-чөйрөгө ыңгайлашуу органдардын түзүлүүсүнө көз каранды" – деп жазуу керек.

в) «Жок мындай болууга мүмкүн эмес, ойлон! » - деп жазуу керек.

Жогорудагы келтирилген варианттардын кайсынысы ойлоонун өнүгүүсүнө, акыл иш аракетинин ийкемдүүлүгүнө шарт түзөт?

**14-маселе.**

Жашы бир топко барып калган киши дубалда илинип турган портретти карап турду. «Кимдин портретин карап турасың?» - деп андан сурашты. Киши: «Үй-бүлөбүздө жалгыз куурай дарактай өзүм чоңойдум. Ошентсе да портретте турган адамдын атасы-менин атамдын баласы».

Киши кимдин портретин карап турган болчу?

**15-маселе.**


а) Жалпы суммасы 15 тыйын болгон эки монетам бар. Алардын бирөөсү 5 тыйындык эмес. Бул эмне деген монеталар?

б) Кимдир бирөөңөр католицизм жөнүндө бирдемке айта аласыңарбы? Католик өзүнүн жесир аялынын эжесине үйлөнө алабы?

в) Ж жана П тамгаларынын ортосунда эмне жатат? Ойлонуп жооп бергиле.

**16-маселе.**

6 таякчадан 4 үч бурчтукту түзгүлө.



### *Ойлоо процесстери жана ойлоонун кыймылдуулугун изилдөө*

Төмөндө 12 тапшырма берилген: Бирөөсү психолингвистикалык көнүгүүдөн, экинчиси сүйлөө речибиздин таануу (гностикалык) функциясына ылайыкташкан бир этюддан турат. Тапшырмаларга б.а. көнүгүү менен этюддарга иллюстрациялар чагылдырган. Берилген тапшырмаларды чечүү ойлоо процессинин жана стандартсыз ой жүгүртүүнүн кыймылдуулугуна күбө болот.

**1-тапшырма.**

5 тегерекченин сүрөтү тартылган. Изилдөөчү «Баштагыла!» деген команданы берет. Бардык изилденүүчүлөр ар бир экинчи тегерекчеге крест коюп чыгуулары керек. Тапшырманы аткарууга 5 секунда берилет.

«Карандашыңарды столго койгула». (Бул сүйлөм инструктор тарабынан ар тапшырмадан кийин кайталанып туруусу зарыл).

**2-тапшырма.**

Тогуз тегерекче берилген. «Баштагыла!» деген команда берилгенде, ар бир төртүнчү жана бешинчи тегерекке чекит белгиси коюлуусу керек.

**3-тапшырма.**

Квадратта жатпаган үч бурчтукка чекит белгисин, үч бурчтукта жатпаган квадраттын астын сызуу керек. Тапшырманы аткаруу үчүн 10 секунд берилет.

**4-тапшырма.**

Үч бурчтук, квадрат жана тегерек берилген. Квадратта да, үч бурчтукта да жатпаган, бирок квадратта жаткан, тегеректе жатпаган тегеректин ордуна бир деген белгини коюу керек. Тапшырманы аткаруу үчүн 10 секунд берилет.

**5-тапшырма.**

Үч бош тегерек жана Ооба, Жок деген эки сөз берилген. Берилген сүйлөмдөгү ойду дароо түшүнүү керек деген эскертүү болот. Мына ошондо гана берилген тапшырманы чечүүгө болот… « Эгерде велосипедист жөө адамга караганда чоң ылдамдык менен жүрө алса, анда үчүнчү тегерекке крест белгисин коюу керек. Эгер жүрө албаса, берилген сөздү сызып салуу керек».

**6-тапшырма.**

Беш бош тегерекче берилген. Экинчи тегерекчеге сан жазылуусу керек. Ал сан бир жылда канча ай бар деген суроонун жообу болушу керек. Үчүнчү тегерекчеге эч нерсе койбойсуздар, төртүнчү тегерекчеге ошол эле суроонун туура эмес жообу жазылыш керек. Тапшырманы аткарууга 10 секунд берилет.

**7-тапшырма.**

Тамгалардын катары берилген… Е тамгасынын алдындагы тамганы өчүрүп, К тамгасынан кийинки экинчи тамганын алдын сызуу керек. Тапшырманы аткаруу үчүн 10 секунд берилет.

**8-тапшырма.**

Үч тегерекче жана үч сөз берилген. Биринчи тегерекчеге биринчи сөздүн акыркы тамгасын, экинчи тегерекке экинчи сөздүн биринчи тамгасын, үчүнчү тегерекчеге акыркы сөздүн биринчи тамгасын жазуу керек. Тапшырманы аткаруу үчүн 10 секунд берилет.

**9-тапшырма.**

30дан жогору жана 40тан төмөн болгон сандардын баарын сызып салуу керек. Тапшырманы аткаруу үчүн 15 секунд берилет.

**10-тапшырма.**

Чоң жана кичине клеткалардын катары берилген. 2 же 3 деген санды эң чоң клеткаларга жана 4 же 7 деген санды кичине клетканын жанында турган клеткага жазуу керек. Тапшырманы аткаруу үчүн 15 секунд берилет.

**11-тапшырма.**


Тегерек, квадрат жана үч бурчтук берилген. Аларда так жана жуп сандар о.э.тамгалар жазылган. Квадратта тамга менен кошо турган бардык так сандарды сызып салуу керек. Тапшырманы аткаруу үчүн 25 секунд берилет.


**12-тапшырма.**

Бул жерде да берилген ойду дароо түшүнүү талап кылынат. «Көңүл бургула! Эгерде 5 саны 7ден кем болсо, анда 6 санын сызып салуу керек. Эгерде 6 саны 8 санынан чоң болсо, анда 9 деген цифранын алдын сызуу керек.» Тапшырманы аткарууга 10 секунд берилет.

1 

2. 


3. 

4. 

5. 

Ооба, Жок.


6. 

7. а б в г д е ж з и к л м н о п р

8.  токой көл талаа

9. 34-79-56-87-68-25-82-47-27-31-64-93-71-41-52-99

10.



11. 


12. 1 2 3 4 5 6 7 8 9

**Адабияттар**


1. Айзенк Г. Проверь свои способности. –М.,1972.
2. Басова Н. В. Педагогика и практическая психология. Ростов-на-Дону, 2000.
3. Блонский П. П. Избранные педагогические и психологические сочинения. –М., 1979.
4. Боно Э. Рождение новой идеи. О не шаблонности мышления. –М., 1976.

5. Брушлинский А. В. Продуктивное мышление и проблемное обучение. –М.,1983.
6. Выготский Л. С. Детская психология. Ч.2.: Вопросы детской психологии. Собр. Соч. В 6 т. –М.,1984.
7. Гергей Т., Машбиц Е. И. Психолого-педагогические проблемы эффективного применение компьютеров в учебном процессе. Вопросы психологии. –1985. -№3 с.41-49.
8. Гальперин П. Я. О методе поэтапного формирования умственных действий. Вопросы психологии. –1983. - №2. С. 31-39.
9. Давыдов В. В. Виды обобщения в обучении. –М.,1984.
10. Давыдов В. В. Проблемы развивающего обучения. –М.,1986.
11. Ильясов И. И. Структура процесса учения. –М.,1986.
12. Лингарт И. Процесс и структура человеческого учения.–М.,1970.
13. Ломов Б. Ф. Научно – технический пргресс и средства умственного развития человека. Психологический журнал. -М., –1985. №6.
14. Мухина В. С. Возрастная психология. –М.,1997.
15. Матюшкин А. М. Психологическая структура, динамика и развитие познавательной активности. –1982. -№4.
16. Махмутов М. И. Принципы проблемности в обучении. Вопросы психологии. 1984. №5. С.21-29.
17. Мерхорн Г., Мерхорн Х. Гениями не рождаются. Общество и способности человека: Книга для учителя. –М.,1989.
18. Смирнова Е.О. Психология ребенка М.,1997.
19. Талызина Н.Ф. Педагогическая психология. –М.,1998.
20. Хрестоматия по возрастной и педагогической психологии. Под. Ред. И.И.Ильясова, В.Я. Ляудас. –М..1981.
21. Чуприкова Н.И. Умственное развитие и обучение. Психологические основы развивающего обучения. М.,1996.
22. Якунин В. А. Педагогическая психология. –Санкт-Петербург 1998г.

## 7-сабак.
## 6-практикалык сабак.

**Тема:** Педагогикалык карым-катнаш. (2 саат)

**Максаты:**

1. Педагогикалык карым-катнаштын психологиялык өзгөчөлүктөрүн студенттерге үйрөтүү.
2. Турмуштук жагдайларда: сабактагы, класс менен болгон аңгемелешүүдөгү, жекече учурлардагы мугалим менен окуучунун өз ара мамилелеринин өзгөчөлүктөрүн карап чыгуу.

3. Стуленттерди педагогикалык карым-катнаш навыктарына калыптандыруу.
4. Студенттердеги мамилелешүү, сүйлөшүү маданиятын өнүктүрүү.

**Сабактын жүрүшү.**

**I. Текшерүү үчүн суроолор.**

1. Карым-катнаш психологиясына жалпы мүнөздөмө.
2. Педагогикалык карым-катнаш, педагогикалык карым-катнаштын багыты жана өзгөчөлүгү.
3. Педагогикалык карым-катнаштын биримдиги.
4. Педагогикалык карым-катнаштын стилдери.
5. Педагогикалык карым-катнаштын натыйжалуулугун камсыз кылуучу факторлор.
6. Педагогикалык карым-катнашка кыйынчылык туудуруучу факторлор.

**II. Студенттердин өз алдынча чыгармачылык иштери үчүн тапшырмалар.**

**Адабияттарды талдап чыгуу жана конспектилөө.**

1. Бороздина Г. В. Психология делового общения. – М., 2000г.
2. Кан-Калик В. А. Учителю о педагогическом общении. –М.,1987.
3. Карнеги Д. Как вырабатывать уверенность в себе и влиять на людей, выступая публично. – Минск, 1990.
4. Леонтьев А. А. Психология общения. – М., 1997.
5. Под. ред. М. В. Гамезо Возрастная и педагогическая психология. -М., 1987.
6. Гамезо М. В., Герасимова В. С., Горелова П. П., Орлова Л. М. Возрастная психология. - М., 2002.
7. Якунин В. А. Педагогическая психология. - М., 1998.

**III. Докладдар жана рефераттар үчүн темалар.**

1. Карым-катнаштын эрежеси жана техникасы.
2. Мугалимдин личносттор аралык мамилеси.
3. Педагогикалык карым-катнаштын этикасы.

**1. Психологиялык маселелерди чечүү.**

**1-маселе.**

Педагогикалык карым-катнаш - бул баарынан мурда мугалим менен окуучунун өз ара мамилесинин туура жолго коюлушу болуп эсептелет. Адилеттүү талап коюлган учурда деле педагог менен баланын ортосунда түшүнбөстүктөр келип чыгуусу мүмкүн. Мына

ошонун натыйжасында тарбия иштеринде олуттуу маселелер пайда болот. Ушуга байланыштуу бир мисал келтирели:

Дамира 8-класска чейин алдыңкы, үлгүлүү окуучулардан болчу. Бардык предметтерден жакшы жетишкендиктерге ээ болчу. 9-класска келгенде ал жактырбаган физика деген предмет пайда болду. 10-класста физика предметинин мугалими менен таптакыр мамилеси бузулду. Ушул гана предметтен артта калып жаткандыгын сезген Дамира акыркы чейректе физикадан тырышып окуй баштады, окуу материалын өздөштүрдү, бирок сабакта бир да жолу колун көтөрүп койбоду. Мугалим байкабаган түр көрсөттү да, кызды бир да жолу сурап койбоду. Мындай көрүнүшкө кыз чыдай албай сабакка жолтоо болчу аракеттерди жасай баштады. Бир күнү мугалим кызды сабактан чыгарып жиберди.

**Суроолор:**

1. Мугалим менен окуучунун ортосундагы татаалдашкан өз ара карым-катнашты кантип мүнөздөөгө болот?
2. Түшүнбөөчүлүк феноменин психологияда эмне деп аташат?

Келтирилген мисалды педагогикалык карым-катнашка таасирин тийгизген фактор катары карасак болобу?

**2-маселе.**

Төмөндөгү окуучулардын берген ой-пикирлеринен мугалимдеги кандай негизги кесиптик сапаттарды билсек болот?

"Ал аябай катуу талап коюучу, ошентсе да окуучулар аны жакшы көрчүбүз. Анын жакшы көргөн окуучусу болчу эмес, баарыбызды тең көрчү".

"А.З. алгачкы жолу сабак өтө баштаганда эле мендеги симпатияга ээ болгон болчу. Анын сабагы расписаниеге коюлган күндөр биздин мектептеги минуталарыбыздын эң кубанычтуусу эле. Катуу мүнөз жана талап кое билген мугалимибиз, биздин ар бир сабакка болгон даярдыгыбызды аңдатты. Мына ошондон тартып чын дилибизден окууга болгон каалообуз пайда болду".

**Суроолор:**

1. Силердин оюуңар боюнча, мугалимдеги кандай сапат окуучулардын сыйлоосуна дуушар болду?
2. Келтирилген мисалдан мугалим менен окуучулардын ортосундагы педагогикалык карым-катнашка мүнөздөмө бергиле.
3. Мугалим тандап алган педагогикалык карым-катнаштын стилин кандайча атаса болот?

**3-маселе.**

Бир жолу окуучулардын ичинен географ Олег Иванович карта боюнча сүйлөп берүү үчүн Кузина Мишаны тандады. Бала аракетчил болчу, бирок дайыма эле сабакка жакшы даярданып келчү эмес. Анан да айтканынан кайтпаган кежир, өжөр жана кыйкымчыл бала болчу…

Мугалим ага жеңил эле:

- "Австралияны картадан таап берчи?"-деген суроону берди. Миша муну угаары менен өзүн жоготуп кое жаздап, араң отургучтан турду да, мугалимдин жанына келди. Ал мугалимге кунөөлүүдөй тиктеп, картага карай бурулду. Мугалим анын абалына түшүнүп койду, жанына келип колун Мишанын желкесине коюп, мээримдүү жылмая:

- Эч кыжаалат болбо, баары жакшы болот. Мына сага таякча, коркпостон баштай бер! Анткени сен билесин да - Олег Иванович өспүрүмдөгү ишенимди ойготкусу келди.

- Кузин акырын картага бурулду. Бирок ал Чыгыш жарым шарынан эмес, Батыштан издей баштады. Класс ызы-чуу боло түштү.

- Тынчтанабыз кымбаттууларым! Жолтоо болууну токтоткула,- деди мугалим - Миша азыр өзү эптеп кетет. Болгону сураныч, тынчыраак отургула…

Бирок Кузин ошол ордунан жылбады. Өзүн ыңгайсыз сезип, жан-дүйнөсүндө будуң-чаң түшүп жатты. Бала канчалык тиленсе да, ичинен кудайга жалынып-жалбарып картадан эки эмес, бир эле жарым шарды көргүсү келди…

Ошентсе да Олег Иванович өзүн токтоо кармады. Анын ордунда башка бирөө болгондо Мишага бир нече эскертүүлөрдү берип, кыйкыра урушуп ордуна отургузуп коймок. Бирок мугалимдин жүзү мурдагыдан өзгөргөн жок, кунт коюу менен карап турду.

Классты ымдай тынчтандырды да, Мишаны өзүнө чакырып, айтты:

- Мындай учур болуп турат, Миша. Кээде адам зарыл нерсени айткысы келет, жакшы даярданган болот, бирок эмнегедир бирдемке жолтоо болот, башкача айтканда толкунданат. Мындай кырдаалдар белгилүү артисттерде да кезиккен: роль аткараарда сөздөрүн жатка жаттаган, сценага чыгышы менен эле унутуп калышкан. Мындай шартта суфлер жардам берген… Жүрү картага, эми жакшылап ойлонобуз…

Баланы колдон ала Олег Иванович картага алып келди:

- Айтып көрчү, канча жарым шар бар эле? Сен аны үстүртөдөн билесиң да…

- Экөө: Батыш жана Чыгыш, - Кузин жооп берди.

- Мына көрдүңбү, абдан жакшы! Мен сенден туура жооп алаарыма ишенгемин. Эми эстечи кайсы жарым шарда жарыктык бөлүгү көп тиет?

- Чыгыш жарым шарына, - деди Миша.

-Эң туура. Эми ойлончу, Австралияны кайдан издесек болчудай? Кайсы жарым шарга барышыбыз керек?

Ушул сөздөрдөн кийин гана Мишанын көз алдына эки чоң айлана сымал жарым шарлар көрүндү. Ар түрдүү түскө боелгон, гүл жайнаган жапжашыл Австралияны Батыш жарым шарынан издегенине өкүнө түштү.

Кузин абдан ишеничтүү жана тартынбастан Австралияны сүйлөп кирди…

Олег Иванович анын жоопторун кунт коюп укту. Баланы алаксытып жибербейин деп ордунан жылбай да койду. Ал Мишанын жетишкендигине чын дилинен кубангандыгын жашыра албады. Качан гана окуучусу ангемесин айтып бүткөндө, Олег Иванович мындай деди:

- Азамат! Мына акылдуум десе! Көрсө сен китепте жазылгандан да көптү билет турбайсыңбы. Жообуңа абдан ыраазымын!

Миша кызара түшүп, бактылуу тейизде ботинкасынын учун оңтойсуздана карап калды. Ал танаписте коридордо чыныгы баатырдай басып бара жатты.

__Суроолор:__

1. Берилген кырдаалдагы окуучунун абалын сүрөттөгүлө.
2. Педагогдун окуучу менен болгон өз ара аракеттенүүсүнүн мунөзүнө баа бергиле.
3. Педагогдун журум турум манерасы жана стили анын жашына, эмгек стажына көз карандыбы? Аргументтештирилген жоопту бергиле.
4. Мугалимдин тандап алган мамилелешүү стили класс окуучуларына кандай таасирин тийгизет?

**4-маселе.**

Айжандын тартынчаактыгын билген мугалим ага алдын ала эскертти:

-Жакында сени сурайммын. Мына сага окуй турган текст, ага өз алдыңча даярдана аласың. Кызга окуй турган тексттин карточкасын берди. Айжандын өз ойлорун жыйнап алуусуна жана оңтойсуздануусун тыюуга дагы убакыт бар. Көпчүлүк окуучуларга эжекеси жогору бааларды койгон, ал эми Айжанда таптакыр баа

аттуу жок. Кыз аябай толкунданып чыкты, окуу ага жеңилге турбады.

**Суроолор:**

1. Мындай окуу процессин уюштуруунун баалуулугу эмнеде?
2. Бул көрүнүштө педагогикалык карым-катнаштын натыйжалуулугун камсыз кылуучу кандай психологиялык механизм чагылдырылган?
3. Жогорудагы мисалдан окуучу менен мугалимдин ортосундагы өз ара карым-катнашты кандайча мүнөздөсө болот?
4. Мугалим берилген кырдаалда карым-катнаштын кандай стилин колдонду?

***Психологиялык диспут***

***"Педагогикалык карым-катнаштын стили"***

**Максаты:** Студенттердеги карым-катнаштын стилдерин аныктоо. Педагогикалык карым-катнаш стилдерине көнүктүрүү жана туура стилди тандап алуусуна көмөк көрсөтүү.

**Жүрүшү:**

Студенттерге тандап алган стилдерине жараша эки оппозициялык группага бөлүнүү сунуш кылынат. (Айталы, авторитардык - демократиялык).

Тандап алган педагогикалык карым-катнаштын стилине жараша ар бир группа тезистерин так формировкалашы керек, оппоненттин тезисине карата далилдердин системасын түзүүлөрү керек, жыйынтык чыгарышат.

(Жарыш формасындагы же кезектешкен формадагы диспутту уюштурууга болот).

Эскертме "*Талаш учурундагы беш чаташуу*"

*Аңгемелешүүчү маалыматтуулугун жогору баалайт.*

Сиз түнт адамсыз, сиздин оюңузча шеригиңизге бардыгы белгилүү, түшүнүктүү деп ойлойсуз го. Мунун жыйынтыгы сиздин далилдериңиздин аргументтештирилүүсүн камсыз кылбай коюу менен аяктайт.

*Эмоцияга жооп кайтаруу.*

Сиздин сунушуңуз оппоненттериңизде өзүңүздөгүдөй эле эмоцияны жаратат деп турасыз го. Эмоция менен сезим баарынан

мурда мотивдер менен байланышкан. Алар оппонентиңизге караганда сизде таптакыр башкача болушу мүмкүн.

*Күчтүн теңсиздиги*

Сиз өзүңүздөгү мүмкүнчүлүктөрдү жана жөндөмдүүлүктү жогорулатып, каршылашыңыздын күчүн четке кагуудасыз.

*Жалган мотивациялуулук*

Сиз баарлашуучуңуздун жүрүм-турумуна дал келбеген мотивди ага таңуудасыз, о.э. жалган багытка күчүңүздү, убактыңызды кетирип жатасыз.

*Каршылашына акыл үйрөтүү.*

Эмоционалдык жактан таасир этүү балким ишибизди алдыга жылдырмак. Цицерондун айткандарын эске салсаңыз: "Чечен, даанышман адам эки негизги сапатка ээ болуусу ылаазым: биринчиден так далилдер менен ишендире алуусу керек, экинчиден угуучунун жан дүйнөсүн чыныгы сөзмөрдүгү менен ынандырып, толкундантуусу зарыл".

**Талашка катышуучулар үчүн жети эреже**

1. Аргументтерди келтиргенде сизди жана каршылашыңызды ынандыра алуучу гана далилдерди колдонуңуз.
2. Эгерде сиздин далилдериңиз четке кагылса, анда мунун себептерин издеңиз жана сүйлөшүү учурунда аны бетке тута берүүнүн зарылчылыгы жок.
3. Каршылашыңыздын келтирген күчтүү далилдерине акаарат келтирбеңиз, тескерисинче аның олутуулугун белгилеп, туура түшүнгөндүгүңүздү билдириңиз.
4. Сиздин аргументтериңиз шериктешиңиздин айткандары менен дал келбесе, анда аны шериктешиңиздин далилдерине жооп бергениңизден кийин гана келтириңиз.
5. Аргументацияңыздын темпин шериктешиңиздин темпераментинин өзгөчөлүгүнө жараша ылайыкташтырыңыз.
6. Артыкча ишендире берүүчүлүк сокку берүүгө алып келиши мүмкүн экендигин эске алыңыз. Шериктешиңизге үстөмдүк кыла берүү албетте таарынычты пайда кылат.
7. Жетишкендикке ээ кыла ала турган бир же эки так, көрүнүктүү аргументти келтириңиз, болбосо аны чектеңиз.

*Психологиялык миниатюра*

Сиз тандап алган психологиялык карым-катнаштын стилин чагылдырган психолого-педагогикалык миниатюраны түзүңүз.

***Мугалимдин мамилечилдик деңгээлинин диагностикасы. Студенттердин коммуникативдик иш-аракеттеринин картасын түзүү.***

***Карым-катнашта өзүн-өзү текшерип, баалоого сунушталган тест.***

Жол-жобосу: Кээ бир кырдаалга карата сиздин реакцияңызды текшерүүчү 10 суроону кунт коюу менен окуп чыгыңыз. Ар бирин сиз туура же туура эмес деп баалашыңыз керек. Эгерде туура деп жооп берсеңиз катар номердин жанына “Т” деген белгини, туура эмес десеңиз “Э” деген белгини коюп чыгыңыз.

1. Адамдардын кылык-жоругун тууроо искусствосу мен үчүн кыйындай туулат.
2. Айлана-чөйрөдөгүлөрдүн көңүлүн бурдуртуу же таң калтыруу үчүн келесоолонушум да мүмкүн.
3. Менден жаман эмес актер чыгышы мүмкүн эле.
4. Кээде башка адамдарга терең кайгырып жаткандай сезилем, бирок чындыгында эле ушундай болот.
5. Мен компанияда отурганда кээде гана көңүлдүн борборунда болом.
6. Мен ар түрдүү кырдаалдарда жана ар кандай адамдар менен болгон мамилелешүүдө тез-тез өзгөрүлүп турам.
7. Мен эмнеге чын дилимден ынансам, ошону гана жасайм.
8. Жумушумдагы жана адамдар менен болгон карым-катнашта мени кандай кабыл алгылары келсе, ошондой болууга аракеттенем.
9. Мен өзүм жактырбаган адамдар менен да достук мамиледе боло алам.
10. Мен дайыма сиз көрүп тургандай эмесмин.

*Жыйынтыктын иштелмеси:* 1, 5, 7, деген суроолордун “Т” жоопторуна жана калган бардык суроолордун “Э” жоопторуна бир упайдан чегерилет. Упайларды суммалаңыз. Эгерде сиз суроолорго чын дилиңизден жооп берсеңиз, анда төмөндөгүдөй жыйынтыкка ээ болдуңуз:

***0-3 упай*** – сизде коммуникативдик карым-катнаш төмөн деңгээлде. Сиздин жүрүм-турумуңуз туруктуу жана сиз кырдаалга

жараша өзгөрүп турууну жактырбайсыз. Мамилелешүүдө чын дилиңизден ачык-айрым болууга аракеттенесиз. Ошондуктан кээ бир адамдар сиздин жаап-жашырбаган түздүгүңүздөн сиз менен болгон баарлашууда ыңгайсыз абалда калышат.

*4-6 упай–* сиздеги коммуникативдик карым-катнаш орто деңгээлде. Сиз ак көңүлсүз, бирок эмоционалдык жактан туруксузсуз. Жүрүм-турумуңузду текшерип, айлана-чөйрөдөгү адамдар менен эсептеше аласыз.

*7-10 упай* – сиздеги коммуникативдик карым-катнаш өтө жогору. Сиз турмушта кандай гана роль болбосун ойноп кете аласыз, кырдаалга жараша ийкемдүүлүк менен өзгөрөсүз. Айлана – чөйрөдөгүлөрдүн эсинде көпкө чейин калууга жөндөмдүүсүз. Адамдар арасында өзүңүздү эркин, жакшы сезесиз.

Жогору коммуникативдик деңгээлге ээ болгон адамдар дайым өздөрүнүн үстүнөн текшерип турушат. Өздөрүн кай жерде кандай алып жүрүүнү жакшы билишет, эмоциясын башкара алышат. Алар алдын–ала пландаштырылбаган кырдаалдарды жактырышпайт жана "Мени азыр кандай көрүп турсаңыз, ошондой адаммын"- деген позицияны тутунушат.

Төмөнкү деңгээлдеги коммуникативдик карым-катнашка ээ болгондор ачык-айрым, маанайы кырдаалга жараша өзгөрө бербеген, туруктуу мүнөзгө ээ болушат. Карым-катнаштагы өз ара натыйжалуулукка тоскоолдук кылуучу ар түрдүү факторлордун ичинен эң белгилүүсү болгон карым-катнаштагы барьерди жакшы билебиз. Мына ушундай обьективдүү факторлор алыстатуучулукту, жек көрүүчүлүктү пайда кылаары шексиз.

Карым-катнаштагы личносттордун өзгөчөлүктөрү менен байланышкан субьективдүү факторлорду ачып көрсөтүү, анализдөө жана жоюп таштоо психологиялык кызматтын негизги милдеттеринен.

### *Коммуникативдик иш-аракеттин картасы*

Педагогдун карым-катнаштагы стилинин сапаттык жактан баалоо үчүн коммуникативдик иш-аракеттин тесттик картасын толтуруу сунушталат. Бул үчүн эксперт катары аудитория менен болгон карым-катнаштагы тажрыйбасы бар 4-5 адам тартылат. Орточо баалардын жыйынтыгы чыкканга чейин ар бир эксперт өз алдынча иштешет. Баалоо төмөндөгү шкала боюнча жүргүзүлөт жана педагогко коюлган тигил же бул баалар, алардагы кандай аракеттерди жараткандыгы, талкуунун негизинде жыйынтыкталат.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Боорукердик | 7 | 6 | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 | Таш боордук |
| 2 | Кызыгуучулук | 7 | 6 | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 | Кош көңүлдүк |
| 3 | Окуучулардагы демилгелүүлүктү колдоо. | 7 | 6 | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 | Демилгелүүлүктү четке кагуу |
| 4 | Ачык-айрымдуулук (ички сезимдерди эркин билдирүү). | 7 | 6 | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 | Түнттүк (социалдык ролун кармап турууга аракеттенүү, жетишпестиктерге коркуу, кадыр баркы үчүн тынчсыздануу). |
| 5 | Активдүүлүк (дайыма карым-катнашта болуу, окуучулардагы ынтызарлыкты кармоо). | 7 | 6 | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 | Пассивдүүлүк (карым катнаш процессин башкара албоочулук, ага кайдыгер мамиле кылуу). |
| 6 | Ийкемдүүлүк (пайда болгон проблемаларды, конфликтти тез байкоо жана чече билүүчүлүк. | 7 | 6 | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 | Катаалдык (аудиториядагы маанайдын өзгөрүүсүнө маани бербегендик, өзү менен өзү болуу). |
| 7 | Дифференциалдуулук (жекече подход) | 7 | 6 | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 | Карым-катнаштагы дифф-тун жоктугу (жекече подходдун жоктугу). |

Эгерде эксперттердин орточо баасы *45-49 упайлардын* тегерегинде болсо, анда педагогдогу коммуникативдик иш аракет абдан чыңалган жана өз ара аракеттенүү активдүү деңгээлге жеткен. Педагог өзүнүн чыгармачылыгынын бийик чокусуна жеткен, аудитория менен эркин мамилелешет. Окуучулары менен өз ара аркетте карым-катнаштын бардык каражаттарын уюшумдуу

кыймылга салып, бүтүндөй көңүлүн окуучуларга эң сонун бура алган дирижер сыяктуу чыгармачыл адам. Сырттан карганда бирин-бири абдан жакшы билген адамдардын тобу чогулуп калгандагыдай аудиторияны түзө билет. Мунун натыйжасында бардыгы жалпы иш-аркет менен алек болушат, өтүлгөн сабак болсо өз максатына жетет.

*35-44 упай* – жогорку баа. Аудиторияны достук атмосфера бийлейт. Сабактын бардык катышуучулары педагогдун артынан кызыгуу менен көзөмөлдөшөт жана коюлган суроолоду активдүүлүк менен талкуулашат. Ой пикирлерин эркин билдире алышат, проблеманы чечүүнүн жолдорун сунушташат. Педагог сабактын жүрүшүн ыраattуу алып барат, юморду жана даанышман сөздөрдү өз орду менен колдоно алат. Окуучулардын сунуштары өз учурунда кабыл алынып жана мактап колдоо көрсөтүүнү унутпайт. Эки тараптын активдүү өз ара мамилеси аркылуу сабактын жемиштүүлүгү артат.

*20-34 упай* - педагогдун карым-катнаш ыкмаларын канаатандырарлык колдоно алышы менен мүнөздөлөт. Анын коммуникативдик иш аркети жетишерлик эркин формада болот, бирок бардык эле нерсе анын көңүлүнүн борборунда боло бербейт. Талкуу учурунда аудиториянын активдүү бөлүгү менен гана иш алып барат, калганы көзөмөлдөөчү милдетти аткарып калат. Сабак жандуу өтөт, бирок дайыма эле коюлган максатка жете бербейт. Сабактын жүрүшү эрксиз түрдө карым-катнаштын курмандыгы болот.

*11-19 упай* – коммуникативдик иш аракеттин төмөнкү деңгээли. Педагог тарабынан окуу-тарбия иштери бир тарапка багытталат, карым-катнаштагы барьер тараптардын жандуу байланышына тоскоолдук кылат. Аудитория пассивдүү, демилгелүүлүк педагогдун үстүртөдөн көңүл буруусуна негизделет. Анын стили авторитардык же карым-катнаштын байланышсыз моделине таандык.

*7-10 упай* - эң төмөнкү деңгээл. Окуучулар менен болгон карым-катнаш артта калып келет. Мугалимдин жекече иш-аракети диктатордук же гипорефлексивдик стилдин алдында өнүгөт. Аудиторияга кайдыгер, психологиялык климат өтө оор, анын сабагы массалык публикалык лекциядан же радио уктуруудан айырмасы жок. Педагогикалык функция информация берүүчүлүк менен гана чектелет.

### *Тест: "Сиздин карым-катнаштагы стилиңиз"*

Биз өзүбүздү кээде гана сырттан байкайбыз, бирок ар бир адамдын карым-катнаштагы жактырган манерасы бар экендигине, ал стил деп аталаарына маани бере бербейбиз. Берилген тест сиздин карым-катнаштагы стилиңизди аныктоого жардам берет. Ар бир 20 суроого 3 варианттагы жooптор берилген. Сизди кайсыл жооп канаатандырса ошону тандаңыз.

1. Сиз кызмат учурундагы конфликттен кийин ымалага келүүнүн жолдорун издейсизби?

а) дайыма; б) кээде; в) эч качан.

2. Оор кырдаалда өзүңүздү кандай кармайсыз?

а) ичиңизден кайнайсыз;
б) ички бейпилдикти сактайсыз;
в) өзүңүздү жоготуп коесуз.

3. Сизди кесиптештериңиз кандай адам деп эсептешет?

а) өзүмчүл жана ач көз;
б) ак көңүл;
в) токтоо жана көз карандысыз.

4. Эгерде сизди жооптуу кызматка дайындоону сунушташса кандай жооп кайтарасыз?

а) бир аз кооптонуу менен кабыл аласыз;
б) кылчактабастан макул болосуз;
в) өз эркиңиз менен баш тартасыз.

5. Эгерде кесиптештериңиздин бирөө жарымы сиздин столуңуздагы кагазды уруксатсыз алса, өзүңүздү кандайча кармайсыз?

а) оозуңузга келген сөз менен урушасыз;
б) кайтарып берүүгө мажбурлайсыз;
в) "Дагы кандайдыр бир нерсе керек эмеспи?"-деп сурайсыз.

6. Сиз күйөөңүзгө же аялыңызга күндөгүдөн жумуштан кеч кайтса эмне дейсиз?

а) Эмне мынча кармалдың?
б) Кеч киргенге чейин кайда жүрөсүң?
в) Мен тынчсыздана баштадым эле.

7. Автомобилдин рулунда өзүңүздү кандай кармайсыз?
а) “Сизге көрүнгөн машинанын” баарын кууп өткөнгө аракеттенесиз;
б) Канчалаган машиналар кууп өтсө дагы сизге баары бир;
в) Сизди эч ким кууп жете алгыс ылдамдыкта айдайсыз.

8. Жолуңуз болбосо эмне кыласыз?
а) Күнөөнү башка бирөөгө оодара салууга аракеттенесиз;
б) Баш ийип отуруп каласыз;
в) Алдын-ала сактанууга өтөсүз.

9. Азыркы жаштардын арасындагы баш-аламандыктар жөнүндөгү окуяларды камтыган фельетонду окуганда кандай жооп кайтарасыз?
а) Жаштарга эми тыюу салууга убакыт жетти;
б) Жаштардын уюшумдуу жана маданияттуу эс алуусуна шарт түзүү керек;
в) Биз эмне эле жаштардын артынан түшүп калганбыз.

10. Сиз каалаган кызматка башка бирөө дайындалса, өзүңүздү кандай сезесиз?
а) Бул үчүн эмне мынча нерв кетирдим экен?
б) Бул адам жетекчиге жаккандыгы көрүнүп турбайбы!
в) Балким мага кийинки сапар буйругандыр.

11. Коркунучтуу кинофильмдерди көргөндө сизде кандай сезим пайда болот?
а) коркунуч сезими;
б) зеригүү;
в) чын дилимден канааттануу пайда болот.

12. Кокусунан жол тосулуп, сиз абдан маанилүү жыйналышка кеч калсаңыз, өзүңүздү кандай кармайсыз?
а) Жыйналыш учурунда каардана баштайсыз;
б) Кесиптештериңизден кечирим сурайсыз;
в) Кайгырасыз.

13. Спорттук көңүл ачууга кандай карайсыз?
а) Сөзсүз утуп алууга аракеттенесиз;
б) Кайра өзүңүздү жаш сезгениңизге кубанасыз;
в) Жеңилсеңиз аябай каарданасыз.

14. Сизди ресторанда начар тейлешсе, эмне кылмаксыз?

а) Жаңжалды болтурбоо үчүн өзүңүздү токтоо кармайсыз;

б) Официантты чакырып алып эскертүү жасайсыз;

в) Ресторандын директоруна арызданасыз.

15. Сиздин балаңызды мектепте таарынтып коюшса кандай аракет жасайсыз?

а) Мугалими менен сүйлөшөсүз;

б) Сиздин балаңызды таарынткандын ата-энеси менен жаңжалга чейин барасыз;

в) "Сен да өзүнө жараша жообун бергин"- деп үйрөтөсүз.

16. Сиз кандай адамсыз?

а) орто; б) түнт; в) өзүмчүл.

17. Кол алдыңызда иштегендер менен эшик алдында түртүшө кетсеңиз эмне дейсиз?

а) Кечиресиз, бул менин күнөөм;

б) Эч нерсе эмес;

в) Алды-артыңызды карап жүрбөйсүзбү?

18. Жаштардын арасындагы хулигандык жөнүндө жазылган газетадагы макалага кандай көз караштасыз?

а) Качан эми конкреттүү чаралар көрүлөт?

б) Катуу жаза берүү керек;

в)Бардыгына эле жаштарды күнөөлөй беребизби же тарбиячыларын да күнөөлөйбүзбү?

19. Кайсы жаныбарды сүйөсүз?

а) Жолборсту;

б) Үй мышыгын;

в) Аюуну.

<u>Жооптордун ачкычы</u>: Упайлар аркылуу жоопторуңузду аныктаңыз жана суммалаңыз. Берилген варианттардын бирөөсүн да тандабасаңыз 0 упай ыйгарасыз.

| Позициялар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| А | 1 | 2 | 3 | 2 | 3 | 2 | 2 | 2 | 3 | 3 | 1 | 3 | 1 | 2 | 1 | 1 |
| Б | 2 | 1 | 2 | 3 | 2 | 3 | 1 | 1 | 2 | 1 | 2 | 2 | 3 | 3 | 3 | 2 |
| В | 3 | 3 | 1 | 1 | 1 | 1 | 3 | 3 | 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 1 | 2 | 3 |

| Позициялар | 17 | 18 | 19 | 20 |
|---|---|---|---|---|
| А | 1 | 1 | 2 | 3 |
| Б | 3 | 3 | 1 | 2 |
| В | 2 | 2 | 3 | 1 |

***34 упайдан төмөнкүлөр.*** Сиз бейпилдикти сүйгөн адамсыз. Өзүңүздүн күчүңүзгө жана мүмкүнчүлүктөрүңүзгө толук ынана бербейсиз. Бул бирөөгө дайыма көз каранды дегендик эмес. Ошентсе да көбүрөөк чечкиндүү болуу жолтоолук кылбас эле. Төмөнүрөөк сын пикирге ак көңүлдүүлүк менен мамиле кыласыз, жогортодон болгон сын пикирден айбыгып турасыз.

***35-44 упай.*** Сизде бир аз агрессивдүүлүк бар, бирок чындыкты сүйө билесиз, ошондуктан турмушта ийгиликтерге жетишесиз. Эгерде берилген сын пикир претензиясыз, ишкер мааниде болсо ак көңүлдүк менен кабыл аласыз.

***45 упайдан жогоркулар.*** Сиз ашыкча агрессивдүү жана тең салмаксыз адамсыз, башка адамдарга карата таш боордук менен мамиле кыласыз. Өзүңүздүн күчүңүзгө ишенип «жогорку» башкаруучулук орундарга жетүүгө умтуласыз. Кандай гана багытта болбосун ийгиликке жетүү үчүн айлана чөйрөдөгүлөрдүн кызыкчылыктарын курмандыкка чаласыз. Сынга эки тараптуу мамиледесиз: «жогортодон» айтылган сынды кабыл аласыз, «төмөндөн» айтылган сынды жактырбайсыз. «Төмөндөн» айтылган сындын артынан түшүп аласыз.

Эгерде жети же андан ашык суроодон 3 упайдан жана жетиден төмөн суроого 1 упай алсаңыз, анда сиздеги агрессивдүүлүк конструктивдик мүнөзгө ээ эмес. Жакынкы арада кыйроочулукка учурааары айдан ачык. Сиз ойлонулбаган терс жүрүм-турумдарга, жаңжалга айлануучу дискуссияларга шыктуусуз. Адамдарга таш боорсуз.

Эгерде жети же андан ашык суроонун ар биринен 1ден упай жана жетиден суроого 3 упайдан алсаңыз, анда сиз аябай түнт адамсыз. Бул дегендик сизге агрессивдүүлүктүн учкундары таандык эмес дегендик эмес, болгону сиз аны кылдаттык менен баса аласыз.

### *Психологиялык көрүнүштөр*

Бул көрүнүштөрдү кунт коюп окуп чыгуу менен «Педагогикалык карым-катнаш» темасы менен кандайча байланыштыгы бардыгын аныктагыла. Педагогикалык карым-катнаштын кандай мыйзам ченемдүүлүктөрү образдуу чагылдырылган?

## Карга менен тоос кушу

Бактагы апельсин дарагынын бутагында кара карга отурат. Аябай коолдолгон гүл бакчаны айланып кекирейген тоос кушу жүрдү. Карга какылыктай: «Мындай эси жок кекирейген куштун биздин бакта жүрүүсүнө ким уруксат берди? Өз кадырына чиренген султандай басып жүрүшүн карабайсыңбы? Бутунун түрү сууктугун айт. Куйругунун талчаларын, кандай гана жийркенерлик көк түстө. Мындай түстү мен эч качан көтөрмөк эмесмин. Анан да куйругун түлкүнүкү сымал сүйрөп жүргөнүн карасаң». Карга унчукпай күтүнүп калды. Тоос кушу бир аз унчукпай турду да, кайгыра күлүп мындай деди:« Сенин сөздөрүңдүн бир да чындыгы жок деп ойлойм. Мен жөнүндө айткандарыңдын бардыгы акылсыздык. Сен мени башымды бийик көтөрүп жүргөндүгүм үчүн «кекирейген» деп жатасыңбы. Канаттарым желкемден өйдө көтөрүлбөсө кыйналам, ал эми эки мурутум мойнумду сындыра койсо кантем. Б.а. мени эмне десең ошол де, бирок кекирейген дебегин. Мен буттарымдын кабырчыктуу жана тырыш экендигин абдан жакшы билемин. Ошондуктан түрү суук буттарымды көргүм келбегендиктен башымды өйдө көтөрүп жүрөмүн. Сен бүтүндөй жетишпеген жактарымды гана көрүп, менин кадыр – баркыма жана сулуулугума көз жумуп жатасың. Сенин түрү суук деп атагандарыңдын бардыгы адамдарга көбүрөөк жагаары башыңа келдиби?».

## Карга жана тоту куш

Тоту куш менен карга бир капаста отурушат. Бул үрөйдү учурган кара куйруктуунун жанында отурганынан байкуш тоту куш аябай жадады. «Кандай гана кыжыр келтирерлик кара тору, түрү суук неме. Серт өңүн карасаң. Күн чыгаарда кимдир бирөө муну көрүп калса, керээлден кечке маанайы бузулмак. Сенчелик көңүл айланарлык коңшу бул дүйнөдө жок болсо керек». Баарынан таң каларлыгы карга да тоту куштардын чөйрөсүнөн жадаган. Кайгыга чөккөн карга кичинекей ала-була немеге кошулуп капаста отурган тагдырына нараазы болчу.

«Эмне үчүн мындай бактысыздык мага гана буйруган? Эмне үчүн менин бактылуу күндөрүм азап-тозок менен аякташы керек? Ушундан көрө кайсы бир бактагы таштуу коргондо башка карга менен отурганым жакшы болчу жана биз бирге болгонубузга абдан кубанмакпыз».

**Адабияттар**

1. Бороздина Г. В. Психология делового общения. - М., 1998.
2. Басова Н. В. Педагогика и практическая психология Ростов-на-Дону, 2000.
3. Зимняя И. А. Педагогическая психология. - М., 1998.
4. Иващенко Ф. И. Задачи по общей, возрастной и педагогической психологии. - М., 1985.
5. Зимняя И. А., Малахова В.А. Педагогическое общение как процесс решения коммуникативных задач. - М., 1989.
6. Кан-Калик В. А. Учителю о педагогическом общении. - М., 1987.
7. Карнеги Д. Как вырабатывать уверенность в себе и влиять на других людей, выступая публично. - М., 1990.
8. Карпенко Л. А. Общение как процесс взаимодействия. - М., 1983.
9. Лассвелл Г. теории связи и коммуникации в психологии общения. Вопросы психологии. - М., 1983.
10. Леонтьев А. А. Педагогическое общение. - М., 1997.
11. Леонтьев А. А. Психология общение. - М., 1997.
12. Немов Р. С. Психология. Кн.2. - М., 1998.
13. Под. Ред. В. Ю.Ноумкина Пихология Педагогика Этика М.,2002.
14. Сонин В. А Психологический практикум. - М., 1998.
15. Столяренко А. М. Психология и педагогика. - М.,2001.
16. Талызина Н. Ф. Педагогическая психология. - М., 1998.
17. Цукерман Е. В. Психологические особенности затрудненного общения в условиях совместной деятельности. - М., 1989.
18. Якунин В. А. Педагогическая психология. - М., 1998.


**8 – сабак.**

**7 - практикалык сабак.**

**Тема:** Педагогикалык карым-катнаш. Педагогикалык карым-катнаш тренинги. (2 саат)

**Максаты:**

1. Педагогикалык карым-катнашка кыйынчылык туудуруучу факторлорду жана «барьерлердин» пайда болуусунун себептерин, карым-катнаштагы конфликттерди карап чыгуу.
2. Студенттерди педагогикалык карым-катнаштагы конфликттерди, «барьерлерди» жеңип чыгуу навыктарына калыптандыруу. Карым-катнашты жөнгө салуучу психикалык навыктар.
3. Студенттердин психологиялык кругозоруна педагогикалык карым-катнаштын тренинги б.а. «зордук-зомбулуксуздук

психологиясы» түшүнүгүн киргизүү. Карым-катнаштагы конфликттин деңгээлинин диагностикасын аныктоо.

**Сабактын жүрүшү.**

**I. Текшерүүчү суроолор.**

1. Педагогикалык карым-катнаштагы «барьерге» жалпы түшүнүк.
2. Педагогикалык карым-катнашты «тоскоолдукка учуратуучу» негизги областтар.
3. Педагогикалык карым-катнашка кыйынчылык туудуруучу областтардын ичинен кайсынысы сырткы жана кайсылары ички факторлорго таандык?
4. Педагогикалык өз ара аракеттенүү процессинде карым-катнаштын коммуникативдик, перцептивдик, интерактивдик үч жагынын кайсынысы көбүрөөк тоскоолдукка учурайт?
5. Карым-катнаштагы «барьер» менен конфликттин ортосундагы айырмачылыкты көрсөткүлө.
6. Педагогикалык карым-катнаштагы конфликттердин пайда болуу себептерин көрсөткүлө.

**II. Студенттердин өз алдынча иштерине тапшырмалар.**
**Адабияттарды талдап чыгуу жана конспектилөө.**


1. Абалакина М. А. Анатомия взаимопонимания. –М., 1990.
2. Добрович А. А. Общение: Наука и искусство. –М., 1989.
3. Леонтьев А. О. Педагогическое общение. -М., 1973, -№3.
4. Скот Дж. Конфликты, пути их преодоления. –М., 1990.
5. Толстых А. В. Наедине со всеми: О психологии общения. –М.,1990.


**III. Рефераттар жана докладдар үчүн темалар.**

1. Педагогикалык карым-катнаштын психологиясы.
2. Педагогикалык карым-канашты тоскоолдукка учуратуучу областтар.
3. Педагогдун эмпатияга болгон жөндөмдүүлүгү - педагогикалык карым-катнаштын эффективдүү фактору катарында.
4. Коммуникативдик компетенциянын психологиясы.
5. Карым-катнаш процессиндеги өз ара аракетке келүү механизмдери.
6. Конфликт. Конфликтке жооп кайтара алуу жөндөмдүүлүгү.

## IV. Педагогикалык кырдаалдар.

*1-педагогикалык кырдаал.*

Сережа С. атасынын жумушуна байланыштуу ата-энеси менен АКШда 2 жыл жашап калышты. Москвага кайтып келгенден кийин Москвадагы кадимки эле мектептердин бирине барып окуй баштады. Мамилечил жана боорукер бала классташтарына тез эле үйрөнүп, достошуп кетти, бирок класс жетекчи экөөнүн ортосунда проблема пайда болду. Сережанын жүрүм-туруму класс жетекчиге «америкалаштырылган», өтө эркин көрүнүп туруп алды. Сережага эскертүү бере берген класс жетекчи өзүнө баладан унчукпас кас мамилени ашырып жаткандыгын сезбеди.

**Суроолор:**

1. Бул көрүнүштөн педагогикалык карым-катнашка тоскоол кылуучу кандай область чагылдырылган?
2. Мугалим менен окуучунун ортосундагы пайда болгон «барьердин» натыйжасында конфликттин келип чыгуусу мүмкүнбү?
3. Кырдаалдан чыгуунун жолдорун сунуштагыла.

*2-педагогикалык кырдаал.*

Мугалим сабак өткөнү кирип баратып, кабинеттин жанында өзүнүн классындагы эки өспүрүмдүн чатакташып жаткандыгын, алардын жанына окуучулардын үйүлүп алып карап тургандыгын көрүп калды. Мугалим балдардын баарын кабинетке кирүүсүн өтүндү да, эки урушчаакты ордунда калуусун буюруду. Балдар менен жалгыз калгандан кийин, мугалим сурады:

--- Эмне үчүн жаңжалдашып жаткандыгыңарды айтсаңар болобу?

Балдар бирин - бири коркута тиктешип, унчугушпады.

--- Бул силердин ортоңордогу жашыруун сырбы? – мугалим сурады.

Алар башын чайкашты.

--- Анда мындай кылабыз. Мен силерге беш мүнөт убакыт беремин. Бири-бириңер менен жигиттерче сүйлөшкүлө. Бирок, араңарда эч кандай жаңжал, бири-бириңерди кемсинтүү, кол көтөрүүчүлүк болбосун. Ортоңордогу мамилени жөнгө салгыла да, класска достордой болуп киргиле. Турмуштук татаал проблемаларды кандайча чечүү керектигин башкаларга көрсөткүлө.

**Суроолор:**

1. Мугалимдин аракети туурабы? Ал кандайча жетектеди?
2. Мугалим менен окуучулардын өз ара мамилесин кандайча мүнөздөөгө болот?

3. Силердин оюңарча педагог колдонгон карым-катнаштын стили кандай? Анын ордунда болгондо силер эмне кылмаксыңар?
4. Жогорудагы кырдаалдан мугалим окуучулардын ортосундагы өз ара мамилени кандайча уюштурду?
5. Педагог тарабынан конфликтти чечүүнүн кандай жолдору колдонулду?
6. Берилген кырдаалдагы конфликтти чечүүнүн кандай жолдорун сунуштайсыңар?

Инсан конфликттик кырдаалга баруудан мурда бир канча эмоционалдык абалдарды басып өтөт. Алардын ичинен агрессиялык абал да өзгөчө орунду ээлейт. Анда инсандагы агрессияны изилдөө ыкмасын сунуш кылабыз.

### *Инсандын агрессиялык сапатын изилдөө ыкмасы (Басса-Даркинин ыкмасы боюнча)*

Агрессия психология илиминде инсандын жүрүм-турум нормасын бузуучу мотивдин бир формасы катары түшүндүрүлөт. Агрессиялык жүрүм-турум жалпы коомдун жүрүм-турум нормасына карама-каршы келгендиктен инсандар аралык мамилени бузуп, өз ара конфликтти пайда кылат. Ушул проблеманы чечүү максатында бул ыкманын жардамы менен агрессиянын төмөнкүдөй формаларын изилдөөгө болот.

- Физикалык агрессия, мында экинчи бир адам менен кол күчү аркылуу карама-каршылыкка барууга ниеттенген форма.

- Кыйыр жол аркылуу агрессияга өтүү, мында адам тамаша, ушак, көз артуучулук максатында ичкертеден жамандык келтирүүгө аракеттенет.

- Эч кимге багытталбаган агрессия – буга өзүнөн өзү жинденип ызырынуу, жер тепкилөө туш келди столду тарс муштоо ж.б. кирет.

- Жинденүү агрессиясы – мында адам болор-болбос дүүлүктүргүчкө кыжырланып, себепсиз эле бирөөлөргө катуу сөз айтып, өзүн токтото албай калган абалда болот.

- Белгисиз агрессия – мында өзүнөн чоңдорго, жетекчилерге жана өзүн авторитеттүү сезген адамдарга карата оппозициялык формадагы жүрүм-турумду айтууга болот.

- Таарынуу агрессиясы - мында чөйрөнү жек көрүү менен маанайы бузулат.

- Шектенүүчүлүк агрессиясы, мында бирөөгө ишенбей өзүнөн өзү эле бирөөлөрдөн сактанып, бирөөлөр жөнүндө туура эмес жаман пикирде болот.

- Тил аркылуу аткарылуучу агрессия, буга тил аркылуу бирөөлөргө жамандык издөө, ушак таратуу ж. б.

- Өзүн күнөөлүү сезүү агрессиясы - мында өзүн коомчулуктан төмөн сезип, өзүн өзү жектөө жаман көрүү жана өзүн өзү жек көрүү.

Ошентип бул сунуш этилген агрессиянын формаларын изилдөө менен изилденүүчү күндөлүк турмушундагы бирөө менен болгон жумушун, мамилесин коомдук талапка жараша канааттандыра алат. Ал үчүн изилденүүчүлөргө төмөндөгү инструкция берилет:

Урматтуу изилденүүчүлөр сиздерге берилген суроонун мазмунуна жараша үч баллдык система менен жооп беришиңиздерди суранабыз. Мында "+" белги берилген сапат жок деген учурда коюлса, "0" ортозаар болуп калган учурда, ал эми "+" белги берилген сапат бар деген учурда коюлат.

**Изилдөөгө керек болгон суроолор**

1. Айрым учурларда бирөөлөрдүн жинин тарата албайм.
2. Кээде өзүм жаман көргөн кишилер менен деле ушак айтып отура берем.
3. Менин жиним тез келгени менен бат эле таркап кетет.
4. Эгерде менден жакшылыкча суранбаса мен өтүнүчүн орундатпайм.
5. Мен өзүмдүн милдетимди дайыма эле сезе бербейм.
6. Менин артымдан кимдин кандай сөз айтаарын билем.
7. Мен бирөөнү алдап койсом, артынан кыжаалат боло берем.
9. Бирөөнү муштап жиберүүгө колум барбайт.
10. Мен жиним келгенде колума тийген нерселерди туш келди ыргытканга чейин барбайм.
11. Мен бирөөлөрдүн жетишпеген жагына көңүл бура бербейм.
12. Эгерде талап кылынган эреже мага жакпай калса, бузуп кете берем.
13. Башкалар жагымдуу кырдаалды пайдалана билишет.
14. Мен өзүм күткөндөн да жакшы достук мамиле жасайм.
15. Мен адамдар менен бат эле тил табыша албайм.
16. Мени ардантканган ойлор кээде пайда болот.
17. Эгерде кимдир бирөө мени муштап жиберсе деле унчукпай кала берем.
18. Жиним келгенде эшикти тарс жаап чыгып кетем.
19. Мен өзүм ойлогондон да ачуулуу болуп кетем.
20. Кимдир бирөөлөрдүн боюн көтөргөнүнө чыдай албайм.
21. Мен тагдырыма анчалык ыраазы эмесмин.
22. Көпчүлүк мени жактырбайт деп ойлойм.

23.Эгерде талаш маселе болуп учурунда көпчүлүк мага кошулбаса мен өзүмдү токтото албайм.
24.Кызматынан четтетилген адамдар күнөөсүн сезиш керек.
25.Эгерде кимдир бирөө мени же менин үй бүлөмдү шылдыңдаса, алар менен мушташып кетем.
26.Мен одоно айтылган тамашаларды көтөрө албайм.
27.Менин үстүмдөн күлгөндө ызаланып кетем.
28.Мен адамдардын көөп кетишине жол бербеш үчүн бардыгын жасайм.
29.Мен өзүмө жакпаган адамдарды ар бир жума сайын кездештирем.
30.Мени көрө албагандар көп.
31.Адамдардан менин укугумду урматтоосун талап кылам.
32.Мени ата-энеме берген жардамдарымдын жетишсиздиги кыжаалат кыла берет.
33.Айрым адамдар "мурдуна бирди жегиси" келип калганда эле тийише башташат.
34.Каардуу мамилелерден көп азап чегем.
35.Мен өзүмө жараша жасалган орой мамилеге капа болбойм.
36.Мен өзүмдү бирөөнүн алдында жоготуп койсом да ага көңүл бурбайм.
37.Мен бирөөнүн жетишкен жагына ичим тарыса да ага билдирбейм.
38.Кээде мени бирөөлөр шылдыңдап жаткандай сезиле берет.
39.Мен ачуум келсе дагы өзүмдү ачуулуу көрсөтүшкө аракет кылбайм.
40.Мен өзүмдүн туура эмес аракеттеримдин кечирилишин каалайм.
41.Мен бирөөнүн кол көтөргөнүнө дайыма эле жооп бербейм.
42.Эгерде мен каалагандай болбой калса, кээде таарынып калам.
43.Адамдар кээде менин көз алдымда туруп эле ачуумду келтиришет.
44.Мен көрбөгөн адам калган жок.
45.Менин принцибим эч качан бирөөгө ишенбөө.
46.Эгер бирөө менин ачуумду келтирсе, мен ал жөнүндөгү жаман оюмдун бардыгын айтып таштайм.
47.Мен кийин өкүнүп калбашка көп аракеттенем.
48.Бирөөгө жиним келсе дагы ага кол көтөрө албайм.
49.Мен эс тарткандан бери бирөөгө каарымды чача элекмин.
50.Мен өзүмдү тез-тез эле жарылып кетчүдөй сезе берем.
51.Менин сезимимди башка бирөөлөр билсе, мени оңой менен ыкка көнбөйт деп эсептешмек.
52.Ар дайым бирөөлөрдүн мен үчүн жагымдуу бир нерселерди жасашка мажбурлаган себептери жөнүндө ойлоно берем.

53.Эгерде мага кыйкырып сүйлөсө, мен ага кыйкыруу менен жооп берем.
54.Ишим оңунан чыкпай калса капалана берем.
55.Менин урушуп кетүүм өтө тез-тез эмес.
56.Аябай ачуум келгенде ызырынып, колума тийген нерселерди сындырып жиберген учурларым эсимде бар.
57.Кээде мен өзүмдү урушту биринчи баштап жиберчүдөй сезе берем.
58.Кээде каталык менден кеткендей сезиле берет.
59.Мен мурда көпчүлүк адамдар чындыкты сүйлөшөт деп ойлочу элем, азыр буга ишенбейм.
60.Мен ачуумду токтото албай гана урушуп кетишим мүмкүн.
61.Мен туура эмес иш кылгандан кийин уялганымдан кыйнала берем.
62.Эгерде менин укугумду коргоого кол күчү керек болсо, мен аны колдоном.
63.Мен кээде ачуум келгенден столду тарс муштап жиберем.
64.Мага жакпагандарга орой мамиле жасайм.
65.Мага зыян келтире турган душмандарым жок.
66.Жетиштүү болсо дагы, адамдардын адебин колуна берип коюну билбейм.
67.Мен туура эмес нерселерди жасап жатамын деп ойлоно берем.
68.Мен урушуп кете турган адамдарымды билемин.
69.Мен майда-чүйдө нерселерге капа болбойм.
70.Кээде адамдар мени шылдыңдоого аракет жасап жатышат деген ойлор келе берет.
71.Кээде бирөөлөрдү максатсыз эле коркута берем.
72.Акыркы убакта мен өзгөрүлүп кеттим.
73.Талаш учурунда мен үнүмдү бийиктетип жиберем.
74.Мен жаман мамилелеримди жашырууга аракеттенем.
75.Мен үчүн талашкандан көрө макул болуп койгон жакшы.

Алынган маалыматтардын негизинде төмөнкү "ачкыч" менен агрессиянын деңгээлдеринин ар бир формасы боюнча өз-өзүнчө аныкталат.

I. Физикалык агрессия: 1,25,41,48,55,62,68 суроолордун "+" деген жоопторуна 1 баллдан берилет. Ал эми 9,17 суроолордун "-" деген жоопторуна бир баллдан берилет.
II. Кыйыр жол аркылуу агрессия "+" белгиге карата: 2,10,18,34,56,63. "-" белгиге карата: 6,26,49.
III. Жинденүү агрессиясы "+" белгиге карата: 3,19,27, 43,50,57,64,72. "-" ка карата: 11,35,69.

IV. Белгисиз агрессия "+" карата: 4,12,20,28. "-"ка 36.
V. Таарынуу агрессиясы "+"ка карата: 5,13, 21,29,37,44, 51,58.
VI. Шектенүүчүлүк агрессиясы "+" ка карата: 6,14,22, 33,45,52,59. "-" ка: 65,70.
VII. Тил аркылуу агрессия "+"ка карата: 7,15,23, 31,46, 53,60,71,73. "-" ка: 39,66,75.
VIII. Күнөөнү сезүү агрессиясы "+"ка карата: 8,16,24,32, 40, 47, 54,61,67.

Группалык өзгөчөлүктү аныктоо үчүн төмөнкү таблицаны толтуруу керек.

| № | Аты жөнү | I | II | III | IV | V | VI | VII | VIII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | |
| … | | | | | | | | | |
| N | | | | | | | | | |
| Ариф.орт очо | | | | | | | | | |

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Окутуп тарбиялоодогу агрессиялык абал жөнүндөгү түшүнүк жана аны чечмелеген теориялар.
2. Бул ыкманын келечек кесибиңдеги орду.

## *Инсандарда кездешүүчү конфликттин деңгээлин аныктоочу методика*

### Конфликтке жакындык сапатты аныктоо

Коомдогу жагымсыз көрүнүштөрдүн булактарынын бири катары психологияда конфликт эсептелет. **Конфликт** бул – адамдардын кызыкчылыктарынын, пикирлеринин, идеалдарынын, каалоолорунун ж.б. карама-каршылыгынан пайда болуучу жана өз ара мамиледен көрүнүүчү психологиялык терс кубулуш. Эгерде конфликттин пайда болуу себептерине ой жүгүртө турган болсок, ал дайыма эле түзүлгөн кырдаалга же шартка эмес инсандын өзүнө дагы жараша болот. Мис: айрым адамдар болбогон нерселер үчүн деле конфликт жарата беришет.

Адамдын конфликтке жакын же алыс экендигин аныктоо үчүн ушул тестти сунуш кылууга болот. Ар бир суроонун мазмунун түшүнүү менен өзүңүзгө ылайык келген 3 жооптун бирин тандайсыз.

**Суроолор:**

1. Коомдук транспортто бейтааныш адамдар ызы-чуулуу талаш жүргүзүп жатса, эмне кылат элеңиз?

а) унчукпай кете берем; б) талаш маселе жөнүндөгү оюмду кыскача билдирем; в) жан дилим менен талашка кошулам.

2. Жыйналыштарда жетекчилерди сындап сүйлөйсүзбү?

а) жок; б) ишенимдүү фактылар жетиштүү болсо гана;

в) жетекчилерди гана эмес, аларды жактап сүйлөгөндөрдү да кошуп сындайм.

3. Жолдошторуңуз менен талаш-тартыш жүргүзөсүзбү?

а) эгерде таарынбай турган болушса; б) маанилүү суроолор боюнча гана; в) сөзсүз, талаш-тартыш менин жакшы көргөн нерсем.

4. Үйүңүздө тузу кем тамак жасашса, сиз эмне кыласыз?

а) жок нерседен чуу көтөрбөйм; б) унчукпай туздун идишин колго алам; в) жок дегенде күнөөлөрүн эскертип коем.

5. Көчөдө баратканда бутуңузду бирөө тепселеп алса, эмне кылат элеңиз?

а) унчукпай башты чайкап кете берем; б) акырын жүрүңүз деп эскертем; в) оозума кирген сөз менен урушам.

6. Эгерде жакындарыңыздын бирөөсү сизге жакпаган буюм сатып алса, сиз эмне демексиз?

а) унчукпайм; б) мага жакпагандыгын маданияттуу билдирем;

в) жаңжалга чейин барам.

7. Лотереядан жолуңуз болбосо, эмне кыласыз?

а) экинчи катышпайм деп өзүмө сөз берүү менен унчукпай калам;

б) капаланбайм, бирок кийинки сапар утам деп эсептейм;

в) көпкө чейин көңүлүмдү чөгөрөт.

8. Эгерде үйүңүздөгүлөр музыканы катуу чыгарып коюшса, эмне кыласыз?

а) унчукпай угуп отурам; б) мага тынчтык беришин өтүнөм;

в) сүйлөнүп барып өчүрөм.

9. Телефонду бошотпой узакка чейин сүйлөшө беришсе эмне кыласыз?

а) сүйлөшүп бүтүшүн күтөм; б) мен дагы сүйлөшүүнү күтүп жаткандыгымды эскертем; в) колунан трубканы алып коем.

10. Узун кезекте турганда, алдыңыздагылардын бирөөсү таанышын катарга (өз жанына) кошуп алса эмне кыласыз?

а) эч нерсе дебейм; б) кезектин акырына барып күтүп турушун эскертем;
в) экөөсүн тең эскертем.

Ар бир: а) жооп 4 упай; б) жооп 2 упай, в) жооп 0 упай менен бааланат. Андан кийин бардык упайлар суммаланат.

***31-40 упай*** - сиз ортодогу тынчтыкты, достукту сактоого умтулган адамсыз. Ошондуктан үйүңүздө болсун, жумушта болсун талаш-тартыштан, бирөөлөргө сын айтуудан качасыз. Айлана-чөйрөңүздөгүлөр мындай сапаттарды байкашса, сизди көңүлчөөк, ар нерсеге макул боло берме адам катары эсептеши да мүмкүн.

***18-30*** **упай** - сизди конфликтке барбайт деп айтууга болбойт. Бирок аргасыздан, башка жол калбаганда гана конфликтке барууга мажбур болосуз. Мис: жалпы тартипти сактоо, өз көз карашыңызды коргоо үчүн же укугуңузду тебелетпөө үчүн ж.б. Мындай сапат айлана-чөйрөдөгүлөрдү сиз менен эсептешүүгө жана сизге урматтоо менен мамиле жасоого аргасыз кылат.

***17 ге чейин упай*** алсаңыз анда, конфликт жана талаш-тартыш сиздин сүйгөн адатыңыз. Бирөөлөрдү сындаганды жаныңыздай сүйөсүз, ал эми өзүңүздүн дарегиңизге чаң жугузгуңуз келбейт. Сиздин оройлугуңуз жана ачууңузду кармай албагандыгыңыз адамдардан гана алыстатат, башка эч кандай пайдасы жок. Ошондуктан айрым мезгилдерде үйүңүздөн да, жумушуңуздан да сизге орун жоктой сезилиши мүмкүн. Айланаңызга жасаган мамилеңиздин мүнөзүн өзгөртүүгө аракеттенбесеңиз болбойт.

Группалык өзгөчөлүктү табуу үчүн төмөнкү таблицаны толтуруу керек.

| № | Аты жөнү | 31-40 | 18-30 | 17ге чейин |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| … | | | | |
| N | | | | |
| | Арифм.орточо | | | |

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Конфликт жөнүндө түшүнүк. Конфликттин пайда болушундагы личносттук сапаттардын таасири.
2. Бул изилдөө ыкмасынын келечек кесибиңдеги орду.

Конфликттик кырдаалдан чыгуунун жолун билүү максатында төмөнкүдөй ыкманы сунуштайбыз.

*Келишпөөчүлүк абалдан чыгуунун жолун издөө ыкмасы (К. Н. Томас)*

Күндөлүк турмушта адамдарды бири-бири менен келишпөөчүлүк абалга такаган кырдаалдар көп эле кездешет. Түзүлгөн келишпөөчүлүк абалды жаңжалга айлантпоо адамдардын маданиятына, интеллектине ж.б. сапаттарына көз каранды. Америкалык психолог К. Н. Томас келишпөөчүлүк абалдан жаңжалды болтурбай чыгып кетүүнүн төмөнкү беш жолун көрсөткөн:

1. Атаандашуу; 2. Ыңгайланышуу;
3. Компромисс; 4. Качуу;
5. Кызматташуу.

Бардык эле адамдар бул жолдорду бирдей пайдаланбайт б.а. ушулардын бирөөсүн кырдаалга ылайык келбесе деле колдоно беришет. Натыйжада проблемадан ийгиликтүү чыгып кете албай калышат. Ал эми эң жакшы жол бул кырдаалга жараша ылайыктуусун пайдалана билүү. Адамдын кайсы стилди көп колдонуусун аныктоо үчүн ушул ыкманы пайдаланууга болот.

- Атаандашуу, мында индивид экинчи бирөөнүн укугун бузуу менен ага зыян келтирүү аркылуу ийгиликке жетүүгө умтулат.

- Ыңгайланышуу, мында индивид өз кызыкчылыгын канааттандырыш үчүн керек болгон адамга жакындашат.

- Компромисс, мында мамилелешүү үчүн өз ара макулдашууга барат.

- Качуу, мында өз ара мамилени сактоо үчүн жаңжалдашуудан качат.

- Кызматташуу, мында экинчи бирөөнү толук кубаттап, альтернативалык жолду издейт.

Бул көрсөтүлгөн ыкманы колдонуп керектүү проблеманы чечүүдө изилденүүчүлөр төмөндөгүдөй инструкция боюнча иш жүргүзүүлөрү керек.

Текстеги ар бир суроонун мазмунуна жараша үч баллдык системада балл коюу менен жооп бериш керек. Мында: "-" белги андай жумушка таптакыр барбайм дегенде коюлса, "+" белги мындай нерсени жасашым мүмкүн же жасайм дегенде коюлат. Ал эми "0" билбейм деген же ортозаар абалда калганда коюлат.

Бул ыкманы ишке киргизүү үчүн төмөнкүдөй суроолорго жооп берүү талап кылынат.

1. Айрым учурларда талаш маселени чечүүнү башка адамдардын мойнуна алышына мүмкүндүк түзөм.
2. Талашканга караганда, ал адам менен жакындаштыра турган жактарыбызды издейм.
3. Талаш учурунда компромисстик чечимдерди табууну издейм.
4. Мени менен сүйлөшүп жаткан адамдын кызыкчылыгына жараша өз кызыкчылыгымды жокко чыгарам.
5. Дайыма өз кызыкчылыгымды биринчи канааттандырышка умтулам.
6. Айрым учурда талап кылынбаса деле өз кызыкчылыгымды жокко чыгара берем.
7. Бирөөгө өз оюмду таңуулабайм.
8. Талаш маселени чечүүдө кимдир бирөөлөрдөн кубаттоолорду күтөм.
9. Пайдасыз ойлордон алыс болууга аракеттенем.
10. Өзүмө жагымсыз болгон абалдан качам.
11. Талаш маселелерди дароо чечпестен, анын акырындык менен өзү чечилишин күтөм.
12. Бирөөнү өзүмө кошуп алыш үчүн, ал талап кылган кээ бир кемсинтүүлөрүнө барам.
13. Талаш маселени чечиш үчүн алдын ала анын келип чыгуу себептерин изилдеп көрөм.
14. Менин каалоомо дал келбеген чечимдерге тынчсызданбашка аракеттенем.
15. Жалпы мамилени сактоо үчүн тынчсызданган адамды сооротууга аракеттенем.
16. Урушуп жаткан адамдарды көргөнүмдө кошулуп кетемби деп корком.
17. Талашып жаткан адамдын өз оюнда калышына мүмкүндүк берем.
18. Чечим чыгарып жатканда орточо позицияны сунуш кылам.
19. Бардык иштин оюмдагыдай болушу үчүн бардыгын мажбурлайм.
20. Мен өз оюмду айткандан кийин гана башкалардын оюн сурайм.
21. Бир ишти аткарыш үчүн өз оюмдун логикалык мүмкүнчүлүгү жогору экендигин далилдөөгө аракеттенем.
22. Эгерде талаш маселе аны ыраазы кыла турган болсо, мен анын оюндагыдай чечилишине макул болом.
23. Эгерде ал мени кубаттай турган болсо, мен анын оюндагыдай чечилишине макул болом.
24. Алдын ала биздин көз карашыбыздын эмнеден айырмалана тургандыгын билип, андан кийин гана сөз баштайм.
25. Экөөбүзгө тең ыңгайлуу болгон жолдорду издейм.

26. Келишим түзүп жатып, келишимден сырткаркы жактарга дагы көңүл бурам.
27. Чечиле турган маселелерге ар дайым жан дилим менен мамиле жасайм.
28. Ишимдин оңунан чыкпай тургандыгын билсем дагы өз оюмдан эч качан кайтпаймын.
29. Мен өз оюмдун туура экендигин далилдөөгө жан талашып аракеттенем.
30. Бирөөнүн алдында бечара болуп көрүнгүм келбейт.

— Изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн төмөнкү «ачкыч» колдонулат жана ар бир фактор боюнча баллдар өз-өзүнчө суммаланат.

| № | Факторлор | Суроолордун номери | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Тең тайлашуу | 5 | 19 | 21 | 28 | 29 | 30 |
| 2 | Ыңгайланышуу | 2 | 6 | 7 | 15 | 22 | 26 |
| 3 | Компромисс | 3 | 12 | 17 | 18 | 23 | 25 |
| 4 | Качуу | 1 | 9 | 10 | 11 | 14 | 16 |
| 5 | Кызматташуу | 4 | 8 | 13 | 20 | 24 | 27 |

Кайсы стилден көп балл топтосоңуз, сиз үчүн ошол стиль мүнөздүү.

*Атаандашуу стили.* Статистикалык маалыматтар боюнча адамдардын конфликттүү кырдаалдагы аракетиндеги эң көп тараган стиль. Болжол менен 70%ти түзөт. Бул стиль бир тараптын гана жеңишке ээ болуусуна негизделет. Атаандашкан тараптар биринчи кезекте өздөрүнүн жекече кызыкчылыктарын канааттандырууга умтулушат. Бул стилди көп колдонгон б.а. атаандашууну жакшы көргөн адамдар күчтүү эркке ээ, өз кадыр баркына ишенген жана бийликчил болушат. Жакшы көргөн адамыңыз менен атаандаша көрбөңүз. Болгону ортодогу мамиленин бузулушуна гана алып келет. Жетишээрлик бийликке ээ болбогон учурларда дагы колдонууга болбойт. Себеби, сизге караганда чоңураак бийликке ээ болгон адамдар менен атаандашсаңыз, өзүңүздүн аракетиңиздин туура экендигин далилдеп берүү оңой-олтоң нерсе эмес. Анын үстүнө өзүңүзгө дагы зыян келип калышы ыктымал. «Бийлик бар жерде зордук бар» деген сөз жок жерден айтылган эмес.

*Ыңгайланышуу стили.* Бул стиль айрым учурларда конфликттен чыгуунун жападан-жалгыз жолу болуп калат. Алсак, каршы тараптын керектигин канааттандыруу турмуштук чечүүчү

мазмунга ээ болуп калганда же ага «боор ачыган» мезгилдер ж.б. Себеби, сиз бул стилде проблеманын башка биреөнүн пайдасы үчүн чечилишине мүмкүндүк берген болосуз, бирок өз кызыкчылыгын жокко чыгаруу дегенди билдирбейт. Болгону кызыкчылыкты канааттандыруу кийинки мезгилге сүрүлөт.

*Компромисс стили.* Бул стил кайчы пикирди жаратпоо үчүн өз ара жол берүүчүлүккө негизделет. Ушул планда караганыбызда кызматташуу стилине жакындашып кетет. Бирок, бул стилде проблема үстүртөн чечилет же таптакыр эле чечилбеген бойдон калат. Себеби, компромисстик чечимде басым маселени чечүүгө эмес, тараптардын кызыкчылыктарын жарым-жартылай болсо да канааттандырууга жасалат. Компромисстик стиль эки тарап тең бир эле нерсени каалап, бирок экөөнүн тең каалоосун бир мезгилде орундатууга мүмкүн болбой калган кырдаалдарда эффективдүү жыйынтыкты берет б.а. таптакыр куру жалак калгандан көрө аз да болсо бир нерсе алып калайын дегенде колдонулат.

*Качуу стили.* Бул стиль адатта проблемага тараптардын тикеден-тике кызыкчылыгы жок болуп калганда же проблеманы чечүүнү зарыл эмес деп тапкан учурларда колдонулат. Ошондуктан бул стилде эчкандай проблема чечилбейт, болгону кийинкиге калтырылат. Качуу стили каршы тарапта жаңжалкеч, орой, арызчыл адамдар болуп калганда жакшы натыйжа берет.

*Кызматташуу стили.* Бул стиль калган стилдерге караганда эң татаалы болгону менен эң эффективдүүсү деп эсептелет. Анткени, сиз кызматташуу менен оппоненттериңизден өнөктөш шериктерди жаратасыз. Бул албетте, эки тарапка тең пайдалуу. Проблемага мындай мамиле жасоо айрыкча, жекече турмуштагы ийгиликтерге алып келет.

Группалык өзгөчөлүктү аныктоо үчүн төмөнкү таблица толтурулат.

| № | Аты-жөнү | 1-ф | 2-ф | 3-ф | 4-ф | 5-ф |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| … | | | | | | |
| N | | | | | | |
| | *Ариф.орточо* | | | | | |

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

1.Конфликтти жоюнун жолдору жана ыкмалары.

2. Бул ыкманын келечек кесибиңдеги орду.

## Адабияттар


1. Бороздина Г. В. Психология делового общения. - М., 1998.
2. Басова Н. В. Педагогика и практическая психология Ростов-на-Дону 2000.
3. Зимняя И. А. Педагогическая психология. - М., 1998.
4. Иващенко Ф. И. Задачи по общей, возрастной и педагогической психологии. - М., 1985.
5. Зимняя И. А., Малахова В. А. Педагогическое общение как процесс решения коммуникативных задач. - М., 1989.
6. Кан-Калик В. А. Учителю о педагогическом общении. - М., 1987.
7. Карнеги Д. Как вырабатывать уверенность в себе и влиять на других людей, выступая публично. - М., 1990.
8. Леонтьев А. А. Педагогическое общение. - М., 1997.
9. Леонтьев А. А. Психология общение. - М., 1997.
10. Немов Р. С. Психология. Кн.2. - М., 1998.
11. Сонин В. А Психологический практикум. - М., 1998.
12. Талызина Н. Ф. Педагогическая психология. - М., 1998.
13. Цукерман Е. В. Психологические особенности затрудненного общения в условиях совместной деятельности. - М., 1989.
14. Якунин В. А. Педагогическая психология. – Санкт-Петербург 1998.


**9 – сабак.**

**8 - практикалык сабак.**

**Тема.** Педагогикалык ишмердүүлүк. Педагогикалык ишмердүүлүктүн стили. (2 саат)

**Максаты:**

1. Педагогикалык ишмердүүлүктүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн студенттерде калыптандыруу.
2. Азыркы коомдогу педагогикалык ишмердүүлүктү жана мугалимдин личностуна коюлган коомдук талаптарды аныктоо.
3. Педагогикалык ишмердүүлүктүн негизги функцияларына жана ыкмаларына студенттердин көңүлүн буруу.
4. Педагогикалык ишмердүүлүктүн стилдеринин окутуу жана тарбиялоо процессинин натыйжалуулугуна тийгизген таасирин белгилөө.
5. Студенттердин педагогикалык жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо.

**Сабактын жүрүшү.**

**I. Текшерүүчү суроолор.**

1. Азыркы коомдогу педагогикалык ишмердүүлүктүн мааниси.
2. Педагогикалык ишмердүүлүккө психологиялык мүнөздөмө берүү.
3. Педагогикалык ишмердүүлүктүн мотивациясы.
4. Педагогикалык ишмердүүлүктүн борбордук жана мотивациялык карым-катнашы.
5. Педагогикалык ишмердүүлүктүн негизги функциялары.
6. Педагогикалык талаптар жана ыкмалар.

**II. Өз алдынча иштөөгө тапшырмалар.**

**Адабияттарды талдап чыгуу жана конспектилөө.**

1. Маркова А. К. Психология труда учителя. -М., 1993.
2. Под. ред. Ю. В. Ноумкина Психология Педагогика этика. -М., 2002.
3. Столяренко А. М. Психология и педагогика. - М., 2001.
4. Якунин В. А. Педагогическая психология. (Профессионализм и мастерство в педагогической деятельности). -М., 1998.
5. Якунин В. А. Педагогическая психология. (Индивидуально-психологические факторы успешности педагогической деятельности). - М., 1998.
6. Выготский Л. С. Педагогическая психология. -М., 1991.
7. Кузьмина Н. В. Способности, одаренность, талант учителя. -Л., 1985.

**III. Рефераттардын жана докладдардын темалары.**

1. Педагогдун ишмердүүлүгүнө карата чыгармачылык багыт.
2. Педагогикалык ишмердүүлүккө коюлуучу талаптар.
3. Педагогикалык ишмердүүлүктүн стилдери.
4. Педагогдун психологиялык өз алдынча билим алуусун уюштуруу.
5. Педагогикалык өз алдынчалуулукту жөнгө салуунун психологиялык негиздери.
6. Педагогикалык ишмердүүлүктүн психологиялык негизи.

**IV. Психологиялык тапшырмаларды чечүү.**

**1-тапшырма.**

Мектепте окуу-тарбия ишин уюштуруунун негизги формасы болуп сабак эсептелинет. Сабак - бул мугалим жана окуучулардын бириккен коллективдик ишмердүүлүгү, мында окуучулар билимдерин кеңейтишет, дүйнө түшүнүгүн, кыймыл-аракетин,

мамилесин, эмгегин өзүнө ишмердүүлүк субьектиси катары калыптандырат. Сабактын тарбиялык натыйжалуулугу бир гана мугалимден дидактиканын принциптерин ишке ашыруусунан жана окутуунун усулдарына туура багыт жасай алуусунан гана көз каранды эмес экендигин азыркы педагогикалык психология далилдейт. Ошондой эле мугалимдин мектеп окуучуларынын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуусу да чоң мааниге ээ.

Сабакта бир максатка багытталган, мазмундуу жана так уюштурулган окуу ишмердүүлүгү мугалимдин окуучуларды тарбиялоосуна таасирин тийгизүүчү фактор болуп саналат. Ушул факторлорго байланышкан А. Гармоловдун статьясынан келтирилген үзүндүнү окугула жана суроолорго жооп бергиле:

"... Бир жолу мектепте ыйлаган окуучуну көргөнүмдү эстедим. Ыйдын себеби "эки" деген баанын коюлгандыгы болчу. Ошондон кийин программаны өздөштүрө албагандардын үстүнөн иштөөнү баштадым. Анын үстүнө газетадагы макаладан оң бааны натыйжалуу колдонгон мугалимдердин бар экендигин окуганымдан кийин бул маселенин үстүндө иштөө мендеги кызыгууну пайда кылды. Мына ушундай мугалимдер окуучулардын оозеки жана жазуу иштериндеги жоопторунан баарынан мурда жетишкендиктерди издегендиги маалым болду. Бардык балдар ыраазычылык менен даярданышат. Кандайча мындай? "Эки" деген баадан баш тартышканыбы? Бул ойго келбеген нерсе.

Бир жолу окуучулар математика сабагында маселенин жообун таба алышпай аябай убараланышты, ошентсе да эч ишке ашпады. Бир убакта бирөө сөздү бөлдү. Ал жообун эмес, чечилүү жолун көрсөттү.

--- Мына ал! Канатбек! Сен азаматсың! - деп колдоо көрсөтүп, жогору бааны коюп салдым. Ошондон кийин класста көтөрүлгөн колдор:

--- "Мен түшүндүм! Мени сураңыз" - деген окуучулардын шаңдуу кыйкырыктары чыкты. Канатбек өзүн жоготкондой, балдарды ишенимсиз тегерете карап турду. Окуучу ушул минутадан кийин мендеги дагы бир педагогикалык көз карашты пайда болтургандыгын кайдан билди дейсиз. Маселени чече албагандарга койгон ырайымсыз "үчүмдөн" жана "экилерден" окуучулардагы сабакка болгон кызыгууну жок кыла баштаганымды сездим. Сабакта окуучулардын көңүлүн капа кылуучу бааны койгондон көрө ар бирине көңүл буруу керек экендигин байкадым. Мындай аракеттерден кийин окуучулар менен болгон каршылыктын саны азайды жана алардын мүнөздөрү да бир топ өзгөрдү.

Ал эми билимдин обьективдүү баасы кандай болуш керек? Бул жерде да жоопту практика берди. Башталгыч класстын окуучуларына байкоо жүргүздүм. Аларга бардыгы кызык, анан да бардык тарабынан жакшы болгулары келет. Мугалимдин айткан, үйрөткөндөрүн кыйшаюсуз кабыл алууга аракет кылышат. Оң дагы, терс дагы баа алар үчүн мааниге ээ жана курдаштарынын арасында оң бааны алуу - булар үчүн сыймык.

--- Карачы кандай сулуу чекит. Мына эгер "а" тамгасын жазууну үйрөнсөк, баары жайында болот. Үйрөнөбүзбү?

Окуучулар үчүн бир тамганы жазууда беш, он мүнөт да өтө тардык кылат. Балдар негизгиси үйрөнүү керек. Майда ийгиликтен аларда чоң өнүгүү калыптанары бышык. Бул жаңы ийгиликтерге жетишүү алардан көп эмгекти талап кылат.

Ошентсе да эгер биринчи класста чекит жана тамгага көңүл бурулса, жогорку класста балдардын иштериндеги жетишкендиктерди издөөгө алардын өз алдынчалуулугун баалоого туура келет. Тилекке каршы өтө начар окуган балдар оң баа үчүн аракет кылуусу тышкы жана ички себептерден улам төмөндөгөнү менен белгилүү. "Жогорулатылган баалардан" кийин аларда умтулуу аракеттери пайда болгондугун байкай баштадым. Айлар өттү, бардык класс окуучулары сабакта активдүүлүктү көрсөтө башташты. Ар бири кыймылга келип үйрөнүүгө аракеттеништи. Ошентип акырындык менен сабакта биздин ишмердүүлүгүбүздүн мааниси өзгөрө баштады. Мен - мугалим жана менин окуучуларым бир бүтүндүккө бириктик. Эми жалпы себеп, жалпы камкордук жана кубанычтар пайда болду. Албетте, бардыгы өзүнөн өзү боло бербейт. Улуулардан көптү үйрөнүүгө, тажрыйбаларды алмашууга, өздөштүрүүгө туура келет."[1]

**<u>Суроолор:</u>**

1. Жогорудагы макаладан автор мугалимдин ишмердүүлүгүнөн эмнени сезди?
2. Макаланын автору ар бир окуучудагы активдүү өз алдынча окуу иш аракетинин пайда болушуна кандай усулдарды жана ыкмаларды сунуштайт?
3. Мугалим менен окуучулардын бирдиктүү окуу-тарбия процессин уюштуруусундагы педагогикалык карым-катнашка анализ бер.

---

[1] Гармаев А. Этот прекрасный урок. Под ред. А.В. Петровского. –2-е изд., -М.Ю. 1989.

**2-тапшырма.**

Педагогикалык психология окуучулардын окууга болгон талабынын калытануусуна чоң маани берет. Психологиялык изилдөөлөр тактап көрсөткөндөй, окууга болгон кызыгуу жана билимге болгон талап окуучулардагы өз алдынча окуу иш аракетинин пайда болуусуна көмөк көрсөтөт. Бул процесстин жүрүшүндө балада ой жүгүртүүнүн операциялык жана логикалык структурасы пайда болот, анда личностун эрктик-эмоционалдык чөйрөсү куралат, окууга карата оң мамилеси пайда болот, өзүнүн иш аракетиндеги жана жүрүм-турумундагы жетишкендиктерге баа бере баштайт. Окуучунун активдүү өз алдынча окуу ишмердүүлүгү - бул анын интеллектуалдуулугунун, эркинин өнүгүүсүнүн, чындыкты кабыл алуудагы жана таанып - билүүдөгү аң-сезимдүү субьект катары калыптануусунун негизги шарты болуп эсептелинет.

Ушуга байланыштуу мектептердин бириндеги окуу иштери боюнча директордун орун басарынын жазган макаласын кунт коюу менен окуп чыгып, суроолорго жооп бериңиз:

"Мындайча караганда баары эле жөнөкөйдөй туюлат: жогорку окуу жайын каалабайсыңбы - колледжге бар, колледжге баргың келбесе кесиптик лицейлерге тапшыр. Кээ бир балдар үчүн бул нерсе жөнөкөй эле проблемага айланбайт. Анткени кептин баары жалаң "үч" деген баада болуп жатпайбы.

"Үч" деген баа жөнүндө сүйлөшө келсек ал "эки" деген баанын бир тууганы, ошондуктан көпчүлүк учурда ага шектенүү менен карап калышат. Мектеп турмушунда мындай баага себепчи болгон окуялар тез-тез болуп турат. Мисалы көпчүлүк мугалимдер төмөндөгүдөй аңгемелешүүнүн катышуучусу да, күбөсү да болуп жүрүшөт:

--- Майрам Султаналиевна, Болоттун баалары бүтүндөй үч экен, а сиз ага экини да коюпсуз, жолун таап оңдоп койсоңуз кантет?

--- Мейли, мен ойлонуп көрөм Асыл Жороевна, - деп Майрам Султаналиевна убадасын берет, анан акыр аягында ал каалаган баа коюлат. Майрам Султаналиевна менен Асыл Жороевна бири-бирине түшүнүүчүлүк менен жасаган мамилесинин жыйынтыгы жогорураак баанын коюлушуна себепкер болду.

--- Айжан сиздин гана предметиңизден төрт алып калыптыр, калганы бүтүндөй беш экен. Жолун тапсак болоор бекен?...

Майрам Султаналиевна ойлонуп көргөнү убадасын берет, анан Айжан "эң жакшы окуган" окуучу болуп чыга келет.

Албетте мындай окуялар мектеп турмушунда көп кездешет, бирок Асыл Жороевна кесиптешине башкачараак сураныч менен деле кайрылса болмок? Мисалы мындай:

--- Майрам Султаналиевна, Болот жалаң үч деген бааларга окугандыгы көрүнүп турат. Бирок менимче анын физикага болгон кызыгуусунун жогорулагандыгын байкап жүрөм. Балким ага бир аз терендетүүрөк билим берип, колдоп койсок, балким бул баланын тагдырын чечмекпи деп ойлойм?

Мына ушундай кырдаалдар мектептеги көп жылдык жумушунда жолугуп тураары айдан ачык. Анан дагы "жаман баа" жалаң үчкө окугандардын жетишкендигин таптакыр төмөндөтүп салаары да түшүнүктүү. Дагы бир "эң жакшы окуган" окуучунун пайда болуусу мектеп үчүн жакшы нерсе. Ал эми "үчкө окуган" окуучу мугалимдер коллективиндеги иштин мүнөзү үчүн эч кандай деле мааниге ээ эмес.

Эми элестетип көрүңүздөр, "жалаң үчкө" окуган окуучу 8-классты бүтүрүп жатат. 9-класска кабыл алууга каалашпагандыгын айта электе эле мугалимдер ага кандай мамиле кылаарын ачык-айкын эле сезет. Мындан ары кандай билим алат, анын кесиптик багыты кайда барат, баладагы мындай талапты эске албай туруп мектеп менен коштоштуруп коюшат. Өспүрүмдүн алдына тоодой болгон проблема үйүлөт: кайда барам? Токардыкка окусамбы? Кесиптик техникалык окуу жайына барайын десе, физиканы жакшы билиш керек. Майрам Султаналиевна бул предметтен araң дегенде "үч" коюп берген.

Мына ушундан кийин бала жарга такалгандагыдай кырдаалга туш болот: мектепке барайын дейт, каалабайт. Кесиптик техникалык лицейине окугандан коркот, себеби билими начар. Андан кийин бала аргасыздан көчөгө чыгып кетет. Эрксизден ойлонуп каласың: ошон үчүн жашы жете элек кылмышкерлердин, укук бузуучулардын чөйрөсүн көпчүлүк убакта начар окугандар түзөт турбайбы?

Мындан чыгуунун жолу барбы? Эгерде биздин алдыбызда начар окуган окуучу турса, аны кызыктыруу менен "дарылашыбыз" керек. Баарынан мурда класс жетекчи бала кайсы предметке жана эмнеге кызыгаарын аныктоого милдеттүү. Кайсыл предметтен ийгиликке жетише алат? Билимге болгон сүйүүсүн ойготуу, жаңы пайда болуп келе жаткан кызыгууну жандандыруу - мугалимдин түздөн-түз милдети. Мына ушундан кийин гана Майрам Султаналиевна менен Асыл Жороевна жолугушса болот:

--- Менин "жалаң үчкө" окуган окуучумда физикага болгон кызыгуу пайда болгон окшойт. Сизден суранаар элем - аны колдоп, кызыктыруучу тапшырмаларды тез-тез берип турсаңыз. Бул анын

кийинкилигине абдан керек эмеспи". Майрам Султаналиевна жооп берет:

--- Тынчсыздана бербеңиз, баары жайында болот.

Ооба, мынакей, бул деген жөнөкөй эле нерсе. Болгону ушул жөнөкөй нерсенин үстүндө иштөө кыйын. Бул өз кесибинин оорчулугун эмес, кубанычын сезе билген мугалим үчүн тийиштүү экендигин педагогикалык кесип далилдеп келет".

**Суроолор:**

1. Жогорудагы макаланын автору: "Эгерде биздин алдыбызда начар окуган окуучу турса, аны кызыктыруу менен "дарылашыбыз" керек жана "билимге болгон сүйүүсүн ойготуу, жаңы пайда болуп келе жаткан кызыгууну жандандыруу мугалимдин түздөн-түз милдети"- деген аныктамасында кандай психологиялык ойду берүүгө аракеттенген.

2. Окуучуларга коюлган баа обьективдүү болуш үчүн жана алардагы өз алдынчалуулукту пайда кылуу үчүн мугалимден кандай личносттук жана кесиптик сапаттар талап кылынат?

3. Окуучунун өз алдынча окуу ишмердүүлүгү анын личностунун турмуштук позициясындагы психикалык өнүгүүсүнүн жана калыптануусунун негизги шарты экендигин тастыктагыла.

**3-тапшырма.**

Окуучунун окууга болгон кызыкчылыгынын ойгонуусунда кубанычтуу маанайлар, окутуу процессинин уюштурулушу жана түптөлгөн мазмуну, мугалим тарабынан окуучудагы жетишкендиктерди адилеттүү баалоо чоң мааниге ээ болоорун психологдор жана тажрыйбалуу мугалимдер далилдеп келишет.

Ф.Эйсен мугалимдин окуучудагы жетишкендикти туура баалап жана убагында байкай алууга болгон жөндөмдүүлүгүнүн маанисин өзгөчө белгилейт. Мына ушуга байланыштууФ. Эйсендин макаласынан келтирилген үзүндүнү кунт коюу менен окуп чыгып, суроолорго жооп бериңиз.

"... Мектеп турмушу менен жакшы тааныш болгон ар бир жаран, айрыкча тажрыйба жүзүндө башынан өткөргөн мугалимдер баладагы натыйжалуу аракетти пайда кылууда убагында анын аз болсо да жетишкендигин көрө билип, баалап мактап туруу керек экендигин жакшы түшүнүшөт. Мындай педагогикалык жөндөм, шык албетте өз ичине мугалимдин талап кое билүүсүн гана эмес, анын жыйынтыгын текшерип турууну да камтыйт. Жөн гана талапты коюп тим болбостон, окуучу аны аткара алабы, мына ушуга көңүл буруу керек.

Окуучунун окууга болгон кызыгуусунун жана кубанычынын жок болуусу, мектепке бараарда аны болгону жагымсыз окуялар күтүп тургандыгын алдын ала билип, араң кадам таштап бараткандыгы - бул эң кейиштүү көрүнүш экендигин моюнга алышыбыз керек. Ар бир окуучунун личностунун эң күчтүү жактарын таба билүү жана окуучуга ишенүү, ага таяныч болуп берүү ар бир мугалимдин кыйшаюсуз аткаруучу кесиптик милдети. Баланын мойнунда турган окуудагы жетишпестик, ийгиликсиздердин оор жүгүн алып сала албаса, теңтуштарынан артта калып калбасына жардам бербесе - анда мугалим ким өзү?"[1]

**Суроолор:**

1. Автор "Окуунун кубанычы" деген түшүнүктү кандай психологиялык мазмунда түшүндүргөн жана ал окуучунун личносттук касиеттерине, психикалык процесстеринин активдүүлүгүнө кандай таасирин тийгизет?
2. Сиздин оюңузча, окутуу процессинде кубанычтуу маанайлардын пайда болушун кандай факторлор аныктайт?
3. Балдардын окууга болгон кызыгуусун жана окуунун кубанычын сезүүсүн пайда кыла алуу шыгы мугалимдин кесиптик чеберчилигинин негизги элементтеринен экендигин далилдегиле.

### *Психологиялык диспут*
### *"Педагогикалык ишмердүүлүктүн стили"*

Студенттердин көз карашы боюнча эң натыйжалуу деп эсептелинген педагогикалык иш-аракеттин - авторитардык жана демократиялык иш стилдеринин бирөөсүн тандап алып, талкууга сунуш этүү. Студенттер тандап алган иш стилинин тууралыгын далилдеп бериши керек.

<u>Диспуттун традициялык схемасы:</u>

ТЕЗИС - ДАЛИЛ - АКТОО – ЖЫЙЫНТЫК

### *Психологиялык миниатюра*

Студенттерге тапшырма:

Сиздин оюңузча эң натыйжалуу деп эсептелинген педагогикалык иш-аракеттин стилин тандап алыңыз. Ушул стил аркылуу мугалимдин личностун көркөм чагылдырган педагогикалык кырдаалды түзүңүз.

---

[1] Эсен Н.П. Соотворение радости. Известия. –1985.

### *Мугалимдин окуу-дисциплинардык багытын же окуучулар менен болгон өз ара карым-катнашынын личносттук моделинин диагностикасы*

Бардык педагогикалык ишмердүүлүккө катышкан адамдарда өз ара аракеттенүү жүрөт: окутуучулар менен студенттердин, мугалимдер менен окуучулардын ортосунда.

Педагогикалык өз ара аракетке келүү - педагог менен окуучулардын личносттук деңгээлинин жана өнүгүүсүнүн пайда болушундагы өз ара ички кыймыл-аракеттин жөнгө салынуусу менен аныкталат.

Педагогикалык ишмердүүлүктө педагогикалык өз ара аракеттенүүнүн 3 типтүү моделин бөлүп көрсөтүлөт: окуу-дисциплинардык, личносттук-ориентациялык жана либералдык.

Өз ара аркеттенүүнүн окуу-дисциплинардык модели окуучунун ролунун пассивдүү экендигин көрсөтөт. Мында окуучулар каалоосуна, кызыгуусуна жараша эмес, мугалим эмнени айтса, ошону гана өздөштүрүүгө милдеттүү болушат. Өз ара аракеттенишүүгө катышкан эки тараптын ортосундагы карама-каршылык мажбурлоо жолу менен чечилет.

Педагогикалык өз ара аракеттенишүүнүн личносттук-ориентациялык модели педагог менен окуучунун ортосундагы тең укуктуу иш-аракеттин жүрүшүн аныктайт. Пайда болгон карама-каршылыктар кызматташтыктын жолу аркылуу чечилет.

Педагогикалык өз ара аркеттенишүүнүн либералдык модели эркин тарбия берүүнүн теориясына негизделет.

**Инструкция:** Сиздердин алдыңыздарда окутуу жана тарбиялоо процессине тийиштүү болгон ой-пикирлердин бир канча катарлары берилген. Эгерде бул айтылган ойлорго толугу менен кошулсаңыз "4", макул менен макул эместиктин ортосунда калсаңыз "3" деген упайларды коесуз. Эгерде көбүрөөк макул эмес болсоңуз "2" упай жана толугу менен макул эмесмин дегенге "1" упай чегересиз.

1. Мугалим - окуу жана тарбия иштерин уюштуруучу башкы фигура, ошондуктан ага окуу-тарбия иштеринин ийгиликтүүлүгү жана натыйжалуулугу көз каранды...
2. Демилгелүү жана активдүү окуучуга караганда, айтканды айткандай аткарып турган окуучу менен иштешүү бир кыйла жеңил...
3. Көпчүлүк ата-энелер балдарын тарбиялоону билишпейт...

4. Мугалимдин чыгармачылдыгы - бул анын өзүмдүк гана каалоосу, калган бүт иш-аракети толугу менен регламенттештирилген (убакытка бөлүнгөн).
5. Сабакта өзүң бирдемкени ойлоп таап өткөнгө караганда, даяр методикалык сунуштамаларды колдонгонуң оң...
6. Мектептеги ишиңдин ийгилиги балдарга өзүңдүн личностуңдун кандайлыгын көрсөтө алууңда эмес, окутуунун технологиясын мыкты өздөштүргөнүңө жараша болот...
7. Бала ылай сымал, кааласаң андан эмнелерди гана жасоого болбойт...
8. Администрациянын көрсөтмөлөрүн так аткар, мына ошондо гана сенин мугалимдик кесибиңдин убаракерчилиги азаят...
9. Катуу тартип - окутуу жана тарбиялоону ийгилиги...
10. Мектеп билим, үй-бүлө тарбия берүүсү керек...
11. "Жетишкендиги", "тартиби", "сырткы көрүнүшү" сыяктуу түшүнүктөрдү колдонуу менен окуучуга толук жана так мүнөздөмө берип коюуга болот...
12. Жазалоо - чара көрүүнүн жакшы жолу эмес, бирок аны колдонуу керек...
13. Ким жакшы окуса, ошол жакшы окуучу...
14. Мектепте жөндөмдүү балдарга караганда, билими тайкы, жөндөмсүз балдар көбүрөөк учурайт...
15. Катуу талап кое билген мугалим талап кое албаган мугалимге караганда алда канча жогору...
16. Балдарга жумшак мамиле кылуунун зарылчылыгы жок, болбосо мойнуңа отуруп алышат...
17. Мектепте балдар кыздарга караганда көп көзөмөлдү талап кылышат...
18. Окуучулардын педагогдун койгон талаптарына гана дал келген демилгесин колдоо керек...
19. Балдарды көзөмөлдөп, текшерип турган мугалимди гана жакшы мугалим деп эсептөөгө болот...
20. Окуучулардын жекече өзгөчөлүгүн дайыма эске алып туруу керек...
21. Баланы тарбиялоодогу негизги жүктү мектеп эмес, үй-бүлө көтөрүшү керек...
22. Эгерде бала "тартипсиз"балдар менен достошсо, каалайсыңбы-каалабайсыңбы ал тигилерден да тартипсиз болот...
23. Окуучунун бир гана милдети - жакшы окуусу керек...
24. Окуучуну мактай бергенден көрө, жазалап туруу деле артыкбаштык кылбайт...
25. Менимче, ата-энелер мектепке талапты көп коюшат...

26. Конфликттик кырдаалдарда мугалимдин айтканы окуучунун айтканына караганда көбүрөөк туура болот...
27.Мугалимдин негизги милдети - окуу программасынын талаптарын реализациялоо...
28. Ата-энеси кандай болсо, балдары да ошондой...
29. Мугалимдин сөзү - бала үчүн мыйзам...
30. "Эки" - терс баа гана эмес, тарбиялоонун каражаты да болот...

**Жыйынтыкты текшерүү:**

*101 упай* жана андан жогоркулар - окуучуларга карата өз ара аракеттенүүнүн окуу-дисциплинардык моделин колдонот.

*91-100 упай* - окуу-дисциплинардык моделге жакындашып багыт алгандар.

*81-90 упай* - өз ара аракеттенүүнүн личносттук багытына жакындашкандар.

*80 балл жана андан төмөнкүлөр* - окуучулар менен өз ара аракетке келүүдө личносттук - ориентациялык моделди тандап алгандар.

Мына ошентип, упайлардын суммасы жогорулаган сайын мугалим окуучулар менен болгон өз ара аркеттенүү процессинде окуу-дисциплинардык моделине жакындашат.

***Педагогикалык ишмердүүлүккө карата профессионалдыктын деңгээлин аныктоо***

Төмөндөгү сунуштала турган тесттер студенттердин педагогикалык ишмердүүлүккө карата болгон профессионалдык деңгээлин аныктайт. Жумуштагы убактымды туура пайдалана аламынбы жана ийгиликке жетүүгө жөндөмдүүмүнбү? – деген сыяктуу суроолорго жооп алышына мүмкүндүк берет.

**Тест "Сиз өз ишиңиздин үстүндө кандай иштейсиз?"**

Ар бир жоопко коюлган упайлар:

Эч качан - 0
Кээде - 1
Тез-тез - 2
Дайыма - 3

1. Ар күнү жумуш күнүмдү пландаштырып алуу үчүн убакыт бөлүп коем.
2. Алдыма коюлган тапшырмаларды аткаруу үчүн убактысына чейин белгилеп, жазып алам.

3. Ар бир официалдуу документти бир гана жана акыркы жолу толтуруп чыгам.
4. Ар күнү алдымда турган жумуштарымды аткаруу үчүн тизме түзөм, айрыкча аткарууга зарыл болгондорун биринчи кезекке жазам.
5. Мен өзүмдүн жумуш күнүмдү мүмкүнчүлүгүмө жараша пайдасыз телефондук сүйлөшүүлөрдөн, пландаштырылбаган жолугушуулардан жана күтүүсүздөн чакырылган жыйналыштардан арылтууга аракет кылам.
6. Күндөлүк иш жүктөрдү жумушка жарамдуулугума жараша график түзүп алуу менен аткарам.
7. Менин ар бир пландаштырылган жумуштарымдын арасында актуалдуу проблемаларды чечүү үчүн атайын убакыт бөлүнгөн.
8. Башкалар пайдасыз жумуштар үчүн убактымды ала башташса, аларга бош эместигимди айтып "жок" деп жооп берип коюшум да мүмкүн, анткени зарыл жумуштарды аткаруу мен үчүн биринчи орунда турат.

Эгерде сиз упайларды суммалап топтосоңуз, анда төмөнкүдөй жыйынтыкка ээ болдум деп эсептей бериңиз:

*1-15 упай* - Адатта сиз убактыңызды пландаштырбайсыз, жумуш күнүңүз тышкы кырдаалдарга жараша өзгөрүп турат. Алдыңызга койгон кээ бир максаттарыңызды аткаруу үчүн кээде гана тизме түзүп иштеп каласыз.

*16-20 упай* - Сиз убактыңызды туура бөлүштүрүүгө аракеттенесиз, бирок дайыма эле ийгиликке жетүү үчүн кылдаттык менен мамиле кыла бербейсиз.

*21-25 упай* - Сиздеги үнөмчүлдүк жакшы деңгээлде. Убактыңызды туура пайдаланууга аракет кыласыз.

*26-30 упай* - Сиз ар бир адамга үлгү болоорлук жүрүм-турумга ээсиз. Убактыңызды рационалдуу пайдаланууну жакшы билесиз. Адамдар менен ушул тажрыйбаңызды бөлүшсөңүз жакшы болоор эле.

**Ийгиликке карай умтулууну аныктоочу методикалык тест**

Бул тест личносттун ийгиликке жетүүгө карай умтулуусунун деңгээлин аныктайт. Ошондой эле иш-аракеттин натыйжалуулугун изилдөөдө колдонсо болот.

*Суроо-жооптордун пункттарынын тизмеси*

____________ № пп _________ Тактоо ____________________

Ачкыч_________

1. Турмушта ийгиликке жетишүү кокустан эмес, сенин кылган аракетиңдин эсеп-кысабына жараша болот деп ойлойм ........................................................................................Ооба.
2. Эң жакшы көргөн жумушумдан айрыла турган болсом, анда мен үчүн жашоонун кызыгы жоголот..........................................Ооба.
3. Мен бардык иште акыркы жыйынтык эмес, аны аткаруу жараянын негизги деп эсептейм.........................................Жок.
4. Менимче адамдар жакындары менен болгон жаман мамилеге караганда, жумуштагы жолу болбостуктан көбүрөөк жапа чегишет........................................................................Жок.
5. Турмушумда жолу болбостукка караганда, ийгиликтерим көбүрөөк болгон..........................................................Ооба.
6. Мага ишкер адамдарга караганда, жөнөкөй адамдар көбүрөөк жагат..................................................................................Ооба.
7. Ар күнү өз үстүнөн иштеп турууну жактырам......................Ооба.
8. Ийгиликтерим жөнүндө ойлогонумда сактык чараларды колдонуум керек экендиги жөнүндө унутуп калам................Жок.
9. Мени ата-энем жалкоо бала деп эсептешчү...........................Жок.
10. Жолум болбогонуна өзүм гана күнөөлүүмүн.........................Жок.
11. Мени ата-энем катуу көзөмөлгө алышчу...............................Жок.
12. Жөндөмүмө караганда, токтоолугум көбүрөөк экендигине ишенем......................................................................................Жок.
13. Күмөн санагандыгым эмес менин жалкоолугум каалоолорумду канаатандырууга жолтоо болот..............................................Ооба.
14. Мен өзүмдү ишеничтүү адаммын деп эсептеймин..................Жок.
15. Менин колумда мүмкүнчүлүк жок болуп турса да, ийгиликке жетүү үчүн тобокелге сала алам.............................................Ооба.
16. Мен тырышчаак адам эмесмин....................................................Жок.
17. Бардык нерсе өз жайында болсо менин кайрат күчүм андан бетер ашат.......................................................................................Ооба.
18. Эгерде мен газетада иштегенимде криминалдуу окуяларга караганда, адамдар ойлоп тапкан чыныгы табылгалар жөнүндө көбүрөөк жазмакмын............................................................Ооба.
19. Менин жакындарым менин пландарым менен эсептешишпейт.....................................................................Жок.
20. Жашоого койгон талаптарым, жолдошторумдукуна караганда төмөнүрөөк....................................................................................Ооба.
21. Мен өз максатымдын жолунда туруктуу күрөшө алам.........Ооба.

**Тесттин жыйынтыгы:**

Төмөндөгү берилген таблица жекече баллдарды эсептеп чыгарууга жардам берет. Орточо арифметикалык балл X=5,0 жана орточо квадраттык балл S=2,0 деп белгиленет.

| "С" шкаласы | % | Процентили. | "Так эмес" балл. |
|---|---|---|---|
| 0 | 0,9 | 0,3 | 0-4 |
| 1 | 2,8 | 1,2 | 5-7 |
| 2 | 6,6 | 4,0 | 8 |
| 3 | 12,1 | 10,6 | 9 |
| — 4 | 17,4 | 22,7 | — 10 |
| 5 | 19,8 | 40,1 | 11-12 |
| 6 | 17,4 | 59,9 | 13 |
| 7 | 12,1 | 77,3 | 14 |
| 8 | 6,6 | 89,4 | 15 |
| 9 | 2,8 | 96,0 | 16-17 |
| 10 | 0,9 | 98,8 | 18-23 |

Эгерде изилденүүчү 6 балл алса, анда ага "С" шкаласында турган 1 деген балл чегерилет. Эгерде изилденүүчү 13 балл алса, анда "С" шкаласындагы 6 балл коюлат. Экинчи таблицадагы проценттик бөлүштүрүү да "С" шкаласындагы баллдар үчүн берилген. Үчүнчү таблицадагы - процентили изилденүүчүнүн проценттик баллын көрсөтөт. Мисалы: 5тен төмөн балл алса, 19,8 бүтүндүк процентти менен чагылдырылат.

## Адабияттар


1. Бернс Р. В. Развитие Я-концепции и воспитание. -М.,1996.
2. Басова Н. В. Педагогика ипрактическая психология. Ростов-на-Дону, 2000.
3. Добрович А. Б. Воспитателью о психологии и психогигиене общения: Книга для учителей и родителей. -М., 1987.
4. Зимняя И. А. Педагогическоя психология. -М., 1998.
5. Кузьмина Н. В. Профессионализм деятельности преподавателя. -М.,1989.
6. Маркова А. К. Психология труда учителя. -М., 1993.
7. Маркова А. К. Психология профессионализма. -М., 1996.
8. Маленкова Л. И. Теория и методика воспитания. - М., 2002.
9. Минтина Л. М. Учитель как личность и профессионал. -М., 1994.
10. Столяренко А. М. Психология и педагогика. - М., 2001.
11. Реан А. А. Психология педагогической деятельности. -М., 1994.
12. Рогов Е. И. Личность учителя: теория и практика. -М., 1996.
13. Якунин В. А. Педагогическая психология. -М., 1998.

**10 - сабак.**
**9 - практикалык сабак.**

**Тема.** Педагогикалык коллективди башкаруунун стилдери. (2 саат).

**Максаты.**
1. Педагогикалык коллективди башкаруунун стилдеринин өзгөчөлүктөрүнө токтолуу, башкаруу стилдеринин жетишкен жана жетишпеген жактарын аныктоо.
2. Коллективге, группага таасир этүүнүн психологиялык ыкмаларына студенттердин көңүлүн буруу.
3. Студенттердеги жетектөө навыктарын калыптандыруу.

**Сабактын жүрүшү.**

I. **Текшерүүчү суроолор.**
1. Коллективди башкаруунун стили жана методдору.
2. Коллективдеги эмгекти уюштуруу.
3. Педагогикалык коллективдеги конфликттерди алдын-алуу жана эскертүү.
4. Педагогикалык коллективдеги иш аракеттин натыйжалуулугун көтөрүүнүн жолдору.

**II. Өз алдынча иштерге тапшырмалар.**
**Адабияттарды талдап чыгуу жана конспектилөө.**
1. Аникеева Н. П. Психологический климат в коллективе. -М.,1989.
2. Маленкова Л. И. Теория и методика воспитания. -М.,2002.
3. Шакуров Р. Х., Алишев Б. С. Причины конфликта и пути их преодоления. Вопросы психологии. 1989. №6
4. Возрастная и педагогическая психология. Под.ред. А. В.Петровского. -М., 1970.
5. Якунин В. А. Педагогическая психология. -М.,1998.

III. **Реферат жана докладдар үчүн тапшырмалар.**
1. Педагогикалык коллективди башкаруунун стилдерин жакшыртуунун жолдору.
2. Мугалимдин жана тарбиячынын эмгектик сапатын социалдык-психологиялык жактан стимулдаштыруунун системасы.
3. Педагогикалык коллективдеги личносттор аралык конфликттерди жоюунун жана алдын-алуунун натыйжалуу жолдору.

IV. **Психологиялык маселени чечүү.**

**1 - маселе.**

1-класста "тентек", жогорку класска келгенде "ээнбаш", "зөөкүр" деген атка конгон өспүрүм сабак учурунда чүчкүрүп жиберди. Ачууланган мугалим баланын атайылап чүчкүрбөгөндүгүн билип турса деле сабактан чыгарып жиберди. Андан кийин күтүлбөгөндөй окуя болду.

Партадан тиги балага жанаша отурган, ушул кезге чейин "унчукпас" атка конуп келген классташ кызы ордунан турду да:
-Эжеке, сиз эмне үчүн Акматовду сабактан чыгарып ийдиңиз? Ал атайылап чүчкүргөн эмес, бир канча күндөн бери тумоолоп жаткан болчу.
--- Балким мага дагы эмне кылаарды үйрөтөөрсүң? - деген мугалимдин кекээрлүү үнү угулду. -Ордуңа отур, бирөөгө кийгилишпей.
Бирок кыз ордуна отурбады.
--- Эжеке! Ал тумоолоп калыптыр, ошого чүчкүрдү. Мен чын айтып жатам.
--- Тумоолоп калса, үйүнө барсын, - мугалим кайдыгер гана жооп берип койду.
--- Ал үйүнө кетип калуудан коркот. Эгерде ал кетип калса, сиз аны кийинки сабакка киргизбей коесуз да.? - кыз сөзүнүн тууралыгын далилдөөгө аракеттене баштады.
--- Эмне үчүн сиз Акматовду жаман көрөсүз? Ал баштагыдан өзгөрдү, сиз болсо бул жөнүндө билүүнү каалабайсыз.
Эми гана экинчи жылды иштеп жаткан жаш мугалимдин оюу боюнча, бул нерсе анын кадыр-баркын төмөндөткөнгө барабар болду. Тезинен катуу чара көрсө болбойт деп, танаписте кызды директорго алып келди.

Мектептин директору көп жылдан бери иштеп, балдардын ички дүйнөсүн көрө билген, тажрыйбалуу адам болчу. Тикчийип карап турган кыздын абалын директор бат эле байкады. Мугалимге классыңызга бара бериңиз деди да, кыз менен өзү сүйлөшүп алаарын айтты.

Кирүүгө коңгуроо чалынганда кыз ордуна унчукпастан келип, жай гана отуруп алды да, башка эч нерсе сурабады.

Сабактан кийин директор мугалимдин жанына басып келди.
---Анара Кадыровна мен сизге айтайын дегеним... ал сөзүн баштады.
---Анын ата-энесин чакыруу керек! - Анара Кадыровна директордун сөзүн бөлдү.

---Жок, мен башка жөнүндө айтайын деп жатам. Мен сизге балдарга жакшы тарбия берип жаткандыгыңыз үчүн ыраазычылыгымды билдирейин дегем. Алар чынчыл, ак ниет жана да бири-бирине камкор өсүп жаткандыгынын баарына сиз себепкерсиз. Мен сиздин окуучуңузга жолдошуң кыйынчылыкка кабылганда жан тарткандыгың үчүн "Азаматсың!" деп баа бердим. Анткени бул сапаттарды сиз калыптандырып, тарбиялап жатпайсызбы? - деп директор Анара Кадыровнанын көзүнө тигиле карап, мыйыгынан какшыктай күлүп койду".

**Суроолор:**

1. Окуучу кыз мугалимдин баланы жазалабоосу үчүн тынчсыздануу менен кандай жетекти өз колуна алды?
2. Мугалимдин жана мектеп директорунун аракеттерине баа бергиле.
3. Окуучунун кыймыл-аракетине жана жүрүм-турумуна туура баа берүү үчүн жана жазалоонун туура чараларын колдонууда мугалим жана мектеп директору кандай личносттук сапаттарга ээ болушу зарыл?
4. Жогорку көрүнүштөн директордун башкаруучулук стилин аныктагыла.
5. Берилген конфликттик кырдаалдардан чыгуунун баалуулугу эмнеде?
6. Мугалимдин сабак берүүсүнө сын тагууну жана курч пикир айтууну туура көрбөгөн мектеп директору кандай психологиялык ыкманы колдонду?
7. Сиз бул кырдаалдан кантип чыкмаксыз?

**2 - маселе.**

Д. Карнеги "Досторду кантип күтүү керек жана адамдарга кандайча таасир калтырса болот" деген китебинде, адамдарды кемсинтпей жана алардагы таарыныч сезимдерди пайда кылбай туруп таасир калтыруунун тогуз эрежесин көрсөткөн.

Алар төмөнкүлөр:

1-эреже: Баарлашуучу адамыңызга мактоо сөздөрүңүздү айтуудан качпаңыз жана анын кадыр-баркын чын дилиңизден көкөлөтүңүз.

2-эреже: Адамдардын кетирген катачылыктарын түз, бетке айтып салбай, кыйыр маанисин колдонуңуз.

3-эреже: Алгач өзүңүздөгү катачылыктар, кемчиликтер жөнүндө сүйлөшүңүз, андан кийин гана баарлашуучуңузга сын пикирлерди айтыңыз.

4-эреже: Баарлашуучуңузга буйрук бергенден көрө, өтүнүч менен кайрылганыңыз оң.

5-эреже: Адамдарга өз кадырын сактап калуусуна мүмкүндүк түзүп бериңиз.
6-эреже: Адамдардын аз да болсо жетишкендигин жактыруу менен кабыл алыңыз жана алардын ар бир ийгилигине чын ниетиңизден куттук айтып туруңуз. Мактоого март болуңуз, баалоо чын жүрөгүңүздөн айтылсын.
7-эреже: Адамдарга ишенүү менен мамиле кылсаңыз, алар сиздин ишеничиңизге кирүүгө далалат кылышат.
8-эреже: Сыйлоодон жана сыйдан качпаңыз. Сиз көрүп турган кемчиликтер оңой гана оңдоло тургандагыдай түр көрсөтүңүз.
9-эреже: Сиздин сунушуңузду адамдар кубануу менен кабыл алаарына аракеттениңиз.

**Суроолор:**

1. Мектептин директору мугалим менен сүйлөшкөндө жогоруда көрсөткүлгөн эрежелердин кайсынысын колдонду? (мындан мурдагы маселени караңыз).
2. Педагогикалык коллективди жетектөөдө көрсөтүлгөн эрежелердин кайсыны пайдалуураак?
3. Бул эрежелер башкаруунун кайсы стилине дал келет?

**3 - маселе.**

Сиздин оюңузча, педагогикалык коллективди башкаруу үчүн кайсы стилди натыйжалуу деп эсептейсиз? Жообуңузду далилдеңиз.

**4 - маселе.**

Педагогикалык коллективди башкаруу үчүн эрежелердин топтомун түзүңүз. Сиздин оюңузча ал эрежелер өз ичине эмнелерди камтышы керек?

V. **Психологиялык тренинг "Мен жетекчимин".**

*Студенттерге тапшырма:*

*1-этап. "Бир пикирдүүлөр".*

Жетекчи кандай болушу керек? Бул суроого жооп берүү үчүн бир канча эрежелерди жазгыла. Өзүңөр түзүп чыккан эрежелердин топтому жазылган баракчаларыңарды "чынжырча" түрүндө айлантып, бири-бириңеоге берип чыккыла. Жолдошторуңардын да түзгөн эрежелерин окугула.

Эрежелериңердеги айтылган ойлор кимдердики менен жакындаштырылган түрдө дал келсе, ошол жолдошуңар менен бир группага бириккиле.

*2-этап. "Лидер".*

Эми, бир группага бириккениңерден кийин, эрежелериңердин жалпы жыйындысын түзгүлө. Андан кийин группадан силердин ой-пикириңерди коргогон жана жалпы жыйынтыкты чыгара алган бир лидерди шайлап алгыла.

*3-этап. "Дебаттар".*

Мына ошентип, оппозициялык группалардын лидерлери келечектеги мектеп директорлугунун ордуна кандидатураларын коюшат да, группа менен биргеликте түзүлгөн эрежелердин жыйынтык топтомун анын платформасын жарыялашат.

*Студенттерге тапшырма*

Силер ар бир кандидаттын платформасын угуп чыгып, аларга карата пайда болгон суроолоруңарды даярдагыла.

*Кандидаттарга тапшырма:*

Эл алдына чыгып сүйлөй турган сөзүңөрдү дыкаттык менен ойлонгула. Таасир этe билүүнүн жана карама-каршы аракеттенүүнүн психологиялык ыкмаларын эсиңерге салгыла.

Бардык кандидаттар сөзгө чыгып сүйлөп бүткөндөн кийин оппоненттер (бири-бириңерге) суроолор менен кайрылууга укугуңар бар. Кандидаттардын сүйлөгөн сөзү, бири-бирине кайрылуусу, суроолорго берген жооптору, өзүн-өзү алып жүрүүсү ар бир группадан түзүлгөн калыстар тобунун өкүлдөрү аркылуу бааланат.

***4-этап. "Мектеп директорун тандоо".***

Комиссиянын эсеби, студенттердин ой-пикирлери, жыйынтык чечим менен мектеп директору тандалат.

**Психологиялык тактика "Каршы аракет - аракетке барабар"**

*1-аракет.* Шериктешиңиз кандайдыр бир маселеге толуктоо киргизүүгө аракет кылат. Каршы аракет катары сиз анын ой-жүгүртүүсүн активдештирүү үчүн ошол маселени толуктоого кандай аргументтерди келтире алаарын сураңыз.

*2-аракет.* Сиздин чечимиңиз жокко чыгарылат.
Каршы аракет катары шериктешиңиздин чечимин дагы угуп көрөсүз.

*3-аракет.* "Бул - чыныгы теория"- деп сизди күнөөлөштү.
Карама-каршы аракет катары сизди күнөөлөп жаткан адам өзү кандай реалдуу максаттарды, жолдорду сунуштай алаарын аныктаңыз.

*4-аракет.* Сизди жөнү жок суроолор менен сөзүңүздү бөлүп жатышат. Карама-каршы аракет катары, анын бул проблемага кандай тиешеси бар экенин сураңыз.

*5-аракет.* Сиздин алдыңызга бир канча талаптарды коюп жатышат. Өзүңүздүн чечимиңизди карап көрүп, каршы аракет катары алардын талаптарын кандайча канаатандыра аласыз?

*6-аракет.* Өзүңүздүн оппонентиңизге карама-каршы аракет катары бул айтылган ой-пикирге түшүнбөгөнүңүздү билдириңиз.

### *Дебат учурунда тыюу салынуучу ыкмалар*

МҮМКҮН ЭМЕС:

- Атаандышыңыздын сөзүн бөлүүгө;
- Анын личностун төмөн баалоого;
- Өзүңүздүн жана каршылашыңыздын айырмачылыгын баса көрсүтүүгө;
- Сүйлөшүүнүн, аңгемелешүүнүн темпине курч бурулуш жасоого;
- Жакындашуудан качууга жана атаандашыңыздын бет жүзүнө карабай коюуга;
- Атаандашыңыздын эмоционалдуулугуна көңүл бурбай маселени рационалдуу талкуулоого;

### *Студенттердеги жетекчилик навыктарды калыптандыруу*

### Сиз кандай жетекчисиз?



Жетекчиге жумушунда кетирген катачылыктарды жоюуга, аны кыйнаган суроолоруна жооп табуусуна көптөгөн колдонмолор, китептер жарык көргөн. Ошентсе да бардык эле берилген кеңештер, сунуштар реалдуу жардам бере албайт. Ал үчүн эң алгач төмөнкү маселенин үстүндө ойлонуп алуу зарыл: Сиз жетекчи болууга жөндөмдүүсүзбү? "Бардык эле тажрыйбалуу адис жетекчи болууга жөндөмдүү эмеспи?" - деген суроону беришиңиз мүмкүн. Тилеке каршы, жок. Жетекчи - бул жөн эле милдеттердин ар түрдүүлүгүнө кабылып, аны аткара билүү эле эмес, ал өзүнчө бир кесип. Ар бир кесиптин белгилүү деңгээлде өзгөчөлүгү болгон сыяктуу, жетекчилик стилдин да өзгөчө мүнөзү бар. Бул жөнөкөй чындыкка таң калбаңыз. Анткени мекеме ишкананын кызматкерлери, катардагы жумушчулар, ал турсун жетекчинин өзү үчүн да жетекчиликтин баасы кымбатка турат. Кээде мындай болуп калышы ыктымал: адис жетекчилик кызматка дал келген бардык сапаттарга ээ болот, бирок ишти эмнеден баштаарын билбейт. Иши оңунан чыкпай калып, катачылыктарды кетиргенден кийин көптөгөн проблемаларга дуушар болот. Ошондуктан ишин жаңы баштаган жетекчи-адис жетекчи болууга даярбы же жокбу, эң негизгиси ушул суроонун тегерегинде көп ойлонуусу зарыл.

Бул үчүн атайын адистештирилген консультациялык психологиялык борборлор түзүлсө жакшы болмок. Анткени алар жаңы кызматка келчү адистин алдына койгон маселелери, аларды чечүүнүн жолдору, милдеттери менен жакшы таанышып чыгышкандан кийин биротоло бул кызматка баруу керекпи же жокпу аныктап беришмек. Жетекчи - адис үчүн репутациясын тобокелге салып, артка кылчактабастан, өз күчүн сынап көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлмөк. Тилекке каршы, азыр мындай мүмкүнчүлүктөр чанда кездешет.

Бул маселени чечүү үчүн ишеничтүүрөөк каражаттардын бири катары психологдор тарабынан түзүлгөн атайын тест жардамга келе алат. Сиз жетекчи болууга даярсызбы? Анда келиңиз төмөнкү берилген суроолорго "Ооба" же "Жок" деп жооп берүүңүз керек.

1. Чечимдердин типтүү схемасын колдонбой туруп, башкаруучулук милдеттерди колго ала аласызбы?
2. Азыркы кездеги кызмат абалыңыздан төмөн кызматта иштеген учуруңуздагы башкаруу ыкмаларынан баш тартуу сизге кыйынчылык туудурбайбы?
3. Сиз кызмат ордуңуздан жогорулаганыңызда, ага караганда мурдагы ишиңизде эле иштей берүүнү көбүрөөк туура көрөсүзбү?

4. Көпчүлүк шарттарга туура келген башкаруунун универсалдуу стилин иштеп чыгууга аракеттенесизби?
5. Өзүңүздүн кол астыңызда иштегендерге күчтүү, орто жана начар деп так мүнөздөмө бере аласызбы?
6. Кадр проблемасын чечкенде симпатия, антипатиянын чегинен чыгуу сизге жеңилби?
7. Сиз башкаруунун универсалдуу стилин жок деп эсептеп, кырдаалга жараша башкаруунун башка стилдерин айкалыштырып турууну жактырасызбы?
8. Кол астыңызда иштегендерге караганда жогорку жетекчиликтин ортосунда түзүлгөн конфликттен качуу сизге жеңилби?
9. Сиз башкарган бөлүмдө калыптанып калган башкаруунун стереотипин бузгуңуз келеби?
10. Сизден төмөнкү жетекчилик кызматка келүүчү адисиңиздеги жетекчилик сапаттарды бир көрүүдөн кийинки интуицияңыз туура айтып бере алабы?
11. Башкаруунун ийгиликсиз болушун обьективдүү жагымсыз факторлор менен түшүндүрө аласызбы?
12. Жумушуңуздун эффективдүү болушуна убакытыңыздын жетпей жүргөндүгүн моюнга аласызбы?
13. Эгерде обьектилерде (мекеме - ишканаларда б.а. сизге караштуу эмгек тармактарында) тез-тез болууга мүмкүнчүлүгүңүз болсо, анда сиздин жетекчилигиңиздин эффективдүүлүгү жогору болот эле деп эсептейсизби?
14. Кол астыңыздагы адистериңиздин бирдей кызматтык статуска ээ болушуна карабай күчтүүлөрүнө көбүрөөк тапшырма бересизби?

| Суроо-р | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | 1 | 0 | 0 | 0 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 0 | 0 | 2 |
| Жок | 0 | 1 | 1 | 2 | 0 | 0 | 0 | 2 | 0 | 0 | 2 | 1 | 2 | 0 |

***0 – 5ке чейинки упай.*** Сизде жетекчилик жөндөмүңүзгө караганда, адистик жөндөмүңүз жогоруураак. Эгерде сизге башка кызматты, мисалы, башкы инженер, башкы консультант ж.б.у.с. сунушташса эки анжылануунун кажети жок.

***6 - 10го чейинки упай.*** Сизди өтө күчтүү жетекчи деп айтууга болбойт, бирок эгерде коллективиңиздеги жумуштар дурус эле жүрүп жаткан болсо, анда кайра жаңылоо маселелерин колго албай турганыңыз жөн. Кол астыңыздагы адистериңиздин башка коллективге өтүү маселесине да макулдук бербеңиз. Сиз жогорку

жетекчиликтин жана коллектив мүчөлөрүнүн ой пикирлерине көбүрөөк кулак салып, кадрлык жана перспективдүү маселелерге дыкаттык менен көңүл буруңуз. Чечимдерди кабыл алуунун коллективдүү формасын колдонуңуз жана коллективдеги салтты бекемдеп, улантууга аракеттениңиз.

*11 - 15 упайга чейин*. Сиз "жетекчи - уюштуруучу" тибине таандыксыз, болгон күчүңүздү негизги проблемаларды чечүүгө багыттай аласыз. Анын ичинде кадрларды туура тандоо жана жайгаштыруу, маселелерди оптималдуу планда иштеп чыгуу жана чече билүү проблемаларына көбүрөөк көңүл бурасыз. Сиздин артыкчылыгыңыз эмнеде? Негизги жумуштарды артка таштап коюуга мүмкүндүк бербегениңизде, кандай гана болбосун проблемаларды принципиалдуу чечкенге аракет кыла билгениңизде. Сиз жетектеген мекеме-ишканадагы же бөлүмдөгү жумуштар ийгиликтүү жүрөт. Сизге бир гана кеңеш берүү жетет: чечилүүчү маселелерди көз жаздымда калтырбаңыз, орун басарларыңызга жүктөгөн жумуштарыңыздын аткарылышын көзөмөлгө алып туруңуз.

*16 - 20 упайга чейин.* Сиз артта калып бара жаткан мекеме-ишкананы же бөлүмдү алдыга жылдырууга кудуретиңиз жетет, бирок сизге алдыдагы пайда болгон проблемалар жолтоо болот. Сиз кайра курууга жана жаңылануугa, билимиңизди жогорулатууга аракеттенесиз, ишкер карьераңызды көтөрүүгө багыт ала алгансыз. Башкаруучулукка керектүү жөндөм сапаттарга ээсиз, бирок дайыма эле ишиңиз оңунан чыга бербейт, анткени маселени чечүүгө, баалоого өзгөчө маани бере бербейсиз. Ошондой эле жогорку жетекчилик менен болгон мамиледеги кескиндүүлүгүңүз кедергисин тийгизет.

## Адабияттар


1. Абрамова Г. С. Введение в практическую психологию. - М.,1990.
2. Маленкова Л. И. Теория и методика воспитания. - М., 2002.
3. Гамезо М. В., Герасимова В. С., Горелова П. П. Возрастная психология. - М., 2002.
4. Головаха Е. И., Панина Л. В. Психология человеческого взаимопонимания. - Киров, 1989.
5. Зимняя И. А. Педагогическая психология. - М., 1998.
6. Кричевский Р. Л. Если вы руководитель. - М., 1993.
7. Карнеги Д. Как вырабатывать уверенность в себе и влиять на других людей, выступая публично. - М., 1990.
8. Мельбруда Е. Я. Ты - Мы: психологические возможности улучшения общения. - М., 1986.

9. Немов Р. С. Психология. Кн. 2. - М., 1998.
10. Робер М. А., Тильман Ф. Психология индивида и группы. - М., 1988.
11. Симоненко Ю. А. Искусство разбираться в себе и других. - Л.,1996.
12. Шакуров Р. Х. Социально - психологические проблемы руководства педагогическим коллективом. - М., 1982.

## МАЗМУНУ

1. Кириш сөз……………………………………………………… 3

2. Сабак №1. «Педагогикалык психологиянын предмети, милдеттери жана методдору………………………………… 4

3. Сабак №2. «Окутуу психологиясынын негизги түшүнүктөрү»………………………………………………… 6

3. Сабак №3. «Окуу иш аракети» ……………………………… 9

4. Сабак №4. «Тарбиялоо психологиясынын негизги түшүнүктөрү» ……………………………………………… 13

5. Сабак №5. «Личносттун калыптануусунун психологиялык механизмдери»…………………………………………… 29

6. Сабак №6. «Өнүктүрүүчү окутуунун психологиялык механизмдери»………………………………………………… 42

7. Сабак №7. «Педагогикалык карым-катнаш»…………….. 54

8. Сабак №8. «Педагогикалык карым-катнаш. Педагогикалык карым-катнаштын тренинги»……………………………….. 70

9. Сабак №9. «Педагогикалык ишмердүүлүк. Педагогикалык ишмердүүлүктүн стили» ……………………………….. 84

10. Сабак №10. «Педагогикалык коллективди башкаруунун стилдери»………………………………………………… 98

*Педагогикалык психологиянын*
*практикуму*

(окуу – методикалык колдонмо)

Редакторлор: Архипова Т., Ибрагимова З.

Басууга берилди: 29.11.2004.

Формат: 60x84 1/16
Буйрутма: №46

Көлөмү: 6,9 б.т.
Нускасы: 500 даана.

---

**ОшМУ, "Билим" басма борбору**
Ош ш., Ленин к., 331, каб.135., тел.: 7.20.61

880939